С(Кир)7-4
Б 90

Дилдара БУЛАРКИЕВА

# Залкарлар



ВОЗВРАТИТЕ КНИГУ НЕ ПОЗЖЕ
обозначенного срока

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

С(Кирг)7-4
Б90

**Дилдара Буларкиева**

# *Залкарлар*

R 25

107594

Бишкек - 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Б 90

Буларкиева Дилдара
Б 90 Залкарлар. *Баян.* – Б.: «Фаст принт», 2016. – 172 б.

ISBN 978–9967–33-160-0

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов жана анын 60-70 - жылдарда жазылган «Бетме-Бет», «Жамийла», «Биринчи муга-лим», «Саманчынын жолу», «Жаныбарым, Гүлсары», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Кызыл алма» аттуу повесттеринин негизинде тартылган кыргыз кинолоруна экинчи өмүр тартуулаган залкар таланттар боюнча тартылган кинолорунда образ жаратышкан, Сабира Күмүшалиева, Даркүл Күйүкова, Сүймөнкүл Чокморов, Таттыбүбү Турсунбаева, бийчи Бүбүсара Бейшеналиева, залкар кинорежиссер Төлөмүш Океев, ырчы Сайра Кийизбаева, окумуштуу Рахат Ачылова, таланттуу кинорежиссер Динара Асанова кыргыз элинин залкар инсандары.

Алардын башынан кечирген ар кандай татаал тагдырлары жана кыргыз элинин маданиятынын, искусствосунун өсүшү үчүн аткарган эмгектери ар бир адамдын, өзгөчө жаштардын патриоттук сезимин ойготот.

Автордун чыгармасындагы залкарлар жөнүндөгү баян окурмандардын калың катмарына сунушталат.

Б 4702300100-16

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978–9967–33-160-0

© Буларкиева Д., 2016.



# Залкарлар - жалпыга таандык

Дүйнөлүк атак-аброю бар, адабиятыбыздын асман тиреген Ала - Тоосу Чыңгыз Айтматов жана замандын залкар кинорежиссеру Төлөмүш Океев тууралуу жазылган эскерүүлөрдү окуп жан дүйнөмдө көп ойлор пайда болду. Андан тышкары Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 60-70 - жылдарда жазылган «Бетме-Бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Жаныбарым, Гүлсары», «Ак кеме»,«Эрте келген турналар»,"Кызыл алма" аттуу повесттеринин негизинде тартылган кыргыз кинолоруна экинчи өмүр тартуулаган залкар таланттар боюнча тартылган кинолорунда образ жаратышкан, кыргыз маданиятынын жана искусствосунун храмын курушкан залкар актёрлор Бакен Кыдыкеева, Сабира Күмүшалиева, Даркүл Күйүкова, Сүймөнкүл Чокморов, Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө окугандарым мага зор таасир берди. Андан тышкары залкар бийчи Бүбүсара Бейшеналиева, залкар ырчы Сайра Кийизбаева, окумуштуу Рахат Ачылова, таланттуу кинорежиссер Динара Асанова жөнүндө да окугандарымды, элден уккандарымды чогултуп баарын тизмектеп кагазга жазып аракеттендим. Алардын башынан кечирген ар кандай татаал тагдырлары ар бир адамдын жашоосуна сабак боло турганын билип интеп жазууга киришип аябай издендим.

Бул жалган дүйнөгө кимдер келип, кимдер кетпеген. Калкка кадыры өтүп, эмгеги сиңген адамдар элдин эсинде калат, бирок «өлүү кадырын тирүү сыйлабаса», анда тирүүлөрдүн деле адамдык кунарына шек кетет.

Ар замандын өзүнүн атактуу адамдары бар. Алар - өз мезгилинин залкарлары. Көзү өтсө да көңүлдөн кетпеген залкар адамдардын аткарган иштери, басып өткөн жолдору кийинки муундар үчүн сабак. Шум ажал арабыздан кыйла даанышман, даңазалуу адамдарыбызды шыпырып кетти.

Залкарларды кийинки кезде эскерүүлөр аз болууда. Ал тургай айрымдарынын аттары арабыздан унутулуп бара жатат. Жазмыш тагдыры ушундай, адамзатты ажалдан алып калуу колдон келгис нерсе, бирок алардын элге жасаган эмгегин, мурасын муундан муунга сактоо тирүүлөрдүн адамдык парзы. Жакшылар - жалпыга таандык. Көзү өткөн залкарларды эскерүү ар бирибиздин парзыбыз. Көзү өткөн мыкты инсандарыбыз абдан көп. Бул китепке баарын жазууга эч мүмкүнчүлүгүм жетпейт экен. Ошондуктан дараметимдин жетишинче жазып калтырууга аракет жазадым. Анткени залкарлардын жашап өткөн өмүрлөрү азыркы өсүп келе жатышкан жаш муундарга өрнөк. Алардын салып кеткен жолун татыктуу улантышыбыз керек!

**Дилдара Буларкиева**
**Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү**

# Чыңгыз Айтматов – түбөлүк тирүү

*«... Мен болгону үйүрүндө учуп бараткан канаттуу кушмун. Мен каркырамын. Караңгы түндө жылдыздарды көздөй учуп баратып өз оюмду ойлоп берем. Кудайга жана адамдарга айтып ыйлай берем. О, адамдар, Жерге этият болгула, ийиниңер жеңилдесин! Силерди, адамдар, кырсыктардан, жалбырттап өчпөй туташкан өрттөрдөн, тыйылбаган кандуу уруштардан, кайрадан оңолуп ордуна келбеген жаман иштерден сактасын...»* **Чыңгыз Айтматов.**







Чыңгыз Айтматов XX кылымдын улуу жазуучусу, маданияттын кенчи жана гуманизмдин жалындуу коргоочусу. Ал дүйнөлүк адабиятка биздин мекенибиз Кыргызстанды алып келип, биздин өлкөбүздүн образын адамзаттын рухий байлыгына айлантып,эң алгачкылардан болуп кыргыз тилин жана өз маданиятыбызды кайра жаратуунун жана маданий баалулуктарды сактап калуунун зарылдыгы жөнүндө бүткүл дүйнөгө жар салды. Көптөгөн өлкөлөрдөгү окурмандар анын жаңы чыгармаларынын жаралышын зор көңүл кою менен байкап турушту. Сынчылар Айтматовду ар түрдүү көркөм системаларды чыгармачылык менен бириктирген, адамды ар кандай социалдык факторлор жана дүйнө тарыхынын агымы менен өз ара байланышта караган жана акыл эс менен жакшылыктын акыры жеңээрине ишенген «контрасттардын сүрөтчүсү» катары кабыл алышты. Чыңгыз Айтматовдун көп кырдуу чыгармачылыгы XX кылымдын социалдык реализмине көсөмдүктү, философиялык кубатты жана психологиялык тереңдикти берүү менен дүйнөлүк прозада жаңы багытты көрсөтө алды. Айтматовко дүйнөлүк атак-даңкты анын дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулган «Жамийла» повести алып келди. 1963 жылы «Тоолордун жана талаалардын повестери» үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон. 60-80 жылдардагы анын «Бетме-бет», «Кызыл жоолук жалжалым», «Биринчи мугалим», «Гүлсарат», «Жээк бойлой жорткон ала дөбөт» жана башка чыгармалары дагы адамды өзүнө тартат. Ал эми «Кылымга созулган бир күн», «Бакталга», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» сыяктуу романдары дүйнөлүк маанидеги маданий окуя болуп калды жана Чыңгыз Айтматовду XX кылымдын аягындагы, XXI кылымдын башындагы залкар жазуучулардын бири катары, руханий турмуштун эң татаал абалдарын сүрөттөй алуу касиетине ээ болгон жаңы типтеги сүреткер катары көрсөттү. Сөз устаты күндөлүк чындыкка тикке караган жана өзү жаратып жаткан маселелерге өтө кунт кою менен кызыккан.

Айтматовдун чыгармаларында улуттук колорит, азыр-

кы замандын актуалдуу маселелери, турмуштун руханий жана адеп-ахлактык жактары, чындыкка жана акыйкаттыкка болгон талап, ар намысты, кайраттуулукту жана гумандуулукту ойготууга болгон аракет ачык-айкын берилген. Анын орус тилин терең билгендиги окурмандардын кең аудиториясына гана алып келбестен, Айтматовду орус классиктеринин катарына койгон.



Кыргыз элин, жерин Ааламга таанытууда Айтматовдун эмгеги эбегейсиз. Чыңгыз Айтматов - биздин **XX-XXI кылымда** чагылган сыяктуу бир жарк эткен, Ала Тоонун чакан айылынан ааламга нуру чачыраган улуу жазуучу. Кыргыз эли эл болуп жашап турганда **Чыңгыз Айтматовдун** аты ар дайым элдин жүрөгүндө сакталып жашай берет.Ал биз үчүн түбөлүк тирүү.



**Чыңгыз Айтматов** – кыргыз элине эбегейсиз зор байлыгын таштап кетти. Дүйнөдөн өткөнүнө 7







жыл болсо да ал биздин арабызда. Ал тынымсыз эмгеги, зор таланты менен кыргыз элин дүйнө элдерине тааныта алды. Анын калеминен жаралган прозалык, публицистикалык жана драмалык чыгармаларга дүйнө эли суктанып окушуп кыргыз элин таанып билишти. Жазган чыгармалары кыргыз адабиятын бийиктиктерге көтөрдү.

Чыңгыз Айтматовдун адабиятка болгон ышкысы 50-жылдарда Бишкектеги айылчарба институтунда окуп жүргөндө эле ойгонуп, мазмуну жана формасы жагынан да айырмаланган бир канчалаган аңгемелерди жазган. Чыңгыз Айтматовго дүйнөлүк кадыр-барк алып келген, анын новаторлук калеминен жаралган 60–70 – жылдарда жазылган «Бетме-Бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Жаныбарым, Гүлсары», «Ак кеме», «Эрте келген турналар» аттуу повесттери болду. Кийинки мезгилде жазуучу роман жанрынын үстүндө ийгиликтүү эмгектенип, «Кылым карыткан бир күн» (1980), «Кыямат» (1986) жана «Кассандра тамгасы» (1995) аттуу чыгармаларды жарыялады. Анын чыгармачылыгына коомдун орчундуу саясий, социалдык жана нравалык проблемаларынын курч коюлушу, интеллектуалдуулук, жалпы адамзаттык маселелердин философиялык өнүттө чечилиши, адам баласынын жан дүйнөсүн ичкериден психологиялык талдоолордон өткөрүшү жана жалпылоосу мүнөздүү.

***

Айтматов Чыңгыз Төрөкулович (1928-2008) - кыргыз жана орус тилдеринде жазган советтик жана пост-советтик жазуучусу, Кыргыз ССРнин эл жазуучусу (1974), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Кыргыз Эл Баатыры.

Айтматов Чыңгыз Төрөкулович 1928-жылы 12-декабрда азыркы Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Кара-Буура районундагы Шекер айылында мамлекеттик кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.



Атасы Төрөкул Айтматов адегенде 1927-жылдан тартып, 1932-жылга чейин большевиктер партиясынын Жалал-Абад кантонунун биринчи катчысы, андан соң Кыргыз обкомунун катчысы болуп иштеген. Эл ичинде кадыр-барктуу, көрүнүктүү адамдардан болгон. Андан соң Төрөкул ата 1937-жылы репрессияланып, 1938-жылы жазыксыз жерден «пантүркист» катары атылып кеткен. Апасы, Нагима Хамзаевна Айтматова - теги боюнча караколдук татар. Жергиликтүү театрда актриса болгон. Билимдүү, эл оозуна алынган, акылдуу аялдардан болгон. Анын атасы Хамза Каракол шаарындагы бай жана интеллектуал татарлардан болгон. 1942-жылы II Дүйнөлүк согуштун кесепетинен Чыңгыз Айтматовго мектепти убактылуу таштоого туура келет. Ал убакта Айтматов 14 жашта эле. Шекер эли аны кат-сабаттуу болгондуктан айыл өкмөтүнүн катчысы кылып шайлап коёт. Ошол кезде жаштардын арасында кирилче кат тааныган улан-кыздар саналуу гана эле (калгандары кыргыздын арапча же латынча жазмаларын билишкен).

Жаш Чыңгыздын башына кыйынчылыктар түшөт. Бирок ал баарына чыдамкайлык менен туруштук бере алган. Андан кийин ошол эле согуш жылдарында райондук салык чогултуучу болуп иштейт. Айыл калкынан салык чогултат. Бирок согуш маалында ага салык чогултуу оңойго турган жок. Бир жылдан кийин, 1944-жылы август айында бул ишин өз эрки менен таштайт да, тракторлук бригаданын эсепчиси болуп иштейт.1946-жылы, сегизинчи классты аяктагандан кийин Жамбылдагы зооветеринардык техникумга окууга өтөт. 1948-жылы техникумду мыкты аяктап бүтүргөндөн кийин Кыргыз айыл-чарба институтуна окууга кирет. Аны дагы 1953-жылы мыкты аяктайт.1990-жылдардан баштап СССРдин жана Кыргыз Республикасынын дипломатиялык миссияларын башкарган.





2008-жылы октябрь айларында 80 жылдыгына карата Улуттук Компьютердик гимназиясына келген.2008-жылы 16-майда Татарстанда сапарда жүргөн чагында бөйрөгүнүн



иштебей калганына байланыштуу жазуучуну Германиянын Нюренберг шаарынын ооруканаларынын бирине жеткиришет. Ал жакта 2008-жылдын 10-июнунда пневмония оорусунун кесепетинен жазуучу көз жумду. 2011-жылдын 30-августунда Бишкектин борборундагы Ала-Тоо аянтынын түштүк тарабына Чыңгыз Айтматовдун айкели тургузулду. Бийиктиги 3 метр болгон айкел Орусияда колодон жасалган.

Улуу жазуучунун уулу Элдар менен кызы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурдагы депутаты Ширин атасынын китептерин чыгарышып кыргыз журтчулугуна тартуулап элди кубантып жүрүшкөнүн айтып кетсек ашыкча болбос.



## Сыйлыктары

● 1958 - «Эмгектеги артыкчылыгы» медалы менен сыйланган.

● 1962 - «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган.

● 1963 - «Повести гор и степей» деген китеби үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон.

● 1967 - «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган.

● 1968 (август айында)- Кыргыз ССРинин эл жазуучусу деген ардактуу наам берилген.

● 1968 (ноябрь айында) - «Жаныбарым, Гүлсары» повести үчүн Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

● 1971 - Ленин ордени менен сыйланган.

● 1974 - Н.К.Крупская атындагы медаль менен сыйланган.

● 1975 - «Манас атанын ак кар,көк музу» очерки үчүн «Огонек» журналынын сыйлыгы ыйгарылган.

● 1976 - «Эрте келген турналар» аттуу повести үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

● 1977 - «Ак кеме» повести жана ал боюнча жазылган көркөм фильмдин сценарийи үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

● 1978 - Ленин ордени жана «Орок жана Балка» алтын медалы менен сыйланган; Социалисттик эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

● 1979 - «Эрте келген турналар» жана «Деңиз бойлой жорткон Ала дөбөт» аттуу чыгармаларындагы терең гуманизм жана адам улуулугунун духун ачкандыгы үчүн Италиянын Вольтерра шаарынын көркөм коомчулугу 1-сыйлыгын ыйгарышкан.

● 1980 - Италияда «Эрте келген турналар» жана «Дениз бойлой жорткон Ала дөбөт» чыгармалары үчүн эл аралык «Этрурия» сыйлыгы тапшырылган.

● 1983 - «Кылым карытаар бир күн» романы үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын алган.





● 1984 - «Элдердин достугу» ордени менен сыйланган.

● 1987 (май айында) - Польшадагы балдардын сунушу боюнча ойлонуп табылган «Жылмаюу» ордени ыйгарылган.

# “Кыямат” романы – ааламаттан сактоочу добулбас



Учурда окурман журттун көңүлү китепке бурулбай, көбүнчө интернетке бурулуп калды. Мындай техниканын тез өнүгүшүнүн бир керемет жери, -- ал адамзатка албан кызмат кылган болсо, руханий байлыктын адамгерчилик касиетинин өксөрүшүнө өбөлгө түзүүдө. Китеп окубаган жаштардан мээримдүүлүк, кайрымдуулук алыстагандан алыстай берет. Адам баласынын мындай өзгөрүлүшү өзүн да, өлкөсүн да коргоп жарытпайт. Бул дүйнөдө айлана-чөйрөсү түрткү берген кыянатчылыктан кыямат келип чыгат эмеспи. Ч.Айтматов



өз чыгармаларында адам баласына жакындаган алааматтан
алдын-ала сактануулары керек экендигин айтып, добулба-
сын кагып келди. Анын чыгармалары күчтүү духтагы образ-
дары аркылуу окурмандын дүйнөгө болгон көз карашына
зор таасирин тийгизип, ар убакта кеңешчиси болгон. Мына
ушундай чыгармалардын бири – “Кыямат” романы. Улуу жа-
зуучубуз бул чыгармасында адам дүйнөсү коркунучта тур-
гандыгын жана ал коркунучту адам баласы өз колдору менен
жасап алганы айтылат. Роман бир канча окуяны камтыган
бир нече бөлүктөн турат. Бул окуялар түпкү байланыштар
аркылуу бир түйүнгө келип, акыры кыяматка такалат.

Биринчи окуясында бул жалган дүйнөдө карышкырлардын
өмүр кечирүүсү, алар мекендеген токойлордун өрттөнүшү,
адам баласынан көргөн кордугу, бөлтүрүгүн алдырып жи-
бергендеги кайгысы сүрөттөлүп, бул кылыктары үчүн карыш-
кыр – Акбара чабан Бостондун эки жаштагы баласын койнуна







арта салып, сызып бара жатканда Бостондун мээлеген огу Акбара – карышкырга тийбей, үстүндөгү балага тийип кыямат болот.

Экинчи окуя алыскы тоо арасында Совет доорундагы чабандардын турмушу, чабандардын иштерине жаңычылдык тажрыйбаны кийирүүдө бийлик адамдарынын каршылыгы, алардын догма, үстөмдүк менен иш алып баруусу жазылган. Бир кесиптеги адамдардын бирин-бири көрө албас карама-каршылыгы, жарытып эмгек кылбаганы, арамза-куулук менен бийликтегилерге жагынып, тамак-аш, белек-бечкектери менен жакындап алат эмеспи. Ошолордун бири доңкогой Базарбай бийликтегилер менен коюн-колтук алышып, жандап басып, ак эмгектенген, бийликтегилерге чындыкты бетке айтып, кээ бирине жакпай калган Бостонду баскан-турган жерлеринде жамандап, ишине бут тосуп, колунан келген жамандыгын жасаганга жетишип турат. Бирок, бардык нерсенин ченеми болот тура, кыянатчыл Базарбай Бостондун колунан өлүм таап, окуя кыямат менен аяктайт. Дагы бир окуясы – “Жетинин бири”. Анда Грузиядагы революцияда Совет бийлиги орногон кезде Гурам Джахадзе өзүнче бир армия түзүп, бийликке каршы күрөше баштайт. Совет бийлиги Гурам Джахадзени жок кылуу үчүн тымызын чекист Сандрону жиберишет. Сандро армиянын ичинде жүрө берип далайын кырып жиберет. Акыры алтоо, өзү менен жети эле киши калат. Арасында Гурам Джахадзе тирүү калып, Сандро тапшырманы али аткара элек болот. Жеңилгендер Мекенин таштап, качып бара жаткан болот. Алар өздөрүндө жана душманда-

рында да курман болгондор үчүн Кудайдан кечирим сура-
шат. Мында Ч.Айтматов адам баласы башына кыйынчылык
түшкөндө гана адилет болот деген түшүнүктү берет. Чыгар-
мада Сандро өзүнө берилген тапшырманы аткаруу макса-
тында алтүндө уктап жаткан Гурам Джакадзени, андан кий-
инки бешөөнү да атып, алардын аттарына өздөрүнүкүн да
кошуп бошотуп, айдап жиберип, акыркысы – жетинчиси
болуп өзүн да атып, алты адамдын өмүрүн жок кылганды-
гы үчүн өз өмүрүн да кыйып, кыямат менен аякталат. Мен
ушул окуялардын ичинен өзгөчө жаштарды оп тартып тору-
на түшүрүп жаткан көрүнүштөн сактап, келечегибизди алдын
албасак, элибиздин генофондун кыйроо коркунучуна алып
келе турган окуяны айткым келди.

Улуу жазуучубуздун ушул окуяны кадимки өзү ара-
лашып, көрүп, кошо жүргөндөй сүрөттөп жазганына таң
бересиң. Баңги затын жаңы колдонгондо жаныңды жырга-
тып, көшүлтүп, улам көбөйтүп тарткысы келтиргенин, улам
көбөйтө берсең чүнчүтүп, андан да көбөйтө баштаганда жээ-
ликтирип жиндентип, Кудайыңды таанытпай, кишиге кол са-
луудан да кайра тарттырбай тургандыгын, ал эми көнүп алса
таштай албай, бардыгы бир тең, ал бир тең болгон абалга
тушугуп, ден-соолугу талкаланаарын кейип жазды.

Бул окуяны жазууга себепчи кайсы бир поезддин станция-
сында турганда ага жакын милициянын кабинети жайгашкан
экен. Анда иштеген милиционер Ч. Айтматовду таанып, по-
езд келгенче өзүнүн кабинетинде олтуруп туруусун өтүнгөн.
Чыңгыз Төрекулович кабинетке киреери менен тосулган те-
мир тордун артында олтурушкан жапжаш балдардын нашаа
алып бара жатып поездден кармалышканын жардамга мук-
таж, көздөрү жалдыраган балдарды көрүп, жардам берүүгө
кеч болуп калганына, мындай жанга баткан көйгөйдү кан-
тип жоюу керек? - деген суроо тынчтык бербейт. Ал чыгар-
ма жаратып, наркомания маселесин көтөрүп чыгууну чеч-
кен. Ошентип, Ч.Айтматов наркомания кантип көбөйүп бара
жатканын өзүнчө изилдеп көрүп, нашаа жүгүрткөндөрдү кол-





догондор бийлик бутактарында олтуруп, чөнтөктөрүн кам-
пайтып, алардын киреше булактарынын бири болгондугун,
мындай адаттын зор күчкө ээ болуп баратканын жазган.
Тереңдеп жайылышына биз жашап жаткан коомубуздун ара-
кетсиз-алсыздыгы жазуучуну кейиткен.

"Кыямат" романындагы наркомания окуясын камтыган
бөлүгүнүн баш каарманы Авдий Калистратов диний илим-
билимге ээ болгон, жан дүйнөсү таза адам болгон. Ал тозоку
болгон баңгилик менен алпурушкан жаштар менен өз алдын-
ча күрөш жүргүзүп, аларга түшүндүрүү жолу менен эч май-
нап чыкпасына көзү жетип, алар менен жакындан аралашып,
өз көзү менен көрүп, ийне-жибине чейин иликтеген соң га-
на гезит беттерине жарыялоо жолу менен күрөш жүргүзүүнү
чечкен. Авдийдин бул демилгесин жетекчи кызматкерлер
колдошкон эмес, ошондуктан ал жалгыз күрөшкөн. Себе-
би, жогоруда айтылгандай, ошол кездеги бийликтегилер-
дин өз кызыкчылыгы бол-
гон. Авдий өз өмүрүнүн
коркунучта экенине кара-
бай, өңгөлөрдү сактагы-
сы келген ички дүйнөсү
таза каарман. Ал да акы-
ры кыяматка дуушар бо-
лот. Ошондуктан баңги
колдонгон жаштарыбыз
жазага татыктуу болушса
да жардамыбызды аябай,
кантип да болсо бул оо-
рудан айыктырышыбызга
милдеттүү экенибизди жа-
ны кейип жазган.



Чынында көп жыл-
дан бери бул азапты

өзүбүздөн-өзүбүз жашырып келдик. Менимче, биз үчүн жаштарды эч ким тарбиялап бербейт. Аларды дарылоо, айыктыруу жолун изденишибиз керек. Кийин оңолуп кетээр деген ишеним бул кайдыгерлик, опурталдуу иш. Азыркы мезгилде ачык айтып, ак сүйлөшүүнү аздектөө – учурдун талабы. Баңгичилик оору өлкөбүздө таратылып, жаш жарандарыбызды кучагына алып, куралсыз согуш жүрүп жатат. Канчалаган бейкүнөө үй-бүлө мүчөлөрү тирүүлөй өрттөлүшүп, кенедей кыз баланы мазакташканы, ууру-кескилердин көбөйүшүнүн бир себеби ушул илдеттин айынан болууда.

**Роза Айтматова:**

## Чыңгыз агам жөнүндө эскерүү жазсам деп жүрөм

*Ааламга белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматов тууралуу жазып жатып анын бир тууган карындашы Роза Төрөкуловнанын «Тарыхтын актай барактары» аттуу китеби тууралуу учкай жазгым келди. Анткени бул китепте Айтматовдордун үй-бүлөсү гана тууралуу эмес, ошол кездеги кыргыз элинин тагдыры баяндалат. Китепти окуган адам кыргыз элинин башынан өткөн турмушунан кабар алып, сөзсүз түрдө өзүнчө ойго батат. Кыргыз элинин тарыхындагы кандуу жылдарды, кандуу күндөрдү көз алдыга келтирет. Бул китеп ошонусу менен өтө баалуу. Улуу жазуучунун бир тууган карындашы Роза Төрөкуловна эже бизге төмөнкүлөрдү баяндап берди.*









– Кайсы бир жылдары мен Францияга иштер менен барып, бир француз аялдын үйүндө жашап калдым. Анын үйүндө аябай көп китептери боло турган. Бир күнү карасам жалаң французча, англисче китептер экен, арасынан Анастасия Цветаеванын «Мои воспоминание» деген жалгыз орусча китебин жолуктурдум. Колума алып, ушунчалык кызыгуу менен окуп чыктым. Көрсө, Анастасия атактуу акын Марина Цветаеванын бир тууган эжеси болот экен. Эмнегедир ошол китепке аябай таасирленип калдым. Мен дагы ушундай бир китеп жазсам деп кыялдангам. Анан «Тарыхтын актай барактары» ошол кыялдардын жыйынтыгы болду. Өзүм жазуучу болбогон соң чынында бул китепти баштоо, жазуу оңойго турган жок. Жазаламбы же жазалбаймынбы деп көпкө чейин күмөн санап жүрдүм. Ушундай учурда менин жакшы санаалаш кишилерим, анын ичинде мен сыйлаган улуу адамдарым, жолдошторум мага тирек болушту. Негизинен китептин ар бир бөлүгү эскерүү катары жазылды. Ар бир жолу жазып, кайра ошол окуянын муңуна малынып, жүрөгүм сыздады.

Мен атамдан беш айлык кезимде айрылганмын. Ошондон улам өзүмдүн атам жөнүндө эскерүүлөрүм жок. Апам Нагимадан, эжелерим Карагыз менен Гүлайымдан уккандарым чогулуп, жүрөгүмө жазылып олтуруп, менин эскерүүлөрүмө айланды. Элдин айтымында, биздин чоң атабыз Айтмат бычканды, тиккенди билген, зергер буюмдарды жасай алган, ээр чапкан, комуз жасаган уста киши болуптур. Ал тур-

107594

гай айылда биринчи болуп «Зингер» маркасындагы кийим тиккен машинесин сатып алып, кийим тикчү экен. Айылдаштары «Машинечи Айтмат» дешсе, келиндер «машинечи аке» деп тергешкен. Ал эми атам жөнүндөгү эскерүүлөр көбүнчө сүрөттөрдү көрүп олтурганда башталчу. Анткени, атамдын Чыңгыз, Ильгиз, Люция менен түшкөн сүрөттөрү көп эле. Мени менен түшкөн бир дагы сүрөтү жок. Өзгөчө атам менен апамдын ортосунда бактылуу болуп түшкөн Люсянын сүрөтүн көргөндө тимеле ичим туз куйгандай ачышып кетет десең. Анан апамдан: «Атам эмне үчүн мени менен сүрөткө түшкөн эмес. Эмне, атам мени жаман көрчү беле?» -деп сурачумун. Андайда апам: «Кантип эле сени жаман көрсүн? Тек гана мүмкүнчүлүгү болбой калбадыбы. Болбосо сени менен аябай көп сүрөткө түшмөк»- деп мени соороотуп коёр эле. Атамды утуру сурап, апамдын аябай тынчын алчумун. Тагдырдан экен, апабыздын өмүрүнүн ар кайсы мезгили ар кандай болду. Кээде турмуш аны көкөлөтүп, коомдун эң жогорку деңгээлине жеткизип салса, кээде үстөккө-босток башына түшкөн кайгы куу турмуш менен алыштырып кыйнады. Бирок, кандай гана шартта болбосун, апам өзүн «барга көппөй, жокко чөкпөй» дегендей өзүн таза, ак пейил, кенен адам катары алып жүрө алды. Ак эмгеги менен жашады. Өзүнө мүнөздүү болгон жогорку адамдык сапаттарын эч качан жоготкон жок.

Апам мени санааркап жүрүп төрөйт. Кыз экенимди угуп апам «күйөөм кыз күтүп атты эле» деп аябай сүйүнүптүр. Бирок, ошол эле учурда санааркай берип ооруп калат. Жаңы төрөгөн аялдын балкыган денесин суук чыйрыктырып, эти ысып, эс-учун жоготот. Жөөлүп, көзүнө атам менен алгачкы таанышкан мезгилинен тарта, анын камалып кетип бараткан кино тасмадай тартыла бериптир. Эсине келгенде «өңүм эмес экен, Кудай, өзүң сактай гөр» деп аябай кубанган тура. Менин атымды Чыңгыз коюптур. Атам болсо «Роза деген жакшы ат экен. «Известия» гезитине Розетта деген испаниялык партизан кыз жөнүндө макала чыгыптыр. Карындашың





ошондой баатыр кыздардан болсун. Андыктан атын Розетта коёлу, а күнүмдүк турмушта Роза деп чакыра беребиз» -дептир. Ошентип, мен кичине торолуп калганда абал абдан курчуп, атамдын өтүнүчү менен апам 4 баласын ээрчитип алып Казандан Таласка келет. Атам ошондо балдарын акыркы жолу көрүптүр. 1-декабрда атамды камакка алышат. Ага чейин апама атамдын акыркы каты келген экен. Апам ал катты өмүрү өткөнчө ыйык тумардай сактап жүрдү.

Көп жылдардан кийин түрмөдө атам менен бир камерада жаткан адамга жолуккам. Ал кишинин ысмы Теңирберди Алапаев эле. Тилекке каршы, анын кабары бизге абдан кечигип келди. 1975-жылы күз айларында мен Таласка баргам. Ошол жактан Касида деген аял мени атайын издеп келиптир. «Менин Теңирберди деген агам сиздин атаңыз менен бир камерада олтуруптур. Төкөмдүн балдарына айта турган кебим бар эле» деп силерди издеп аткан. Азыр кургак учук менен ооруп, өлүм алдында жатат. Барып жолугуп койсоңуз жакшы болмок»- деди. Атамдын акыркы көз ирмемдерин билүү үчүн ашыгып, ооруканага бардым. Көрүнүшүнөн чыдамкай, калбаат көрүнгөнү менен жабышкан дарт аны мүлжүп бүтүптүр. Ийнинен араң дем алган киши мени көрүп оор үшкүрүнүп алды. Көпкө дитин сала мени карап: «Көзүң Төрөкулдуку экен. Атаңа окшош турбайсыңбы... Эми өлсөм арман жок. Оо, дүйнөдөн Төкөгө жолуксам жүзүм жарык» – деп энтигип алып сөзүн улантты. «-Менин агам Узакбай Таластын жогору жагындагы «Ак жар» колхозунун төрагасы болчу. Кичине баш көтөрүп келатканда эл душманы деп камап коюшту. Анан мен камалдым. «Сенин агаң өз мекенинин чыккынчысы, кана ал эмне иштерди кылган?»- деп мен өмүрү укпаган нерселер боюнча суракка алышып, тепкилешип, сабашты. Мен да унчукпай көгөрдүм, ошондо чыдамы кеткен тергөөчү мылтыктын кундагы менен бетиме бир чапты. Канча тишим күбүлгөнү эсимде жок, эсимен таныл куладым. Камеранын муздак бетон полунан эсиме келдим. Айланамда сакал-мурутү өскөн, ачка, жүдөгөн 6-7 адам ту-

руптур. Бурчта жалгыз темир керебет. Ыманы ысык бир киши менин бетимдеги канды сүртүп жатыптыр. Тура гой, тууган, керебетке менин ордума жат» деп керебетке жаткырды. Керебетке кезектешип жатышат экен. Ошол күнкү кезек Төрөкулдуку болуптур. Ал мага өз кезегин берди. Ошентип биз жакын болуп кеттик. Түрмөнүн жаздык кабынан кичинекей баштыкча тигип, бетине Чыңгыз, Ильгиз деп, ал эми ылдый жагына Талас деп саймалап жазып коюптур. Бир жолу мени обочорook бөлүп алып минтти: «Жакында биздин тагдыр чечилгени калды көрүнөт. Сен качан бошонуп чыксаң да менин үйбүлөмдү таап, туура эмес соттолгонумду, ак экесабаганыма ишенишсин. Эгерде мени Молдовановкадагы түрмөгө которсо, анда милиционерлер аркылуу самынды суратам. Эгерде Сибирге айдашса, таракты суратам, эгерде тиш шётканы сурасам, Уралга айдалган болом. Мунун баары үй-бүлөмө так маалымат жеткирүүңө жардам берет. Мени кат жазышуу укугунан ажыратып коюшу толук ыктымал», - деди. Төрөкулду алып кетишти, аны эки күн күттүм. Бирок, ал камерага кайрылып келген жок. Мен өзүм дагы көп өтпөй 10 жылга эркимен ажыратылып, Свердлов түрмөсүнө айдалдым. Мөөнөтүм бүткөндө мекениме келүүгө уруксат беришпеди. Сибирдин кулак уккус, көз көргүс жерлеринде жашоого уруксат беришти. Татар кызга үйлөндүм, балдар төрөлдү, бирок, туулган жерге болгон кусалыгым өчпөдү. Хрушевго миң рахмат, туулган жерге кайтуума уруксат берди. Бир жолу ооруканада жатсам, бир бала китеп окуп атыптыр. Карап көрөйүн деп сурадым . Көрсө, ал Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести экен. Мен Төкөнүн уулун тапканыма аябай сүйүндүм. Бирок, Чыңгызга кат жазууга даабадым, чечкиндүүлүк кылалбай койдум,-деп ыйлап жиберди. Атамдын акыркы саатtарында бирге болгон карыяны кучактап мен дагы ыйладым…

«Ак ийилет, бирок, сынбайт» дегенге ишендим. 1991-жыл… «Кайра куруу» жүрүп турган кез. Мезгили келди ок-





шойт деп Бүбүра эже КГБга сталиндик репрессиянын курмандыктары көмүлгөн жерди көрсөтүүгө даяр экендигин билдирет. Ага эч ким көңүл бурбай коёт. Ошондо Бүбүра Кыдыралиева КГБда иштеген Болот Адрахманов деген жигитке жолугуп калат. Алар Чоңташка барып казуу иштерин башташат. Ошондо атамдын айыптоо баракчасы табылбадыбы. Ал 53 жыл бою жер астында кадимкидей сакталыптыр, абага чыкканда үбөлөнүп калат. Ал жерден 137 кишинин сөөгү табылды, дээрлик баарынын баштарынын аркасы тешик экен. Демек, аларды аркасын каратып туруп, башка атышкан. Менин атамды жүрөккө атышкан. Себеби, сол чөнтөгүндөгү каттын ортосу тешик болгон. Айтор, не деген гана азаптуу күндөрдү башыбыздан кечирдик. Ушул окуялар менин жашоомду далай өзгөрттү го. Сөөктөр салынган 137 саркофагды карап алып «Айланайын ата, ушунча жыл издеп жүрүп эми тапканда, бирибиздин үйүбүздөн чыгара албадык, кечирип кой, ата» деп зар какшап ыйладым. 137 саркофагды бир эле мезгилде солдаттар көтөрүп барып чуңкурларга орнотуп, команда менен көмө баштаганы адам чыдагыс көрүнүш эле. Бүткөн боюмду калтырак басып, башым бир саамга караңгылай түштү. Ошол кезде биздин үй-бүлөгө кездешкен бактысыздыктар түккө турбай калды. Мен бизге ушундай турмушту ыроологондордун баарын унутуп, бардыгын кечиргим келип турду…

Апам сабаттуу болгондуктан атамды издеп билген жактардын баарына кат жазган. Бир катына «Төрөкул Айтматов 10 жылга эркинен ажыратылган» деп жооп келген эле. Бирок, 10 жыл өткөндөн кийин дагы атам келген жок.

**Апам Нагима Айтматова Чыңгыз Айтматовдун атактуу болоорун кичинесинен билген.** Айзавари деген көзү ачык: «Улуу балаң атактуу болот. Сени 10 жылдан кийин Шекерден көчүрүп кетет. Турмушуңар оңолот. Күйөөң болсо тирүү, ал сөзсүз келет. Балдарыңды жакшы кара»,-дептир. Кийин анын айткандарынын баары келди, бир гана атам келген жок. Анын келбесин билсе керек. Болгону апамдын жа-

шоодогу үмүтүн үзгүсү келбей, жалган айтып койгонун апам да, биз да убакыт өткөндөн кийин түшүндүк.

**Чыңгыз агам жөнүндө эскерүү жазсам деп ойлонуп жүрөм.**

Жазсам жакшы болмок. Жашым жетимиштен ашып калды. Мезгил өзүнүкүн баары бир алат экен. Чыгынып коём, дегеним, эскерүүмдүн бир бөлүгү даяр. Кудуретим жетип, ушуну колдон чыгарып койсом, жакшы иш кылган болот элем. Бирок, билбейм…

Биздин үйдүн тагдырына байланыштуу Чыңгыз агам бала кезинен эле үй-бүлөнүн түйшүгүн мойнуна алгандай болду. Анктени, 1937-жылы атабыз репрессияланып кеткенде ал сегизден тогузга караган курагы болчу. Анан апам төрт баласын алып Москвадан Шекерге келип, Чыңгыз агам балдардын улуусу катары да үй-бүлөнүн түйшүгүн көтөрөт. Ошол кезден тартып эле бизге кам көрүп, кийин деле биздин тагдырыбыз кандай болот, биз тандап алган жол туурабы, жокпу көз салып турчу эле. Ошол себептүү менин сезимимде Чыңгыз агам ага да, ата да болуп калды. Дайыма апам экөө акылдашып биздин маселелерди чечкенге аракеттенчү. Бала кезде билбейсиң да, ысык-суукка карабай суута түшүп ойной берип кулагыма суук тийип, артына жарага окшош бир нерсе чыгып калды. Ошол кезде биз Жийде деген айылда турчубуз. Ал эми амбулатория Киров районунда, азыркы Кызыл-Адыр айылында эле. Жолдун алыстыгына карабай мени күнүгө ошол жакка алып барып, кулагымы токко кактатып келиши керек болчу. Күлүктөр да жок. Колхоздукун алганга мүмкүн эмес. Ошентип, Чыңгыз менен Илгиз экөө кезектешип жонуна көтөрүп амбулаторияга алып бара турган. Жолдун алыстыгынан ар жерге дем алып, анан барчубуз. Менимче жолдун жарымы болсо керек, бир кудук бар болчу. Ошол жерге дайыма токтоп, апам салып берген нанды жеп, андан ары кетчүбүз. Амбулаторияга алып барып, кулагымы кактатып, башыма жоолукту салып кайра көтөрүп алып келишет эле. Ошондо алар деле "мен





барбайм, көтөрбөйм" деп койсо болмок да. Менимче агалык сезим менен, экинчиден, апамын сөзүн эки кылбай жоопкерчилик менен караган го деп ойлойм. Китепке жакын болчу. Бирок ал кез согуш жылдары, азап көп. Бир жагынан эл душманынын үй-бүлөсү, экинчиден согуштун запкысы. Чындыгында, китеп окуганга деле мүмкүнчүлүк жок болчу. Балдар колхоздун талаасына, үйдүн огородуна иштешет. Ал убакта бир гана Чыңгыз агам эмес, анын тең туш балдарынын бардыгы ушундай жүк көтөргөн. Тагыраак айтканда, мойнуна жоопкерчилик түшпөгөн бала жок болсо керек. Илгиздин айтуусуна караганда, согуш башталганга чейин баяндамаларды жакшы жазып, аны мугалимдер алып башка класстарга үлгү катары көрсөтүп, окуп жүрүшчү. Биздин үйдө деле балдар үчүн китептер болчу. Мен да ошондон окуп үйрөнгөм. Ал эми мен 5-класска жетип калган кезде, анда Чыңгыз агам техникумда окуп жүрсө керек "Сен китепканадан китеп алып оку, азыр эле алып келчи", - деп кийин "эмне болду, окудуңбу" деди, окудум десем "азамат, сен бүгүн чоң иш кылдың. Бул китепти алып барып, дагы башкасын алып келип оку",- деп айткандары эсимде. Анын китеп окуп эле отурганга мүмкүнчүлүгү жок эле. Чыңгыз агам кандай чыгармаларды жазып баштаганын мен да билбейм. Бирок эсимде, үстөлүндө көп эле кол жазмалары бар эле. Көңүлгө да жараша болот окшойт, бирөөнү баштап, аны таштап башкасын баштап койгондору да бар болчу. Менимче, архивинде көп эле баштап, анан бүтпөй калган чыгармалары болсо керек. Бирок алардын идеялары кандай экенин мен билбейм.

Мен китебимди орусча чыгарайын деп ойлогом. Андан кийин китепке бир аз кошумчалайын деп жатам. Чыңгыз агамдын көзү тирүүсүндө ал кишинин биздин жашоого тийгизген таасири жөнүндө ой жүгүртпөптүрмүн. Материалдарды деле жыйнабаптырмын. Азыр эми ар кандай ойлор келип атат, эскерүүлөр болуп атат. Ал китепте ата-энеме тиешеси жок, жалгыз Чыңгыз агам жөнүндө айтылган, жазылган эч нерсе жок. Ошондуктан өзүмдүн эскерүүлөрүм, ойлорум кошулат.

Бир жагынан албетте сыймык, менин ушундай агам бар экенине сыймыктанам. Экинчиден, чоң жоопкерчилик бар. Анткени, бассаң-турсаң залкар жазуучунун карындашы эмне кылып жатат, эмне жасап жатат деп көз салышат. Ошондуктан, атанын жана аганын атын булгабайын деп, алардын деңгээлине татыктуу болууга аракет кылам. Ошол кишилердин образына менин таасирим аркылуу жаман сөз тийип калбаса дейм.

**Жолборс ЖОРОБЕКОВ, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институтунун профессору, саясий илимдеринин доктору:**

# Жүрөктө калган кара так



*Өткөн жылдын аягында Роза эженин (Айтматова Розетта Төрөкуловнанын) «Тарыхтын актай барактары: (Менин эскерүүлөрүм)», орусчасы: «Белые страницы истории: (Мои воспоминания)» – Бишкек, 2013) деген китеби колума тийип калды. Эженин бул китебинин биринчи варианты 2009-жылы жарык көргөн. Бул экинчи басылышы өтө маанилүү архивдик, тарыхый материалдар менен толукталган экен. Мен биринчи басылышты кандай кызыгуу менен окуп чыксам, бул экинчи басылышты да ошондой эле кызыгуу менен бир дем менен окуп чыктым. Анткени дүйнөлүк маанидеги ойчул, жазуучу* **Чыңгыз Айтматовго** *байланыштуу кандай гана маалымат болбосун кыргызстандыктарга гана эмес, бүткүл адамзатка кызыктуу го деп ойлоймун. Анын үстүнө бизге, жердештерине, мекендештерине бул инсандын үй-бүлөсү тууралуу так, тарыхый маалыматтар менен жакындан таанышуу өтө кызык жана зарыл.*





Герменевтика илими (чечмелеп, талдап түшүндүрүү жөнүндө илим) эгерде чыгарманын авторун, анын өмүр баянын, ал жашаган тарыхый эпоханы жакшы билсе, окуучу ал заманга кирип, каармандар менен чогуу жашайт деп эсептейт. Чындыгында эле биз Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы окуяларды башыбыздан кошо кечиребиз. Анткени Роза эженин бул китебин кунт коюп окуган адам ошо эже жазган чоң эне, чоң аталарынын, эжелеринин-агаларынын, тугандарынын, айылдаштарынын портреттеринен Айтматовдун каармандарынын образдарын тапса болот. Ал эми ошол жаныбыздагы эле карапайым адамдардан жалпы адамзаттык проблемаларды жаратып, көркөмдөп жазуу бул жазуучунун интеллектуалдык потенциясы менен жараткан зергердей усталыгынын жемиши. Ушундан улам Чыңгыз Айтматов планетардык деңгээлдеги инсан катарында тарыхта калды. Ошондуктан, башка өлкөлөрдөгү окурмандар бизди, кыргызстан-дыктарды Ч.Айтматов менен улутташ болгондубузга ал жашаган жерде жашаган, ал дем алган абадан дем алган, шартка жараша көзү тирүүсүндө жазуучу менен кээде кезигишип калуу мүмкүнчүлүгү бар бактылуу адамдар деп эсептешет.

Ооба, Ч. Айтматов жөнүндө тээ союздун убагынан бери кыпындай эле материалдар болсо да чогултуп, тагдыр буйруп кээде саламдашып калгандагы, расмий же расмий эмес жагдайларда, той-топурларда учкай кезигип калгандагы таасирлерди тизмелеп жазып жүргөн мен үчүн бул китептен кыя өтүү мүмкүн эмес эле. Ошондуктан окуп чыгып эле мени толкунданткан, ойлонтуп түйшөлткөн маселелердин айрымдарын тезис катарында берүүгө аракет кылдым.

***

Бул дил баян (ушинтсем туура болот го) жети бөлүктөн турат. Биринчи бөлүм «Ата бейит» деп аталып, репрессия доорунда курман болгондордун сөөктөрүнүн табылыш тарыхы, ал процесстин жүрүшү, алардын туугандарынын оор кайгысы айтылат. Ушул окуя китептин негизги өзөгүн түзөт. Автор ошол 1991-жылдын 30-августунда көзү ачык кеткен 138 кыргыздын элита интеллигенттерин, улуттун улуу уулдарын кайрадан жерге берип жаткан кездеги «көздө жаш, көкүрөктө муң», адам баласы чыдай албай турган трагедияны сергек акылдан өткөрөт. Ошол эле учурда «Эмне үчүн мындай болду?... Бул көз жаштар, ондогон жылдар бою өчпөгөн үмүттөр, эми буга ким жооп берет? Ким биздин көксөөбүздү басат?» деген сыяктуу миңдеген суроолорго жооп жок эле. Андан ары автордун ой учугу төмөнкүчө уланат:

Экинчи жагынан кимге кереги бар азыр, кимден өч алабыз? Эми бардыгы өттү-кетти, бардыгы бүттү, болору болуп боёсу канды. Кимдир бирөө атайлап жасады, кимдир бирөө ушактап, жамандап жеткирди, кимдир бирөө өкүм чыгарды, кимдир бирөө аны аткарды... Мындай кара өзгөйлүк иштен кийин алар кандай жашап өтүштү? Ойлонушту бекен ушундай трагедияны жасап жатышканын? Эми булардын бардыгы түккө турбайт. Биздин үй-бүлөнүн көргөн кордугу, кайгы-муңу, канчалаган кыйынчылыктарды баштан кечирдик – мунун баардыгы тарых. Андан ары Роза эже айтат: – Эми эч нерсени өзгөртө албайсың. Бул трагедияны жасаган система жок болду, аны ишке ашыргандардын да сөөгү сөпөт болду... Ал эми алардын урук-тукумдарында эмне айып. Айла жок кечиресиң, жамандыктан пайда жок.

***

Роза эженин китеби менин баамымда көркөм чыгарма эмес. Биз билген классикалык тарыхый-илимий монографиялык эмгекке да окшошпойт. Болбосо толук кандуу автобиографиялык эскермеге да жатпайт ко. Кандайдыр бир ушул жанрлардын бардыгын камтыган, чыныгы жүрөктөн чыккан, жалганы жок, ашыкча көркөмдөлбөгөн, турмушта кандай болсо ошондой көрсөтүлгөн ыманы ысык эмгек. Бул айтылгандарга далил катарында андан тарыхты, этнографияны, канча заман өтсө да жадысынан чыкпаган окуяларды автобиографиялык чыгарманын методикасы менен кандайдыр бир профессионал жазуучуларда кездеше бербеген башкачараак маанай менен айтып бергенинде. Мен өзүм илим жаатында алектенип жүргөнүмө байланыштуу эженин тарыхый материалдарды куруучу «кышты кынап койгондой» кынаштырып, ар бир фактыны, ойду, ал эле эмес, кайсы бир терминдерге чейин шилтеме берип, кайсыл булактардан алганын тастыктап олтурушу дасыккан тарыхчыны элестетет. Ал эми апасы Нагиманын атасы Төрөкулдун үй-бүлөсүн уруктуугандык «жети атасын» изилдеп, алардын туугандык схемаларын түзүшү, аларды чечмелеп түшүндүрүшү, ошондой эле «Айтматтын бутактары» деген бөлүмдөгү «Айымкан чоң эже», «Айымгүл апа», «Каракыз апа», «Гүлайым апа» деген бөлүмчөлөрү кыргыз этнографиясына баалуу материалдар болуп бере алат. Айрыкча кыргыздардын үй-бүлө тарыхын, анын эволюциясын изилдеген окумуштууларга «Левират жана Сарорат» маселесине кызыккандарга табылгыс булак катары кызмат кыла алат. (Кыргыздын чыгаан окумуштуу кыздарынын бири маркум этнограф К. Мамбеталиевадан кийин азыр кыргыз этнографиясынын бул маселелерин изилдеген адам барбы жокпу биле албадым).

***

Китептин башынан аягына чейин кызыл сызык менен өткөн ой, бул «Төрөкулдун үзүлгөнүн улаган, өчкөн отун тутанткан» Нагима апанын образы. Чындыгында эле Ысык-Көлдүн башында Каракол шаарында колунда бар баргер бай, азыркы тил менен айтканда ишкер-бизнесмендин үй-бүлөсүндө туулуп, заманына жараша илим-билим алып,

ошол кездин тили менен айтканда, «Күн тийбес жерде» бөлөлөнүп өсүп, анан бактысына ошол кездеги кыргыздын илим-билимдүү уулдарынын бири Төрөкул Айтматов менен баш кошуп Бишкекте, Жалал-Абадда, Ошто, Москвада бактылуу турмуш кечирет. Кыргызстандын Кыргызстан мамлекети болуп түптөлүшүнө ири салым кошкондордун биринин жары болуу бактысы пешенесине туш келген. Бирок, бул бакыт көпкө узабады, босогодогу 1937-жыл, репрессиянын кара туманы өз кучагына Айтматтын уулу Төрөкулду да алып тынды. Мындан кийинки «көр турмуш» Таластын Шекеринен уланды. Албетте, ошол заманда бардык эле адамдар ачкачылык-жокчулук, кыйынчылык турмуштун запкысын көрдү деңизчи. Бирок Нагима апаныкы өзгөчө эле. Ал чиедей төрт баласы менен жөн эле кыйынчылыкты эмес «Эл душманынын аялы, балдары» катарында корунуп-басынып турмуш кечире баштады. Канчалык азап-тозоктор башынан өтпөсүн, Нагима апа уул-кыздарына, алардын келечегине ишеним жаратып, окуусуна көңүл бөлүп, Төрөкулдун жыгылган туусун кайра көтөрө алды. Бул кишинин, ошол кезде атын укканда «ыйлаган бала сооронгон». Л.Берияга Төрөкулдун эч күнөөсү жоктугун далилдеп жазган каты эле канчалык ички интеллегинин жогору экенин, кат-сабатынын терең экендигин көрсөтөт. Бирок канткен күндө да, ат көтөргүс кыйынчылыктарды башынан кечирсе да бактылуу аял экен, эмгегинин акыбети кайтып уул-кыздарынын бардыгы орун-очок алып, илимдин кандидаты, доктору, академик гана эмес, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында терең из калтырган инсандардан болушту. «Аккан арыктан суу агат» дегендей, тун уулу Чыңгыз Айтматов аалам аңыз кылган пайгамбардай инсан болду. Бу Кыргызстан эле эмес дүйнөнүн алтыдан бир бөлүгүн ээлеген СССР деген чоң империянын президентинин кеңешчиси болду. Дүйнөдөгү атак-даңк, сыйлыктардын дээрлик бардыгын алды. Ошентип, уул-кыздарынын, көптөгөн небере-чөбөрөлөрүнүн курчоосунда апалык-энелик милдетин толук актаган адам катарында тиги дүйнөгө жол





салды. Бирок ошентсе да он гүлүнүн бири ачыла элек жаш кезинде мамлекеттик саясаттын адилетсиздигинен өмүрлүк жубайынан ажырап калышы «Эмне үчүн?» деген жоопсуз суроо ондогон жылдар бою жүрөктү эзип, тарыхтын ак тактары эненин жүрөгүндөгү кара так бойдон өзү менен кошо кете берди.

***

Албетте, эмгекти баштан аяк комментариялап чыгуу менин максатыма кирбейт, анын зарылчылыгы да жок. Китепти окуп чыккан адам жалгыз эле бир үй-бүлөнүн башына түшкөн мүшкүлдү эмес, жалпы адамзатка келген апааттын ызгаарын сезгендей болот. Мындай окуялар кайталанбай, Кыргызстандын калкын кудай өзү колдоп, жараткан өзү жар болсун!

# Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов жөнүндө пикирлер

Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун өмүрүнүн урунттуу учурларын, чыгармачылык менен кездешкен улуу-кичүү замандаштарынын эскерүүлөрүн камтыган эмгек кыргыз тилинде жок. Тагдыр буйруп, бир саам болсо да баарлашып, чогуу даам татышып калган кээ бир чыгармачыл адамдардын Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов жөнүндө айткандары, жазгандары жөнүндө баяндайм.

**Феликс Феодосьевич Кузнецов:**

# Айтматов эбегейсиз чоң эки каада-салтты айкалыштырган

Орусиялык адабият таануучу жана сынчы Феликс Феодосьевич Кузнецов Чыңгыз Айтматов жөнүндө төмөнкүчө баяндап берди:



- Белгилеп айта кетчү нерсе, өзүнүн чыгармачылыгы, дүйнөнү кабылдоосу менен Айтматов эбегейсиз чоң эки каада-салтты айкалыштырган. Бул Кыргызстан аркылуу чагылдырылган Чыгыш жана 19-20-кылымдагы улуу орус адабияты. Ушул биримдик, бир эле маалда кыргызча да, орусча да жаза билүү жөндөмү, жазуучунун чыгармачылыгы менен инсандык сапаты дүйнөлүк жана Ата Мекендик адабиятта кайталангыс экенин далилдеп турат. Бекеринен анын китептери 160 тилге которулган эмес да. Чынында Айтматовдун тагдыры трагедиялуу болгон. Өзүңөр карап көргүлө, ал 30-жылдары талкаланган үй-бүлөдө чоңойду. Атасы камакка алынып атылса, апасы атасынын туулган жерине качып келип, төрт баланы жалгыз багып чоңойтту. Чыңгыз бармактайынан үй-бүлөсү, апасынын жана ини-карындаштарынын тагдыры үчүн жоопкерчиликти моюнга алды. Мына ушундай татаал жолду басып өтсө да ал мүңкүрөп калган жок. Жайдары, жашоону сүйгөн адам болчу. Аны эч ким деле эркелеткен эмес. Өз эмгеги менен баар таап, атак-даңкка жеткен.

Орус адабиятында Айтматовдун орду 20-кылымдын экинчи жарымында биздин адабиятка күргүштөп кирген





күжүрмөн жазуучулардын тобунда. Ал жазуучулар - кыргыз, казак, орус, грузин адабиятынын жүзү болгон. Ошол мезгилде, 30-жылдар тууралуу чындык айтылгандан кийин суурулуп чыккан жазуучулар жараткан адабият укмуштуудай болгон. Ал жазуучулар - Улуу Ата Мекендик согуш жылдары катаал сыноолордон өткөн согуштун балдары. Ата Мекенине чексиз берилген чыныгы патриоттор.

СССРдин кыйрашы коомдо азыркы учурда түзүлгөн абалга алып келди. Бул – мурда болуп көрбөгөн улуттук араздашуу. Ошол кезде жаралган адабият, биринчи кезекте Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук араздашууну жеңип чыгууга жана элдер ортосундагы достук менен түшүнүүчүлүктү калыбына келтирүүгө жардам берет.

**Тендик Аскаров, философия илимдеринин доктору:**

# Улуттук маданиятты дүйнөлүк маданиятка чыгарган жазуучунун чыгармалары болгон



- Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк маданияттагы орду, кошкон салымы зор. Улуттук маданиятты дүйнөлүк маданиятка чыгарган дал ушул жазуучунун чыгармалары болгон. Чыгармаларын Геркемдин чыгармаларын Германияда өзгөчө чоң баа берип окушат экен. Ал жакта бизге окшогон эле үй жайы, иштеген иши жок адамдар

бар экен. Ошолордун бир жерге чогулуп алышып, жабыла «Жамийла» повестин окуп жатышкандарын өз көзүм менен көргөм. Ушуга окшогон мисалдардан эле Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк маданияттагы ордун билсе болот. Бирок Чыкем өзү «Эгерде мен «Жамийланы» ушул курагымда жазсам, таптакыр башкача жазмак экенмин» деп атпайбы. Менимче анын ошол кездеги Жамийласы мыкты болгон

### Кыргыз эл жазуучусу Казат Акматов:

## Бир күн болсо да Айтматов болуп көргөм

- Бир канча жыл мурда Германияга иш сапар менен барып калсам, ошол жакта Кыргызстандын күндөрү өтүп жатыптыр. Ага карата Чыңгыз Айтматовду Брюсселден чакыртып алышты. Ошондо «Дыйкандын ыры» деген кыргыздын



ырын Чыкемдин котормочусу аркылуу окуп беришкенде отургандар ордунан туруп алып кол чабышкан. Көрсө, Чыңгыз Айтматов чет өлкөдө жеке эле дипломатиялык иштерин жүргүзбөстөн кыргыздын маданиятын кошо даңазалап жүрөт экен да. Дагы бир айта кетүүчү жагдай, ошондо белгилүү комузчу Нурак Абдрахманов жазуучунун чыгармасынан жаратылган «Гүлсарат» деген күүсүн чертип бергенде германиялыктар ордунан туруп алып беш мүнөт тынбай кол чабышты. Көрсө, кыргыздарга караганда чет элдиктер комузду жакшы түшүнүп, баалашат экен. Дагы бир жолу Шриланкада боло турган жаш жазуучулардын кеңешмесине мен бара тур-





ган болуп калдым. Ал тараптагылар катыша турган кишинин фамилиясын бергиле дегенинен, мен фамилиямды Акматов десем алар Айтматов деп жазып алышыптыр. Мен Шриланкага учуп барып, самолеттон түшөйүн десем жерге килем салып, окуучулардын баарын тизип коюп, музыка менен тосуп алышты. Мен болсо эч нерсе түшүнбөй эле «Ой тобоо, мени Кыргызстанда да мынчалык урматтачу эмес эле, бул кандайча болуп атат» деп таңкалып койдум. Алар болсо мени салтанаттуу тосуп алышты. Конференция өтүүчү залга кирсем эң төрүнө Чыңгыз Айтматовдун портретин бакыйта илип коюшуптур. Мени болсо төргө отургузуп коюшту. Анан бир маалда котормочумдан эмне болуп жатканын сурасам, ал «Сизди булар Чыңгыз Айтматов деп ойлоп жатышат. Унчукпай эле отура бергиле» дейт. Мен өзүмө сөз келгенде Айтматов эмес Акматов экенимди, бир эле тамгадан айырма бар экенин айтсам, тигилер каткырып күлүп, кол чаап жиберишти. Ошондо мен Чыкемдин дүйнөлүк баркын даана билгем. Ошентип бир күн болсо да Айтматов болуп көргөм.

### Академик Абдылдажан Акматалиев:

## Чыңгыз агай мага толук ишенчү



Чыңгыз агай менен кездешсем деп студенттик мезгилдерде, 70-жылдарда эле эңсеп келгем. Гезит-журнал, телевизордон сүрөттөрүн көргөндө, макалаларын, маектерин жана чыгармаларын окуганда толкундап кетчүмүн. Алгач жолу алыстан, Спорт сарайында "Ак кеме" киносунун бет ачарында көргөм. Кызык, ошол "Ак кеме" киносу жана "Фудзиямадагы кадыр түн" драмасын көрүүгө студенттерди демилге көтөрүп уюштуруп баргам. Бир эмес, үч-төрт жолу көрүүчү болуп залда отургам. Кийин Чыңгыз агайдын чыгармачылыгы жөнүндө дипломдук иш жазып жүргөндө түшүмө көп кирип, түшүмдө сүйлөшүп да жүрдүм. Тагдыр буйруп, 1980-жылдын 1-октябрында илимий конференцияда таанышып калдык. Ал жөнүндө менин "Айтматов жөнүндө этюд" китебимде кеңири айтылган. Окурмандар күндөлүктөн Чыңгыз агайдын турмушу, жашоосу, адамдык касиети жөнүндө маалыматтарды ала алат.

Чыңгыз Айтматов чоң психолог, ал менин адамдык, касиеттеримди көрө билсе керек. Ошол себептен, "Мен сага өзүмө ишенгендей ишенем" деп кат жазган. Чыңгыз агай мага толук ишенчү. Ал эми ишеним - байлыктан да, бийликтен да жогору турат! Чыңгыз Айтматовдун да көп достору, жолдоштору болгон. Бирок, чыгармачылык адам кандайдыр бир бийиктикке чыгып баратса көрө албагандар, ичи тарлар көп болот. Ошол сыңары, Айтматовдун айланасындагы пенделердин жүзү "Жамийла" дүйнөгө дүңгүрөп чыгып, Лениндик сыйлыкты 35 жашында алганда, андан кийин да ачык-айкын көрүнө баштады. Акыры отуруп саналуу гана дос-жолдоштору калган. Досторунан өтүп кеткен маркумдарды айта турайын, азыркыларын айтсам "мен болчумун" дечүлөр четтен чыгат. Алар – Кеңешбек Асаналиев, Шаршен Усубалиев, Сүймөнкул Чокморов, Төлөмүш Океев, Калтай Мухамеджанов, Михаил Ульянов, Фридрих Хитцер, Кайсын Кулиев, Расул Гамзатов, Мустай Карим, Давид Кугультинов ж.б. Айтматов достукту бекем сактаган, сатпаган касиети бар адам болчу. Ошондуктан, мага бул маселе боюнча көп кеңеш берчү. "Гүлсарат" повестиндеги Танабай менен Чоронун достугун мисал келтирчү. "Достор арасында таарынычтар болушу мүмкүн, бирок көралбастык, ичи тардык достуктун келишпес душманы" дечү.





Айтматов жөнүндө ырларды топтоп жүрдүм эле, ошол жыйнакты чыгарсам кандай болот деп түйшөлүп жүрдүм. "Мектеп" басмасына барып, чоңдоруна көрсөтүп, айтып көрсөм эч бир ынабады. Тескерисинче, "Айтматов Сталин болуп кетти беле?!" – деп каарып да алды. Ошондо биринчи жолу ааламга атагы чыккан алп жазуучуга болгон ичкүйдүлүк, көр пенделик, ичи тардык бар экенин байкап, таң калгам. Бирок, дароо эле жаштык курч сезим менен тайманбай "Айтматовго арналган ырларды мен акындардын колдорун кармап жаздырыпмынбы. "Гамзатов, Мустай Карим, Дудин, Шкурло дегендер кыргыз эмес, башка улуттан" – деп, жыйнакты көтөрүп кете бергем. Анан эле Айтматовдун 60 жылдыгына карата даярдык көрө баштаганда дагы арноо ырларды толуктап, Жазуучулар Союзуна сунуш кылдым. Поэзия секциясынын башчысы Сооронбай Жусуев жактырды, жактырмак турсун ыр да жазып берди. Анатай Өмүрканов коомдук башталышта рецензиялады. Китеп 1989-жылы "Ызаат" деген ат менен көркөмдүү кол китеп болуп чыкты. Кийин, Чыңгыз агай кайтыш болгондон кийин, толуктап, 2008-жылы "Айкөлдүгү Манас баба өңдөнүп" деген ат менен көлөмдүү китеп жарык көрдү. Андан бери да топтолуп калды, бирок, каражат жок. Эгер карап көрсөң бир да прозаикке мынчалык көп ыр арналган эмес. Бул дагы Айтматов дүйнөсүнүн поэтикалуулугун билдирет. Жакында бир изденүүчүгө "Айтматовго арналган ырлардын көркөм табияты" деген диссертациялык тема бердим.

Мен билгенден "Китептерине баш сөз жазып берсеңиз" деп кайрылгандар көп эле болгон. Мага тиги, бул кайрылды деп айтып калчу. Кээде китептерди таанышып чыгууга берчү. Мен түз, калыс пикиримди айтчумун, ошондон кийин гана ал китептерди колуна алчу. Каттар өтө эле көп келчү.

Чыңгыз агай окуганга жетишчү эмес. Кээ бир каттар конверттен ачылбай да калчу. Дайыма жыйылып турчу. Дүйнөнүн төрт бурчунан келген каттарды көргөндө окугум келчү. Агай ошону сездиби же байкадыбы бир күнү ирээттеп коюну сураңды. Бир айдан ашык кызыгуу менен окудум. Анан агайга "Кызыктуу пикирлер бар экен, чыгарып койсо жакшы болчудай" – деп сунуш кылдым. "Өзүң бил", – деп кыска жооп берди. Топтоп чыгып, белгилүү адабиятчы Георгий Гачевге Москвага почта менен жибердим. Ал киши баш сөз жазып, кайра жиберди. Каражат издедим. Китеп сүйүүчүлөр коомунун жетекчиси Аскер Карыбаев менен Журналисттер Союзунун төрагасы Абдыкадыр Султанбаев жардам берип, "От "Джамили" до "Плахи" деп чыгардым. Бул китепти мурдагы союздун окурмандары жакшы кабыл алышкан. Чет элде жүрсө да элин, жерин сагынчу. Телефондон сүйлөшүп калганда же Бишкекке келип калганда алгач элдин амандыгын сурачу. Кыргызстандын келечеги сөзсүз ойго салчу. Биздин элдин аң-сезими коңшулардан бир топ өсүп кеткенин, демократиянын шарапатын белгилечү. Бирок, демократия дегенге жашынып алып, ызы-чуу кылгандарды жактырчу эмес. "Демократиянын өзү – тартип, эмгек" дечү. Кыргызстандын келечегине терең ишенчү. Мамлекет Компартиянын биринчи секретарлары Турдакун Усубалиев менен Апсамат Масалиевди түбөлүк камкордукка алганда, "Чыңгыз Айтматовго да ошондой мамиле кылуу керек" деген сунуштарды айтканбыз, жазганбыз. Бирок "ал мамлекеттик ишмер эмес" деген жооп болгон. Бул шылтоо. Мамлекет тараптан камкордук болгондо Айтматовдун өмүрү узак болмок. Айтматовдун жүрөгү эки жолу ооруп калганда да анча маани берилген эмес.

Окурмандар Айтматовдун китептерин бат эле таба алышат деп Ойлоп жүрчүмүн. Көрсө, кыргыз тилинде өз алдынча чыкканы менен 3 томдугу 1983-жылы гана жарык көрүптүр. 70 жылдык маараксине 5 томдук, 80 жылдык маарекесине 8 томдук пландаштырдым. "Шам" жана "Бийиктик" басмалары жардам беришти. Жакында орус тилинде да биринчи жолу 8 томдугу "Улуу тоолор" басмасы аркылуу окурмандарга жеткирилди.





Кыргызстанда Айтматов таануу илими калыптанганы кубандырат. Кандай илимий иш жазылбасын, Айтматовдун чыгармачылыгын айланып өтүү мүмкүн эмес. Ал эми Айтматов таануучулардын саны чет элдерде да көбөйүп жатат.

**Соорон Дыйканов:**

# Айтматов эстеликти тирүү кезинде өзүнө өзү тургузуп койгон

Манас жана Чыңгызды кыргыздын эки канаты болгондой кабылдаса да болот. Бир мезгилде Манас бүтүндөй элдин башында туруп, өзүнүн баатырлыгын көрсөтүп, элди жоодон сактап бириктирсе, бүгүнкү күндө болсо Чыңгыз Айтматов бүтүндөй ааламга кыргыздын ким экенин таанытып, улуттун башка улуттан айырмасы бар экенин, кыргыз улутунун касиеттүүлүгүн жеткирди. Демек кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн өзүнүн патриоттуулугун көрсөтүп, анын жүрөгү акыркы жүрөк кагуусуна чейин кыргыз деп гана сокту.



Кыргыз маданияттуулугунун Москвадагы күндөрү өтүп калды. Чыңгыз Айтматовдун автордук кечеси ошол Москвадагы атактуу Ленин атындагы китепканада өтүп жатты. Ошондо кечеге катышкан ар бир кыргыз ички дүйнөсү толукшуп, сүйүнүп кубанып "мына биздин улуу жазуучубуз, биздин улуу коомдук-саясый ишмерибиз Чыңгыз

Айтматов ушундай сый- урматка жеткен үчүн кечеси Ленин китепканасында өтүп жатат" дегенсип, көкүрөгүбүз көк тиреп турду. Себеби ал жерде улуу адамдардын гана автордук кечеси өтөт, ал жерди ыйык тутушат. Ошондо Чыкем менен жакындан таанышып сүйлөшкөнгө мүмкүнчүлүк алдык. Эгерде сиз Москвага келип кеткен мезгилде биз кыргыз жигиттери жаныңызда жандап, коштоп жүрөлү деген өзүбүздүн оюбузду айтсак, Чыкем абдан кубанып кетти дагы "эгерде силер менин жанымда коштоп жүрөбүз десеңер, мен анда силерге алкышымды айтып, батамды берип, мага абдан жакшы таяныч, тирөөч болуп бересиңер"- деп өзүнүн кубанычын айтканда биз туура жолдо экенибизге сүйүндүк. Анткени Союз мезгилинде бүтүндөй СССРдин борборунда кыбыр эткен кыймылдын бардыгы ошол Москвадан башталчу. Азыркы күндө дагы дүйнөлүк эң чоң маселелердин бардыгы конгресс, семинары болобу бардыгы Москвада өтчү. Ушул чоң саясый окуялардан, маселелерден Чыкем эч четте калчу эмес. Дайыма ошолордун алдында болгондуктан Москвага көп келчү. Ошого байланыштуу дайыма жанында болуп, ал кишинин жанында жүрүп, биз академияны бүткөндөй эле болуп калдык. Негизинен Чыкем кандай чогулуш болбосун жыйындын башчысы болуп өткөрчү. Андагы жоопкерчилик чоң болгондуктан, бир эле ошондо көтөрүлгөн маселе эмес, ушу Айтматов менен учурашып калыш үчүн, ошол кишинин колун кармап, бата алып калыш үчүн, канча деген улуттун, элдин өкүлдөрү ал кишинин айланасында чуркап жүрүшчү. Жыйын бүткөндөн кийин Чыкем: "Соке, мына жыйын да өттү, эми өзүбүздүн элчиликке кетели"- дечү. Биздин элчилик ал киши үчүн ушундай бир ыйык жердей сезилчү. Аны айтканымдын себеби, Москвадагы башка элчиликтер, алардын арасында бир тууган боордош улуттардын элчиликтердин бардыгында "Айтматов келди"- дегенди уккан күндөн баштап, өзүнүн люкс мейманканасын даярдашып, машинасын берип, ресторандарын даярдап, кабыл алганга даяр экендигин көрсөтүп чакырып турушчу. Бирок Чыкемдин патри-





оттуулугун мен ошондон байкадым. Ал киши айтчу: "Эгерде Чыңгыз Айтматовду издеп, баарлашууну каалагандар болсо, анда кыргыз элчилигин издеп келишсин. Айтматовду издеп келип кыргыз мамлекетинин элчилиги бар, бул өзүнчө эгемендүү мамлекет турбайбы", - деп ошол жерден көрүпбилип кетишсин деп дайыма өзүбүздүн элчиликке багыт алып турчу. Жыйын бүткөндөн кийин, акырын машинага отуруп элчиликти көздөй кетебиз. Ошол мезгилде улуу кишилер дайыма ой жүгүрткөндө бир өзүнчө транска түшкөндөй, космоско учуп кеткендей бир топ мезгилге чейин эч бир сөз айтпай, үн чыгарбай акырын гана ой жүгүртүп кетчү. Андайда биз мисалы үчүн элчиликке жетип калсак да, ой жүгүртүүсү токтой элегин байкап калсам, элчиликти айланып акырын машинамды айдап жүрө берчүмүн. Качан гана "Ой Соке, биз кайсыл жерге келип калдык" деп сураганда гана Чыке, билесиз да Москвада автотыгын деген көп, азыр жетейин деп калдык деп ошондон кийин гана элчиликке барып токточубуз. Улуу кишилер өзүнүн жалгыз гана кызыкчылыгын ойлобостон жалпы мамлекеттин, элдин, улуттун эртеңки күнү, келечеги, тагдыры, тарыхы ушунун баардыгын бирге камтыган үчүн, улуу кишилерде да ушундай мезгил болот экен. Ал кишилер сыртта жүргөндө негизинен өзүнүн элин, жерин унутпай, аны туу кылып жеткирип бергени, биз үчүн улуу сыймык. Мен ошого сыймыктанам.

***

Айтматов деген эч кандай бирөөдөн каражат сурап,тиленип жүргөн киши эмес эле. Канча жолу Москвага учуп келип-кетип, канчалаган жумуштарды аткарып, жасабасын бүт өзүнүн каражаты менен жүрчү. Канчалаган олуттуу маселени чечип койчу. Бир жерде айтчу эмес, "мен муну бүтүрдүм же аткардым" деп. Ал кишинин ич дүйнөсү таза, адамдык сапаты улуу, табиятынан берилген аруулук болгондуктан, ал кишинин жанында жүргөнүм үчүн айтып жатамын. Байлыгы - жан дүйнөсү болчу. Москвадан кан-

ча деген басмаканалардан миллиондогон нускада китептери чыгат эле. Эгерде сараң болсо анда ошол ар бир нусканын аркасынан кууп отуруп алмак да "мага калем акы бербейсиңерби?"- деп. Бирок ал калем акыга да көз арткан эмес. "Эгерде ар бир окуучуга ушул китебим жетсе, ошого ыраазымын" - деп айтчу. Кантсе да мен Чыкемдин жанында жандап жүрүп калганыма сыймыктанам. Себеби бир аз болсо да, айрым бир маселеде колуна кол болуп дегендей, улуулукка кандай мүнөз жеткирет дегендей таалим-тарбия алдым, алкышын да алдым.

***

Бир түнү Москвада түнкү саат эки болчу. Брюсселден мага телефон чалып атат: "Ай, Соке мен уйкуңду бузуп койгон жокмунбу?"- деп. Жок, Чыңгыз Төрөкулович, баардыгы жакшы. Өзүңүз кандайсыз? - деп ал-акыбалды сурашкандан кийин "Соке, менин чалганымдын бир себеби бар. Мен эмнеден жардам берейин сага. Балким жумуш жактан сүйлөшүп берсемби?- деп сурап калды. Жок, Чыңгыз Төрөкулович мага эч кандай жардамдын кереги жок. Мен сиздин жаныңызда жардам берип жүрөм, өз кызыкчылыгымды ойлогон маселем жок деп дагы айттым. Эки күндөн кийин кайра телефон чалып: "Соке мен таптым", - дейт. Эмнени таптыңыз? – десем: "Мен эми түшүндүм, менин Төрөкул атамдын апасы Айымкан чоң энем, ушул даражага жеткениме абдан чоң пайдубал салган болчу. Ошол Айымкан чоң энем аксылык болот эмеспи, сен да аксылыксың да балким ошол жардам берип аткандарыңдын баардыгы бул улуу күчтөрдүн, Айымкан чоң энемдин ошол мезгилде колдоп, азыр да мени таштабастан, жанымда болгону ошондон окшойт. Мен эми түшүндүм, бир жардам сураганыңда, ал ойго да келмек эмес. Эмне үчүн сен менин жанымда жандап жүргөнүңдү эми түшүндүм, Айымкан чоң энемдин күчтөрү жардам берсе керек". – деген эле.

Бир окуяны айтып берейин. Москвада кыргыздар би-







риккен чоң жыйын өткөрдүк . Ал жыйында Чыңгыз Төрөкулович эл менен жолугушуп, чыгып бараткан-да бир киши келип учурашып:" Чыке, мен сизге ыраазычылыгымды билдирип койгону келдим" деди. "Рахмат, эмне ыраазычылык". - десе айтат: "Эгерде Кудай сизди жаратпаганда, менин балам аман калат беле, калбайт беле бир Кудай билет. Себеби ал балама операция жасата албай Германияга чейин алып барып, ал жакта өзүңүз билесиз, кабыл алабы албайбы деп, сиздин китебиңизди көтөрүп алып, сиздин атыңызды айтып кирип, "Айтматовдун элинен болом" деп китепти бердим. Ошондон кийин Германияда баламды бат эле кабыл алышып, операция жасалып, өлүмдөн сактап калышты. Мен сизге ыраазымын өмүр бою. Жолуксам ыраазычылыгымды билдирейин деп жүрдүм эле" деп ушул окуяны айтты. Анан ошол кишинин сезимдери кандай болсо, биз ошону сезгендей болдук.

Чыкем көрсө түз жардам бергенден сырткары дагы өзүнүн аты менен да кандай жардам берерин байкадык. Анан ошол эле жыйындан дагы бир жигит келип, ыраазычылыгымды айткым келет деп: "Мен Союз мезгилинде Москвага университетке аспирантурага келгем.Элдер укмуш көп, тапшыргандар катары мен да тапшырып, анан аягында чоң конкурс болгондо сиздин китебиңизди алып кирип, мен Айтматовдун жердеши болом, мен ал адамдын элинен болом" десем кыргыз элинде Айтматовдой улуу инсандар чыкса, анда биздин университетте дагы улуу инсандардын жердештери окуганга укуктуу. Окуш керек. Балким экинчи Айтматовго окшогон инсандарды биздин университет даярдайт болуш керек" деп аспирантурага өтүп кеткем" Ушинтип ал жигит да өзүнүн ыраазычылыгын билдирип кетти. Айтайын дегеним, бүтүндөй ааламга кыргызды даңазалап койгондугунан, ар бир кыргыз инсаны, кайсыл жерде болбосун Айтматовдун жанында болгондой сезимин көрүп, туя алат. Мен ал кишини Москвада коштоп жүргөн учурумда көпчүлүк саясий маселелерге катышып калдым. Бир канча мамлекеттин башын бириктирип, мамлекеттер аралык коопсуздугун бекемдөө үчүн Жамааттык коопсуздук келишими деген уюм түзүлгөн. Ошол уюмду түзүп жатканда Чыкемден дагы улуу гуманист катары абдан көп кеңештерди сурашып, кандай кылганда улуттар аралык коопсуздукту бекемдей алабыз, кандай кылганда улуттарды бириктире алабыз, кандай кылып улут аралык мамилени бекемдей алабыз деп, көп маселелерди сурап, кеңешишкен. Чыкемдин бир мезгилде берип кеткен чоң кеңештеринен улам мындай уюмдар жакшы жолдо, багыттарда жүрүп атканын көрүүдөбүз.

***

Менин бир укканым бар. СССРди Михаил Горбачев башкарып турган мезгилде, Чыңгыз Айтматов ал кишинин кеңешчиси болгон. 1987-жылы Айтматов олуттуу деп эсептеген сунуш-кеңешин айтат: Михаил Сергеевич, жөндөн-жөн





кан төгүү болбойт. Биз эч качан Ооган жерине демократияны орнотуп бере албайбыз. Оогандстандын эли өзүнүн тагдырын, өзүнүн келечегин өзү табыш керек. Биз аларга тынчтыкты алып келебиз дегенибиз менен, бул согуш эч качан токтобойт. Ооганстанды эч ким эч качан жеңе албайт, Ооганстанды Ооганстандын элине калтырышыбыз керек. Союздан барган биздин эр-азаматтар ал жактан "цинктүү табыттарда" келип, көп үй-бүлөнү кайгы каптады. Ушуну кантип токтотобуз?" - деп эки жыл бою айтып келген. Акыры 1989-жылы ал киши макулдугун берип, Ооганстандан СССРдин аскерлерин, эр-азаматтарыбызды алып чыгып кетти. Ушуга түздөн-түз биздин Чыкенин тиешеси бар. Чынында Айтматов эки тилде бирдей жазчу. Кыргыз тилинде дагы, орус тилинде дагы. Эми кыргыз тилин өз мезгилинде: "Биздин тил мамлекеттик тил болуш керек, биздин тил улуу тил. Ар бир жараныбыз, инсаныбыз бул тилде сүйлөшү керек" деп, ушул багытты баштап кеткен. Мисал үчүн орус тили Бириккен улуттар уюму бар да БУУда ошол орус тилинин дагы макамын көтөрүп, биз мына союз бузулгандан бери союздан келген депутаттарыбыз, делегаттарыбыз баарыбыз ушул орус тилин жакшы билебиз, эгерде колдоп берсеңер ошол тил кызмат тили болуп калсын деп БУУда үчүнчү кызмат тили деп ушул орус тилин кабыл алышкан. Мисал үчүн 150 млн. калкы бар орус элинде да улуу кишилери көп абдан. Бирок Чыкемин кадыр-баркы бар болгондуктан ошол кишинин сунушу менен БУУда орус тили үчүнчү кызмат тили болуп калды.

Биз пенде экенбиз да. Бир жерде болгон окуяны кыскача айтып кетейин. Бир жолу кимдир бирөөлөр "эгерде Айтматов кыргыз эли үчүн эки кабат имарат куруп кеткенде жакшы болмок экен, кыргыз эли колдонуп калмак" деп айтып калды. Анан ал кишиге кайрылып айттым: Сиз Айтматов эки кабат имарат курган жок деп кайгырып атасыз, азыр эки кабат имаратты базарда иштеген бала дагы куруп салат, Бирок бүтүндөй ааламга "кыргыз" деген имаратты куруп кеткенин сиз көрбөгөнүңүзгө мен өкүнүп жатам. Чыңгыз Айтматов

бүгүнкү күндө кыргыз улутун, кыргыз тилин, Кыргызстанды бүт ааламга көтөрүп, абдан чоң имарат куруп кетти дедим...

Биз Москвада Чыкем менен көп мезгилде бирге жүрүп калдык. Ошол ар бир мезгилде Чыкеме ар кандай адамдар жолугуп жатты. Бири жакшы көрүп, бири көрө албай, бири жетип, бири жетпей... Андайда жакшы көргөн адамга дагы, жаман көргөн адамга дагы, көрө албай калган адамга дагы ал киши бирдей, ушунчалык айкөлдүк менен карачу. Мен ушул сапатын байкадым. Адамдык сапаты тууралуу, башкаларга салыштырып айтканда эч качан бирөөнү жамандаганын уккан жокмун жана көргөн жокмун. Эгерде жүрөгүндө, жан дүйнөсүндө ал кишинин ошондой ою болгондо, анда ал киши бирөөнү жамандап, же бирөөнү мактап сүйлөмөк. Ал кишиде андай сапат жок болгондуктан пенде болсо дагы башка бирөөнү жамандаганын мен эч көргөн эмесмин. Себеби улуу кишилерде адамдык сапат болот, аруулук болот, айкөлдүк болот. Ошондуктан ал кишилер кээде түшүнбөстөн, кээде ар кандай ойлоп айтып койгон сөздөрүнө да жооп берчү эмес. Бүгүнкү күндө биз бир эстелик коёбузбу, эки эстелик коёбузбу бул жөнөкөй эле маселе. Ал эми акыйкатта Чыңгыз Айтматов өзүнүн көзүнүн тирүү кезинде, бүтүндөй ааламдын өкүлдөрү менен, улуулары менен кичүүлөрү менен баарлашып, кыргыз мамлекетинин, кыргыз улутунун улуу инсаны экенин далилдеп, өзүнө тургузуп кеткен эстелиги бар. Ошол эстеликти тирүү кезинде өзүнө өзү тургузуп кетти. Чыкем үчүн эч бир чектөө болгон эмес да. Анын жан дүйнөсү бардык маселени камтып: турмуш, жашоо, келечек, айкөлдүк, баатырдык, саясий ишмердик, коомдук ишмердүүлүгү болобу, бул киши эл дегендиктен, өз кызыкчылыгын алдыга койбогондуктан мен анын жанында жүрүп, ал кишиден алган таасирим, алкыш, батасын, мен өзүм эки академияны бүтүрсөм да, баарынын жогору баалайм. Улуу академияны бүттүм деп ойлойм, себеби Айтматов эч качан өз ою менен чектелип калган эмес. Өзүнүн жазуусунда болобу, ой-толгоосунда болобу, гуманисттик көз карашы болобу, бардык тарабында





дайыма алдыга умтулуп, өсүп- өнүгүп, шаркырап агып турган чоң шаркыратма болчу. Ошол шаркыратманын суусунан мен кана ичип, татып жүрсөм да чаңкоом канбагандай болгону, ал Чыкемдин бул дүйнөдөн кеткени болду...

**Васил Зилгалов:**

# Айтматов дүйнөлүк адабиятта эмне болуп жатканын ар бир кан тамыры менен сезген

Украин журналисти Васил Зилгалов кыргыз элинин көрүнүктүү уулу, ысмы дүйнөгө белгилүү Чыңгыз Айтматовдун жазуучулук көрөгөчтүгү тууралуу мындайча эскерет:

*- Менин эсимде, Чыңгыз Айтматов дүйнөдөн кетээр алдында 2007-жылы андан чоң бир жарым сааттык интервью алгам. Ошондо мени эмне таң калтырды дебейсизби? Чыңгыз Айтматовдун адабияттагы чоң даркан жазуучу экени айдан ачык сездим. Ал көптөгөн керемет чыгармаларды жазды. Мен Айтматовдун "Когда падают горы" (Вечная невеста) романынан айрым үзүндүлөрдү окуп, бирок ал мага мурдагы чыгармаларындай кызыктуу көрүнгөн эмес. Мен Айтматовдон: «Тоолор кулаганда" (Түбөлүктүү келин) деген романыңыз эки сөз менен айтканда эмне жөнүндө?"- деп сурагам. Ал кезде Чыңгыз Айтматовдун жашы бир топко барып калган. Ага карабай Айтматов дүйнөлүк адабиятта эмне болуп жатканын териси менен, ар бир кан тамыры менен сезип турганын даана байкадым. Мени таң калтырганы - "Тоолор кулаганда" тууралуу менин суроомо Айтматов: "Роман адамдын курчап турган дүйнөнүн кыйроосу жөнүндө. Ал бул алааматты көрүп, эмне кылганды, кайда барганды билбейт!?" деп кыска, нуска*

*жооп берди.*

Чыңгыз Айтматов Брюсселде жүргөн акыркы жылдары жашы бир кыйла улгайып калганына карбай дүйнөлүк адабиятка кылдат көз салып турган. Жазуучунун Батыш адабиятынын кандай дем алып, кай жакты көздөй бaратканын баамдай билгени абдан таң калтырган. Айтматов туура беш жыл мурда дүйнөлүк адабият тууралуу айткан процесстер бүгүн да уланууда. *Бүгүн дүйнөлүк адабиятта дал ошондой кырдаал сүрөттөлүүдө. Психологияда ресентимент деген түшүнүк бар. Бул коомдун психологиялык абалы. Андай жагдайда адам бүгүнкү цивилизациянын жүрөк тиреткен бардык проблемаларын туят жана анда жек көрүү пайда болуп, ал үчүн кимдир бирөөлөрдөн өч алууну каалайт. Башкача айтканда, көпчүлүк адамдар бай боло албасын билет. Ипотекага алган квартирасынын акысын төлөө керек, татыктуу жумуш табуу керек, турмуштук проблемалар күн сайын аны желкеден мыкчып турат. Ал бул жөнүндө ачык айткысы келбейт. Ал өзүнөн өзү эле коомдон обочолоп, түнт, оорукчан болуп калат. Бир кезде Фридрих Ницше айткандай, ресентиментке кабылган адамда башкалардан өч алууну каалаган сезим пайда болот. Бүгүнкү Батыш адабиятында адамдын мына ушундай жылчыгы көрүнгүс түңгүюкка кабылган адамдын психологиялык абалы чагылдырылууда. Чыңгыз Айтматов 2008-жылы мага ушул тууралуу айтып бергенде, анын адабияттагы процесстин күрөө тамырын таамай сезгенин көрүп, аябай таң калгам. Улуу жазуучунун чыгармалары коомдун психологиясы менен өз ара камыр-жумур байланышкандыктан окурмандарга өтө жакын.*





### Ибрагим Бакиров:

# Брюсселдин кооз бактарын кыдырганды жакшы көрчү



2001-2004 - жылдары Брюсселдеги Кыргызстандын элчилигинде, художник-дизайнер **Ибрагим Бакиров** Чыңгыз Айтматовдун жеке өзүнүн чакыруусу менен чогуу эмгектенген. **Ибрагим Бакировдун** залкар жазуучу жөнүндө төмөнкүдөй айтып берди:

Катарлаш жашаган адамдын улуулугун замандаштары тээ карт заманда өткөн көзү ачык олуялар сыяктуу эле өз учурунда жакшы баалай беришпейт. Бирок Чыңгыз Айтматовдун ар бир китебин сүйүп окуп, жаңы чыгармаларын чыдамсыздык менен күткөн окурмандары арасында өз доорунун даңктуу жазуучусу менен бир кездешсем деп аруу тилегин бапестеп жүргөндөрү арбын болгон

Дипломат-жазуучу жумуш күндөн кийин жана дем алыш маалында бош убактысы боло калса, Брюсселдин кооз бак-



тарын кыдырганды жакшы көрчү. Жаратылыштын сулуулугуна канбай суктанган Чыңгыз Айтматов баладай жөнөкөй да болгон. Ойчул жазуучу Чыңгыз Айтматов 15 жылдан ашуун убакыт Батыш Европада дипломаттык кызмат аткарып жүрдү. Адегенде СССРдин Люксембургдагы элчиси болсо, кийин төбөлсүз Кыргызстандын Франция жана Бенилюкс мамлекеттериндеги элчиси катары чоң дипломаттык вазийпа аркалады.



# Айтматов бизге зор дүйнөнү ачып берген

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган фильмдерде Алтынайды, Жамийланы ойногон белгилүү актриса Наталья Аринбасарова СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын жана Ленин комсомолунун эки жолку лауреаты. “Биринчи мугалим” тасмасындагы





Алтынайдын ролу үчүн 1966-жылы Венеция кинофестивалында баш байгени жеңип алган. Актриса Чыңгыз Айтматов менен болгон жолугушуулары тууралуу төмөнкүчө эскерип айтып берди.



Мен “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт”, “Гүлсарат”, “Ак кеме”, “Кылым карытаар бир күн” жана башка чыгармаларынан үзүндүлөрдү окуйм. Айтматов сенин алдыңда зор дүйнөнү ачып берет эмеспи. Ал жер менен асмандын чегинен ашкан, адам мамилесинен, жан дүйнөсүнөн куралган түбөлүктүү дүйнө. Ар бир чыгармасында адамгерчилик темасы өмүр менен өлүм түшүнүгүн ачуу аркылуу таасын берилет. Мунун баарын ажайып музыка коштоп турат.

**Чыңгыз Айтматовго алгачкы жолу жолукканым, таанышкан учурлар эсимде.** Тасмага тартылаар алдында кантип сынактан өткөнүмө чейин көз алдымда. Мен актриса болууну анчейин деле каалаган эмесмин. Укмуштуудай сонун балеттен сууруп чыгышып, заматта салбыратып кийинтип коюшкан. Бир сөз менен айтканда, кебетем келише түшкөн. Тасмада өгөй апанын ролун аткарган кайталангыс чынчыл актриса Даркүл Күйүкова мени бир боо куурай менен сабап жаткан жери бар го. “Биринчи мугалимде” бул дубль кайра-кайра тартылган. Аягында чыдабай режиссерго даттанып баргам. Мени чындап сабашты деп ыйлап ийсем, “бул кино, анда бардык кыймыл нукура көрүнүшү керек” деп гана жооп берген. Баары бүткөндө денеме сайылган тикенди бирден кетергенбиз. Көркөм кеңештин мүчөлөрү пробаны көргөнү ке-

тишкенде, апам экөөбүз "Кыргызфильмдин" алдында күтүп отурдук. Бөөдө таяк жегенимди көрүп, каршы чыккан апам негедир "өтпөй калбасаң экен" деп санааркап жатты.

Бир маалда залдан жаш, сулуу, шыңга бойлуу жигит чыга келди. Ал Айтматов болчу. Андрей Кончаловский жаныма басып келип, мени Алтынайдын ролуна бекитишкенин угузду. Анан "Кичине арыкташың керек экен, болбосо эки бетиң артыңдан да көрүнүп турат", - деди тамаша-чыны аралаш. Балетте жүргөнүмдө да мага минтип эч ким айткан эмес! Көп өтпөй Кончаловский тиги сулуу жигитти ээрчитип келди да, "Тааныштырып коёюн, бул – Чыңгыз Айтматов" деди. Мен абдан тартынчаак кыз элем. Жазуучунун көз карашынан тайсалдай түштүм. Бүт жан дүйнөмдү аңтарып окуп жаткансып тиктеген. Ошол эле маалда олуттуу, мээрим толгон көз караш болчу. Адамдын жүзүн минтип мыкты режиссер же мыкты жазуучу гана теше тиктейт . Албетте, ал мени ушинтип тиктемек, анткени анын Алтынайын кандай кыз ойнорун билгиси келген да.

Биз анда эмне тууралуу сүйлөшкөнүбүз толук эсимде жок. Мен эмне айтаарымды билбей, оңтойсуз абалда турдум. Кийин сьемка учурунда байма-бай келип турду, көбүнчө режиссер менен сүйлөшүп кетчү.

Тасма тартылып бүткөндө, Кыргызстан аны көпкө кабыл албады. Чыңгыз Төрөкулович аны коргош үчүн аябай аракет кылды. (Андрей Кончаловский өз китебинде Кыргыз ССРинин партия жетекчилери кыргыз элин жапайы, маданиятсыз эл катары көрсөткөн деп тасманы кабыл албай койгонун жазган. Бир жылдан кийин гана, качан КПСС БКнын идеологдору кийлигишкенде, Михаил Суслов менен Айтматов өзү көзмө-көз жолуккан соң тасма экранга чыккан. – ред.) Жакын достордон болчубуз деп айта албайм. Жазуучу биздин үйдө болгон, дачабызга конокко келип калчу. Аны кайнатам Сергей Владимирович Михалков жакшы көрүп, өтө талант-туу жигит деп эсептечү. Айтматов анда 35 гана жашта эле. Оор басырыктуу, көп сүйлөбөгөн уяңыраак киши болчу. Жа-





мийланын ролуна бекигеним эсимден кетпейт. Бул образга Чыңгыз Төрөкулович аябай астейдил мамиле кылып, кадр артындагы автордун сөзүн өзү окуган. Айтматовдун чыгармаларындагы эң күчтүү образдардын бири эмеспи. "Жамийла" тасмасы абдан мыкты чыккан. Ирина Ивановна Поплавская аны "Мосфильмде" тарткан. Бирок тасманы эмнегедир теледен көп көргөзүшпөйт, буга аябай таң калам.

Ар кандай маданий кечелерде, фестивалдарда жолукканда абдан жакшы мамиле кылаар эле. Ишим, балдарым тууралуу сурганда кандайдыр бир жылуулукту, боор тарткан жакындыкты сезип турчумун.

# Чыңгыз Айтматов жана мен

(Новелла)



Балалык кезим жай мезгилинде Суусамыр жайлоосунда шаркырап аккан сууну бойлоп, түркүн тоо гүлдөрүн терип , кышкысын Каражылга, Кандым кыштоолорунда кынап коюлган таш короонун чекесинде тигилген, кара кийизден жабылган таш короонун чекесинде тигилген, кара кийизден жасалган чабандын алты канат боз үйүнүн ичинде, апамдын узун жомокторун угуу менен өттү. Анткени, ал кезде биз үчүн бала бакча деген куру кыял гана болчу. Ата-энебиз «колхоздун малынын амандыгын тилеп элге уят болбойлу» деп намыстанышып, таңдан кечке колхоздун малы менен шип намыстанышып, таңдан кечке колхоздун малы менен алектенишчү. Биз болсо күн тийип карлар кетип, жер карарганда кошуналардын кыздары, балдары менен таш короо-

нун үстүнө чыгып, таштардан үй жасап, чийден курчак жасап айылдашмак ойноп күн өткөрчүбүз. Мен болсо кара кичинекей сумкени оң ийниме асынып, колума калем сап кармап алып «Мен Буларкиева Дилдара деген кыргыз элинин жазуучусумун. Бейбаштык кылып тартип бузбай тынч отургула. Антпесе гезитке, журналга жазып абийириңерди төгөм. Элдин баары окуп уят болосуңар. Андан кийин көчөдө элди аралап баса албай каласыңар» - деп өктөм сүйлөп, ары-бери басып жүрө берчүмүн. Мени көрүшкөндө отурганы отуруп, тургангы ордунан козголбой туруп калышчу. Менден кийинки сиңдим Айнагүл көп балалуу аял болуп, иним Абданбекти, андан кийин катар төрөлгөн Атыргүл, Жыпаргүл, Клара үч сиңдимди төшөккө ороп жаткырып койчу. Алар да анын оюменен болуп кыймылдашпай жата беришчү. Айнагүл сиңдим:

- Балдарыма суук тийип калды. Кокуй, дарыгерди чакыргыла балдарымды карап, ийне сайып, дары берсин. Болгула, эртерээк. Ой, кокуйгүн дарыгер качан келет? - деп эки колун шакылдатып чапкылап отуруп калчу. Өзү кичинекей балканы алып инимди «токто жүрөк, токто» деп дем салып, «менин колум эмес Каныкей апанын, Батма, Зуура апаларымдын колу, эмим түшүп эртерээк сакайып кете көр!» деп көп жашаган кемпирдей болуп бата тилечү.Чыныга суу толтуруп алып башынан айлантып алыс барып «суук кирип калган тура, балакет-салакеттин баары тиги эчкиге кетсин деп сууну чачып,чыныны боз үйдөн алыс алып барып көмөрүп койчу. Мен баарынан Атыргүлдү, Кларaны жакшы көрчүмүн. Анткени экөө көп оорушчу.

Бир тууган акем Абдрахман мени колумдан жетелеп, боз үйдү тегеренип ойнотчу.Чоң темир тепшиге мени салып алып сүйрөчү. Кошуна чабандардын Гүлжан, Айнаш, Зиөстүк. Оюндарыбыз күндө кайталанчу. Бири-бирибизден жанаш, Анаркан, Ажар, Күкү деген кыздары менен ойноп бирге дабачубуз. Ошол кезде биздин балалык жашообуз башкача өткөн экен. Анткени биз дептер, калем сап, китеп дегенди билгенибиз менен ал кезде ачып кармап, арипти тааныган





эмеспиз.

Мен Талас шаарындагы №1 мектеп-интернаттын босогосун аттап билим дүйнөсүнө аралашууда абдан кыйналдым. Тамгаларды кеч үйрөндүм. Классташтарыма көп аралаша албай, оюмду айта албай абдан чайналдым. Мугалим китепти колума карматканда, китепти ачканымда эле, апам жаттаткан «Биз жеткинчек ою түз, Бакыт чачкан доорубуз. Айга, күнгө жетет кичинекей колубуз…» деген ырымды кайталап айта берчүмүн. 3-класска барганда гана китепти шар окуп, кийин гана алдыңкы окуучу болдум.

***

Өспүрүм кезибизде атка минип алып Айнагүл экөөбүз койду айдап атама жардам берчүбүз. Атама жардамдашып жанында Айнагүл көп жүрдү. Чоң кызы болгондуктан ата-энем мага кийимдин жакшысын кийгизишип, колдорунан келгенче алпештешип өстүрүштү.(Бир туугандарым, туугандарым, тайке-таежелерим, Күңөтай таежем тууралуу «Менин жолум» деген китебимди жакында жазып бүтөм. Ошол китептен окусаңыздар болот.)

Атам-энем чабан болуп мал артында жүргөндүктөн мен Талас шаарындагы мектеп-интернатта 3-класска чейин окудум. Андан кийин Бакай-Ата районундагы Чалдыбар мектеп-интернатында 5-класска чейин окудум. Эркебү апчемдин Жанчар деген уулу Ош облустунун Кара-Суу шаарынын ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси болуп көп жылдар иштеди. Жамила жеңем болсо орто мектептин директору болуп иштечү. Беш баласы жаш. Балдарын карасын деп мени колдоруна алышкан эки жылдай колдорунда жүрдүм. Жамила жеңемден тамакты түрлөнтүп жасаганды үйрөндүм. Анткени жеңемдин улуту дунган болчу. Жеңем кабагын орунсуз түйбөгөн жаркылдаган аял болгон. Аны бирге иштегендери, кошуналары, туугандары, абысындары баары башкача урматтоо менен сыйлап турушчу. Үйүндө дасторкон дайыма жайылып, үстү толуп турчу. Жанчар акем менен Жамила

жеңем өмүрлөрү кыска экен аз жашашты бирок уулдарына, кыздарына жакшы тарбия, билим беришти.

Айылга келип Таш-Төбө сегиз жылдык мектебинен 8-классты бүттүм. Эл агартуусунун отличниги Казак Момункулов, Абжалбек Бийжанов, Гүлзада Камчыбекова, Макен Бөкөев, Ольга Павловна агай-эжелерден билим алдым. Сабактардын ичинен химия сабагын абдан жактырып окучумун. Анткени Абжалбек агай химия сабагын абдан кызыктуу өткөндүктөн, химия сабагын баарыбыз күтчүбүз. Химия сабагы боюнча райондук олимпиадага барып экинчи орунду жеңип алганмын. Химик болгум келчү

Таш-Төбө сегиз жылдык мектеби Казак Момункулов атындагы орто мектеби болуп аталып калган. Казак агай математика сабагын окутуп калды. Агай сабакта акыл кеңешин көп айтчу. Математика – билимдердин падышасы. Бул сабакты жакшы өздөштүрбөсөңөр караңгы бойдон каласыңар. Алганды, кошконду, көбөйткөндү, бөлгөндү билбесеңер анда турмуштан шоруңар кайнайт – деп көп айтчу. Чынында эле турмуш деген агайдын айтканындай татаал да, оор да экен. Азыркы кезде Таш-Төбө сегиз жылдык мектеби Казак Момункулов атындагы орто мектеби болуп аталып калган

Казак агайдын бир тууган иниси Жумалы Момункулов биздин айылга биринчи жолу кыям (варенье) алып келген. Ал кезде мен экинчи класста окучумун. Элдин баары кирип чыгып жатканда Эркебү эжемди ээрчип барып жегенбиз. Ошол жылы айылдагылардын баары өзгөчө Анар, Зуура, Турсун жеңелерим алмадан алчадан, токойдон бүлдүркөн теришип кыям жасашкан. Бул үч жеңелерим эл агартуунун отличниктери. Анар жеңем кесиби боюнча - физик, Зуура жеңем - башталгыч класстын мугалими, Турсун жеңем - орус тилчи. Азыркы күндө үчөө тең эс алууда.

***

Мектепте окуп жүргөнүмдө адабий ийримдерге катышып, адабиятка болгон кызыгуум пайда болуп, өз алдымча





чакан ырларды, аңгемелерди жаза баштагамын. Жазган ырларым-аңгемелерим райондук «Эмгек шаңы», областтык «Талас турмушу», республикалык «Кыргызстан пионери», «Кыргыз руху» гезиттерине «Ленинчи жаш» журналына чыгып чыгармачылыкка багыт алганмын. Класс жетекчим Мырзакан Жекшеналиев агай мени класстын профкому кылып шайлап койгон, агай биздин аң-сезимибизге, жөндөмүбүзгө жараша мамиле жасаса керек.

Агайдын: -Сенде адабиятка болгон жөндөм бар. Адабият жаатында бир мыкты окумуштуу болгонго аракет кылсаң, сенден бирденке чыгат,-деп айтканы эсимде. Турмушта мен химик, же бир илимдин окумуштуусу боло албадым... Гүлзада Камчыбекова эжем, Аман Кеңешбеков агайым менин журналистикага болгон кызыгуумду ойготкон.1975-жылы биздин мектепте республикадагы мектептердин арасынан биринчи «Чыңгыз Айтматов» адабий кабинети уюштурулгандыктан кабинетти көрөбүз дешип ар кайсы облустардан мектептердин окуучулары, мугалимдери көп келишчү. Облустук олимпиада ушул биздин Ивано-Алексеевка орто мектебинде (азыркы Көк-Ой орто мектеби) өтчү. Аман Кеңешбеков агай болгон дараметин «Чыңгыз Айтматов» адабий кабинетин түзүүгө арнаган. «Адабият ышкыбоздору» ийримине катышчубуз. Ийримдин катышуучулары агайга сүрөттөрдү жабыштырып, агай көрсөткөн жерге илип жардам берчүбүз. Бардык класстын окуучулары кыргыз тили жана адабияты сабагын ушул кабинетте окушчу. Мени «Чыңгыз Айтматов» адабий кабинеттин жооптуу жетекчиси кылып бекиткен. Кабинетке окуучулар менден руксатсыз бейчеки киришпечү. Бирөө Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары тууралуу сурап калса уят болбоюн деген ой менен Чыңгыз Айтматовдун ар бир чыгармасын берилүү менен көп окуп, айрым жерлерин жаттап да алганмын. Мектеп программасындагыдан тышкары «Жамила», «Ак жаан», «Бото көз» чыгармаларын кайталап көп окудум. Алтынайдын, Жамиланын, Танабайдын жүрөгүмө бүлүк салган сөздөрү жан дүйнөмө сиңип калган.

Облустук, республикалык олимпиадаларда Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» чыгармасы боюнча сочинение жазып жеңүүчү болгонмун.

9-класста окуп жаткан кезим. Ал кезде Чыңгыз Айтматов тууралуу, массалык маалымат каражаттарында маалыматтар кыргыз тилинде көп болуп улуу жазуучунун атагы дүйнөгө тарап турган кез эле.

Бир күнү эле Аман агай:

- Жакшынакай болуп кийинип, ак бантик тагынып келгиле. Эртең Чыңгыз Айтматов өзү келет. Силер Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын жакшы көрөсүңөрда ээ?

Биз жабыла:- Ооба,ооба, Айтматовдун чыгармаларын абдан жакшы көрөбүз!-деп үнүбүздүн болушунча кубануу менен аба жарып кыйкырып жибердик. Сейиттин, Танабайдын сөздөрүнөн жаккан жерлеринен жаттап келгиле, айтып бересиңер. Силер менен маектешет, каалаган сурооңорду берсеңер болот. Кабинетибизди көрөт.- деди. Мен:

- Агай, Жамиланын сөздөрүнөн монолог айтып берсем болобу?

- Болот, эмнеге болбойт, эң сонун болот. Анда сен Буларкиева «Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынайдын сөзүн айтып бересиң, Танабайдын сөзүн да жаттап кел. Алтынайдын сөзүн жатка билемин, айтып берейинби?

- Алтынайдын сөзүн айтсаң анда абдан жакшы болот. Мурда эле ушинтип айтпайт белең, Алтынайдын сөзүн эле катырып айтып бересиң ээ?

- Макул, агай.

Сабактын кандай бүткөнүн да билбей калдым. Үйгө келип, кийимимди чечип, тамак ичпестен кыргыз адабият китебин барактап ачып Алтынайдын сөзүн улам-улам кайталап, бышыктап жаттай баштадым. Мурда жаттагандыктан, эч кыйналбай тез эле жаттап алдым. Сиңдим Айнагүл сабактан келип калды. Ал айылдын ылдый жагындагы Таш-Төбө сегиз жылдык мектебинде 4-класста окучу. Сумкесин коюп эле:





- Эртең сиздин мектебиңизге барабыз, Улуу жазуучу Айтматов келет экен. Ал кыргызды дүйнөгө тааныткан жазуучу да ээ? Биздин мектебибизге деле келсе жакшы болмок. Сиз окуган мектеп чоң да жана орто мектеп болуп аталат. Анын үстүнө «Чыңгыз Айтматов» адабий кабинети бар да ээ? Ал кабинетти көрө элекмин.

- Ооба, биздин мектеп чоң жана райондогу алдыңкы мектеп. «Чыңгыз Айтматов алакандай Талас жергесин гана эмес кыргыз элин дүйнөгө тааныты. Чыңгыз агабыз кыргыз элинин сыймыгы. Ошондуктан окуучуларга арнап ушул окуу бөлмөсүн ачтым. Келечекте бул бөлмө окуучуларга гана эмес, мугалимдер үчүн усулканага айланып калса экен деген тилегим бар»-деп, сабак учурунда бизге агай айткан дедим сыймыктана.

- Сиз окуган мектептен окугум келет, эртеңден баштап которулайынчы?

- Быйылкы окуу жыл бүтөйүн деп калды. Бир аз чыдап тур. Сентябрдан тартып которуласың.

- Ураа, жакшы болду. Чоң мектептен окуймун.

Чынында эле биздин мектеп райондогу чоң мектептердин жана алдыңкы мектептердин бири болгон. Чыңгыз Айтматов болбосо кыргыз элин эч ким билбей калмак. Билсе да башкача көз караште болмок. Манасы, Чыңгызы бар кыргызым Улуу эл! Экөө бар үчүн дүйнө эли кыргыз элин байыркы эл деп билишет!-деп сиңдиме айттым.

Айнагүл менен чай ичип, үйдү жыйыштырып кайрадан китеп бетин ачып эртеңки боло турган сабактарга даярдандым.

Ошол күнү кечинде түшүмдө кызыл гүлдүү көйнөк кийип жалгыз тоолордун арасында түркүн гүлдөрдү терип жүрүпмүн. Бир маалда каттуу шамал мени учуруп, жапжашыл шиберге оронгон тоонун бооруна алып барып койду. Колумдагы тутам тоонун гүлдөрүн бекем кармап алыпмын. Эх-эх-Чоң ташка чыгып алып «Ээ-ээй Гүлсарат, Гүлсарат,Эх-эх-ээй Гүлсараат!» деп кыйкыра берсем, жаныма кайдандыр

күйрук жалы шамалга жалтылдап желбиреген, маңдайында алакандай ак кашкасы бар, териси кыпкызыл болуп күнгө чагылышып Гүлсарат келип мага жакындай берди. Жалынын салаалырым менен сылап тарагылап, башына башымды тийгизип кучактадым. Гүлсарат менин оюм менен болуп эч каршылык кылбады. Мен Гүлсараттын мойнунан кучактап ак кашкасынан сылап, бетимди анын жаагына тийгиздим. Ал бир маалда аба жарып кошкуруп каттуу кишенеп жиберди, ойгонуп кеттим. Демим кыстыгып калган экен. Жаткан жеримден туруп, терезеден сыртка карасам таңдын агарган нуру менен бирге жакшылыктын нуру төгүлүп, ачык терезеден урданып кирген жаздын жагымдуу жели көңүлдү сергитип, ойлорду тээ алыска көкөлөтүп турду.

***

Эртең менен демейдегиден эрте туруп бети колумду жууп, чачыма ак бантик байлап. Сумкемди асынып мектепке жөнөдүм. Сиңдим Айнагүл ылдый, мен өйдө жакты көздөй бет алдык. Айылдаштарыбыз «Турсункул атанын көпүрөсү» деп аташкан көпүрөгө жеткенде классташтарым Калима менен Гүлмира жете келишти. Үчөөбүз сүйлөшүп мектепке бат жеттик. Мектепте бизден эрте келгендер да бар экен. Мен «Чыңгыз Айтматов» кабинетин ачып, досканы арчып тазаладым. Агайдын столунун жанына беш стулду катарлаштырып тизип, доскага жаңы бор алып келип койдум. Классташым Анара Асанова доскага бор менен чоң кылып, бадырайтып «Кыргыз элинин Улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов бизде мейманда» деп жазды. Аман агайдын кызы Дамира эже(философия илиминин доктору, профессору Жамгырбек Бөкөшевдин жубайы) ар түркүн гүлдөрдөн көп букетти биздин колубузга карматып: «Чыңгыз Айтматов эшиктен кирээр менен «Саламатсызбы?» деп бересиңер, андан башка эч бир сөз айтпастан башаламан болбой, ордуңарга отурасыңар деп өзү сыртка чыгып кетти. Ошол кезде Аман агайдын улуу кызы Дамира эже айылыбыздагы сулуу, мектепти жалаң «5» ке бүтүп бир жогорку окуу жайда да жакшы окучу. Бизда эжедей сулуу, тыкан болгубуз келчү, аны көргөндө абдан суктанып карап, урматтачубуз. Ал бизди ордуларыбызга отургузуп.





- Кыйкырбай тартиптүү болуп отургула. Баарыңар колуңарды көтөргүлө. Дилдара Буларкиева биринчи доскеге чыгып «Биринчи мугалим» чыгармасындагы Алтынайдын сөзүнөн монолог айтат. Андан кийин Гүлмира Бейшеналиева ушул чыгармадагы башкы каарман Дүйшөн тууралуу айтып берет. Калима Бөкөева «Гүлсарат» чыгармасы тууралуу кыскача баяндама жасайт. Анара Асанова болсо Чыңгыз Айтматовго арнап чыгарган ырын айтып берет. Агайыңар ушинтип айткан. Мен айткандай болосуңар уктуңарбы? - деп айтып сыртка чыгып кетти.

Классташтарым толук келишип отурушкандан кийин коңгуроо кагылды. Баарыбыз ордуларыбызга отурдук. Бөлмө ичи демейдегиден башкача тымтырс. Көп убакыт өтпөй Аман агай, мектептин директору, дагы бир эки киши болуп Чыңгыз Айтматовду ээрчип киришкенде баарыбыз жапырт ордуларыбыздан туруп «Саламатсызбы?» деп бир кишидей учураштык. Колубуздагы гүлдү Чыңгыз Айтматовго берип жатканыбызда, Аман агай менин колумдагы гүлдү Чыңгыз Айтматовдун жанында турган толук кишиге бер дегендей ишарат кылды. Агайдын сөзүн укпай чуркап барып гүлүмдү улуу жазуучуга бердим. Тургандар менин кылыгыма күлүп калышты. Баарыбыз ордубузга отурдук. Келгендер да кыркелекей коюлган стулдарга отурушту. Агай журналды ачып «Буларкиева Дилдара доскага келегой?» -деп доскага мени чакырды.

Мен доскага чыгып бир аз токтоп турдум. Класс ичи тымтырс болуп турду. Отургандардын баарынын каректери мени сынай тиктеп турушканын көрүп алып, бир азга апкаарый түштүм. Толкундануу менен Алтынайдын сөздөрүнөн үзүндүнү көркөм айта баштадым.

«О, айланайын капчыгайлуу, бай теректүү станциям!

Жүрөгүмдүн теңи түбөлүктүү ошол жерде калды окшойт. Жакын арада поезд келип, биздин айрыларыбызды билишкендей, тобу менен шыкалашып турган карагай бойлуу теректер, күүгүм аралата соккон шамалга ыргалышып, бирине-бири сүйкөнүп, алда эмнелерди шыбырашып үшкүрүк тартып күүлөнүп турушту.

Вагондун тепкичтерине чыгып, тигиндей барып кайрылсам, сындыра чабылган колу мойнуна асылган, Дүйшөн, берки соо колун сунуп жүткүнө берди эле, поезд ордунан козголуп, жылып жөнөдү.

- Кош, агай, кагылайын, айланайын агай!

Кош биринчи мугалимим, кош, биринчи мектебим, кош, балалык чагым, кош, жер кыртышынын астында көзү ачылбай калган тунук булак өңдүү, эч ким билбеген менин биринчи, менин наристе сүйүүм!

Мына ушинтип «Биринчи мугалим» повесттиндеги Алтынай Сулаймановванын сөзүн монолог катары үзүндүнү айтып жатканымда,

Бүткүл денем ысып кара тер чыгып, карегимден жашым мөлтүлдөп бетимен тоголонуп ылдый кулап турду. Отургандар менин турган абалыма жан тартышып аяшкандай шатыратышып кол чабышты. Чыңгыз Айтматов ордунан туруп, жаныма жакын келип жүз арчысын чөнтөгүнөн алып чыгып жүзүмдү арчып, менин чекемден сүйүп «Азаматсың, кызым!» деп кара сумкесинен кыргыз тилинде Саманчынын жолу: Повесттер жана аңгемелер. - Ф.: Кыргызмамбас, 1963-жылы басмадан басылып чыккан китепти алып, кол тамга жазып колума карматты. Бир азга тыныгып туруп Улуу жазуучунун жүзүн карап калдым. Ошол учурда анын жүзүнөн мага болгон аталык мээримди көрдүм. Балалык кызыгуу менен, улуу жазуучу колума карматкан китепти кызыгып карап, ордума чуркап барып отуруп алганмын. Менден кийин чыгып айтып бергендер жаңылып, уялып жатышты. Ошол күн өмүр бою жүрөгүмдө сакталып калды. Сабак бүткөндөн кийин классташтарым менин колумдагы китепти карап калышты, айрымдары аябай кызыгышып кармалап көрүштү. Партада катарлаш отурган Анара китепти кармалап көрүп туруп, кайра «Бул китеп менде бар»-деп колума карматып койду. Апам:





- Бул китеп аябай баалуу белек. Кыргыз элин дүйнөгө таанытkan улуу адамдын өз колунан алдың. Сумкеңе салып көтөрүп жүрүп жоготуп аласың - деп сандыгына катып койгон. Кийин ошол китепти таппай калдым. Эки күн ыйладым. Апам зорго үймө - үй кыдырып жүрүп таап берди. Бул мен үчүн жашоомдогу өтө кымбат буюм болуп калды. Айтматовдун ар бир чыгармасын жаздыгымдын астына коюп, аябай кызыгып кайталап көп окуп, адабиятка болгон кызыгуум ойгонгон.

***

«Жаныбарым Гүлсары» китебин атам жана баарыбыз абдан сүйүп окуп, ардактап сактап жүрдүк. Анткени бул чыгармадагы Танабайдын образы атамдын образына окшоп кетет. Атам Гүлсарыга окшош жал куйругу төгүлгөн маңдайында кашкасы бар атын аябай жакшы көрчү. Убагында жем-чөбүн берип, тазалап,тарап бапестеп карачу. Атам Талас районунда гана эмес облустагы эң алдыңкы чабандардын бири болгон. Каргашаны кайдан деп болот, Суусамыр жайлоосунан 30 га жакын койлорун кашкыр жара тартып жегенин жеп, айрымдарынын курсагын жарып жарымын жеп, айрымдарынын башы гана калып, иши кылып кызыл кыргын кылып салган. Чоңдор келип кашкыр жеген койлорду жазбай. Атамдын мойнуна салып баарын төлөйсүң, болбосо камаласың деп каттуу айтышты. Аман калган койлорубузду башка чабанга өткөрүп, кызыл кашка атын да алышып, боз үйдү бошоткула деди. Эми кайда барабыз деп корголоп калдык. Колхоздун малын багып жүрүп, айылда үй салбагандыктан айлалары кетип эмне жумуш жасап, кандай оокат кылабыз?- дешип ата-энем бозоруп отуруп калышты. Анткени атам ошол кезде 16 жыл кой артынан жүрүп, башка иш колунан келбечүдөй болуп малды жанындай көрүп, тоодо жашаганга көнүп кал-

ган экен. Болгонун болгондой кылып сүрөттөп «Советтик Кыргызстанга» азыркы «Кыргыз туусу» гезитине кат жаздым. Атын билбей калдым. Гезиттен бир киши келип баарын териштирди. Атам камалбай калды, короо койлорубузду, атамдын атын кайрадан атама кайтарып беришти. Ошол окуядан кийин айылдагылар мени «жазуучу кыз» дешип атап калышты. Атам болсо өмүрүнүн аягына чейин «Менин кызым жазуучу болот» деп айтып жүрдү. Атам 40 жашында сокур ичегиден каза болду. Атамдын аманаты катары мен Улуттук Университеттин журналистика бөлүмүн аяктадым. Бул окуу жайга төрт жолу тапшырып өтпөй, бешинчи жолу тапшырып жалаң «5» менен өткөм, «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» дегендей 1996-жылы гана бүтүрүп дипломду колума алдым. Жусуп Баласагын атындагы улуттук университетинин журналистика факультетин бүтүп жатканда курстук ишимди «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында кыргыз аялзатынын образдарынын даңкталышы» деген темада жазганмын. Чыңгыз Айтматов жөнүндө жеткире жазып бүтүү эч мүмкүн эмес. Ал чексиз чалкып жаткан океан. Ааламдын акылман сүрөткерине таазим! Анткени, менин адабиятка кызыгып, чыгармачылыкка аралашуума Улуу жазуучунун чыгармалары зор түрткү болгон. Анын калеминен жаралган чыгармалары бир гана мага эмес, мага окшогон миллиондогон окурмандарга маяк болуп жашоодо туура жолду көрсөтүп турат. **Чыңгыз Айтматовдун** ар бир чыгармасын бүткүл дүйнө эли сүйүп окушат. Залкар жазуучунун чыгармалары тунук сүйүүнүн, бийик адамкерчиликтин символу болуп эл ичинде жашай берет!





# Улуттук кино өнөрүнүн классиги



Төлөмүш Океев, биринчиден, кыргыз кинематографиясынын пайдубалын түптөп, профессионалдык деңгээлин бийикке көтөргөн режиссёрлордун бири катары, экинчиден, Орто Азия жана Кыргызстан кино өнөрүнүн классиги катары тарыхта калды.

**Чыңгыз Айтматов**

СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы сыйлыктын ээси, замандын залкар кинорежиссеру Төлөмүш Океевди кыргыздын рухун дүйнөгө таанытран сүрөткер, улуттук кинонун классиги эле эмес, коомдук ишмер, элчи катары мамлекетке зор пайдасын тийгизген инсан жана адамга күйүмдүү, намыскөй, сөздүн баркын билген тамашакөй, шайыр гана болбостон, чындыкка тике карап, өзүнүн көз карашын түз айткан "көк жал" болгон. Т. Океев 1966-жылы биринчи жолу тарткан "Бул жылкылар" кыска метраждуу тасмасы менен эле абдан жөндөмдүү режиссер, башкаларга окшобогон өзүнө таандык чыгармачылык өзгөчөлүгү бар сүрөткер катары өзүн көргөзө алган.



Анын даректүү тасмаларынан баштап, бардык толук метраждуу кинолору Африка, Азия, АКШ, Европадагы эл аралык фестивалдарда байгелүү орундарга татыктуу болгон.

Төлөмүш Океев "Бакайдын жайыты", "Уркуя", «Көк серек», "Кызыл алма", "Алтын күз", "Ак илбирстин тукуму" деген тасмалары менен кыргызды дүйнөгө тааныткан.Улуу сүрөткердин "Бакайдын жайыты", "Көк серек" тасмалары дүйнө жүзүндөгү эң мыкты 100 тасманын тизмесине кирип, дүйнөлүк мурас катары бааланганы бекеринен болбосо керек.

1989-жылы СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаты катары Москвада Коммунисттик партиянын Кремлдеги курултайында мамлекет башындагы дөө-шааларды, эл депутаттарын элге чындыкты айтууга, калп айтпоого үндөгөн.

- Алдыда абдан оор иштер турат. Негизинен элге жашоонун чындыгын жеткирүү керек. Калп айтпай, коркоктук кылбай, элге ак дилинен берилип, туулган Жер энени сүйүп, керек болсо ал үчүн жанды берүүгө даяр болуш керек,- деп Төлөмүш Океев белгилүү жазуучу Александр Твордовскийдин чыгармасындагы каарман Василий Теркиндин сөзү аркылуу өзүнүн жеке пикирин билдирген. Айтылуу кинорежиссер жана коомдук ишмер Төлөмүш Океев 1993-жылдын 9-апрелинде Кыргызстандын Түркия Республикасына толук ыйгарым укуктуу элчи болуп дайындалат, гиперинфляция жана каатчылыктан кабыргасы кайышкан интеллегенция үчүн анын элчилик кызматка кетиши кыргыз киносунун трагедиясы катары кабыл алынган. Токсонунчу жылдары турмуш оор болуп, баары кыйрап, кино-өндүрүшү токтоп, режиссер-операторлор туш тарапка кетип, киностудия жүдөп калган кез болучу. Ошол убакта Тышкы иштер министрлигинде Туркияга Атайын жана Ыйгарым Элчи болуп дайындалган Төлөмүш Океевди чыгаан кинорежиссер, СССРдин эл артисти, айтылуу кинотасмалардын автору, легендарлуу парламенттин депутаты катары элдин арасында тааныла алган.

***







Кыргыз улуттук кино искусствосунун кереметин жараткандардын алдыңкы сабында турган Төлөмүш Океевдин көзү тирүү болсо 2015-жылы 80ке чыкмак. Төлөмүш Океевдин ысмы, кино чыгармачылыгы жана коомдук ишмердиги дүйнө элине аттын кашкасындай таанымал.

Белгилүү советтик кинорежиссёр, СССРдин эл артисти, Кыргызстан кинематографисттер союзунун башкармасынын биринчи катчысы болгон Төлөмүш Океевдин өрнөк өмүрүнө токтоло кетсек, ал чыгармачылык жолун Санкт-Петербургдагы киноинженерлер институтун бүткөндөн кийин "Кыргызфильм" студиясында үн режиссёру болуп иштөөдөн баштаган. Л.Шепитьконун



"Антон"(1963) М.Ромалдын "Космонавттар көчөсү", "Аптап" өңдүү көркөм, илимий популярдуу 20дан ашык тасманы кыргыз тилине которгон. Ал өзүнүн биринчи "Бул жылкылар" (1966) аттуу кыска метраждуу фильмин тартып, режиссёрдук жөндөмү артылып, кийинки фильмдерин тартканга тажрыйба топтогон. "Бакайдын жайыты"(1966), "Нарын жылдыздары", (1968), "Советтик Кыргызстан" №5. (1968), "Боом" (1969), "Мурас" (1970), "Алгыр куштар" (1971), "Уркуя" (1971), "Көк серек" (1973), "Кызыл алма" (1975), "Улан" (1977), "Көрөгөч" №18 (1978), "Чыңгыз Айтматов" (1979), "Алтын күз" (1980), "Көрөгөч" №31 (1981), Скульптор Ольга Мануйлова (1982), "Ак илбирстин тукуму" ("Кожожаш") (1984), "Сүйүү жаңырыгы" (1986), "Абай" (1986), "Чыңгызхан "(1987-1988), "Куугунтуктоо" (1990-1992), "Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт" (1990), "Манас" деп ураан чакырып..." (Кыргызстан-Турция) (1995) өңдүү кинотасмаларды жараткан. Төлөмүш Океевге кыргыз кино өнөрүнүн өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн Кыргыз ССРинин жана СССРдин эл артисти деген наам берилип, Токтогул атындагы, Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыктары ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын, Польша, Казакстан Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери деген ардактуу наамдарга ээ болгон. Анын кинотасмаларынын дээрлик көпчүлүгү дүйнөлүк кинофестивалдарда баш байгелерди, баалуу сыйлыктарды жеңип алган.



2000-жылы күз айында Бишкекке келип киночулар үйүндө 65 жылдык маарекесине байланыштуу жолугушуу болуп, мамлекеттин экономикалык-социалдык абалына, элдин жакыр турмушуна жаны ачып,







демократиялык баалуулуктар сакталбай, коррупциянын гүлдөп өсүп бараткандыгына тынчсыздануусун билдирген.Ошондо "Маданиятка көңүл бурбаган мамлекеттин келечеги жок" деп каңырыгы түтөп, мекенине батпай кыргыздын уул-кыздары дүйнө кезип тентип жүргүшкөнүнө аябай кейиген.

Т.Океев Кыргызстан менен Түркиянын дипломатиялык карым-катнаштарынын башында туруп, түрк эли менен түбөлүктүү, терең, ар тараптуу мамилелерди түзүүгө эбегейсиз зор салым кошуп, пайдубалын түптөгөн. Ал учур Кыргызстан менен Түркиянын карым-катнаштары романтицизм доорунан өтүп жаткан кез болчу. Даңкы алыска угулган Тургут Озал, Сулейман Демирель баш болгон лидерлер Кыргызстанга байма-бай каттап, биздин жазуучулар, окумуштуулар, артисттер, киночулар Түркияга барып, биздин миңдеген жаштардын Түркиянын университеттеринде билим алууга кызыгуулары артып жаткан учур эле.

Улуу тоону ыйык тутуп, улут үчүн деп жашоо өткөрүп келген улуу сүрөткердин жүрөгү өлкөдөгү, коомдогу өзгөрүштөрдү, терс көрүнүштөрдү, мекендештеринин кайдыгерлигин көтөрө албай токтоп калдыбы деген да ойго келесиң.

Токсонунчу жылдары бийлик демократияны жамынып алып, автократиялык, үй-бүлөлүк башкарууга жылып, балчыкка батып бара жатканын көрүп, четке сүрүлүп, кантсе тура болот эле деп көп ойлонгон. Төлөмүш Океев - теңтуш

досторунун арасында эң чынчыл, кайраттуу, отко күйбөс, кошоматчылыка жакын жолобогон, сөзү оозунан түшпөгөн, чындыкты бетке айткан өз элинин патриоту болгон.

Ким болбосун дүйнөдөн эрте кайтса, аны билгендерге, артында калгандарга өтө эле өкүнүчтүү, түгөнгүс арман болот экен. Бирок жазуучу, кинорежиссер, дегеле чыгармачыл, жаратман адам эрте кетсе орду толгус жоготууга туш болот экенбиз. Алар менен бирге дүйнө сүрөтү, асыл баалуулуктардын чечмеленгени, миңдеген образдар, каармандар өчүп, барса-келбес дүйнөгө биротоло кетет экен.



Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында 1935-жылы 11-сентябрда жарык дүйнөгө келген Төлөмүш Океев 66 жаш курагында, 2001-жылы 18-декабрда жүрөк оорусунан Анкарада каза болуп, сөөгү 21-декабрда Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

2002-жылы 17-ноябрда "Кыргыз-фильм" киностудиясына Т.Океевдин ысымы ыйгарылган.





# Атам кыргыз элин жанынан артык сүйчү

Залкар режиссер Төлөмүш Океевдин кызы «Төлөмүш Океев» атындагы фонддун жетекчиси Азиза Океева төмөнкүчө баяндайт.

**Атам «Кызыл алманы» тарткан кез дайыма эсимде.** Мен анда он алтыда элем. Режиссерлор да геологдордой да. Кино тартабыз деп талаалап кетип, үйлөрүнө көптө кайтышкандыктан, үй-бүлөсү менен өткөрчү сейрек учурларды абдан баалашат. Мүмкүн болушунча аз убакыт болсо да бирге болгонго аракеттенишет. Атам Төлөмүш Океев да, буга чейинки татаал, кыйынчылык менен тартылган оор тасмаларынан кийин, лирикалык чегинүү катары жеңил, романтикалык «Кызыл алманы» тартаарда, бизди көл жээгине чогуу ала кетти. Апам, мен, сиңдим, иним сүйүнүп, бирге жөнөсөк да, ал иштээрин, ага эч кимибиз жолтоо болбошубуз керектигин билчүбүз. **Кеме үстүндөгү той көлдүн** Тосордон кийинки айылда кемелер токтогон жээк бар экен Караколго, Тоңго, Түпкө жүк ташыган. Ошол жердеги эң чоң жүк ташуучу кемени жалдашып, ага желектерди байлашып, той өтчү эпизодго даярдашты. Жүк ташыган кеме экени жакындаганда байкалса да, алыстан көп билинбейт. Азыр көргөн кээ бир жаштар, таң калып сурашат. «Байкатпай боеп койсо болбойт беле? Же, ошо кезде кемеде тойлошчу беле?» – дешип. Ал кезде кемеде той өткөрүү адамдардын түшүнө да кирчү эмес. Азыр деле аябай бай бирөө-жарым өткөрбөсө, жокко эсе. Бу режиссердун ой-кыялынан жаралган фантазиясы болгон. Көлдүн ортосуна деле эч ким сүзүп барчу эмес. Азыр деле эч ким барбайт. Кинотоп гана бир ай көлдүн ортосунда сүзүп, иштеп да, эс алып да жүрүп тартышкан. Теребел уксүзүп, коош эле, көл үстү миң кубулуп, миң түрлөнүп сонун болмуш кооз эле, көл үстү миң кубулуп, миң түрлөнүп сонун болчу. Бейиште жүргөнсүйсүң тимеле. Күнүгө тойдун эпизоду кичинеден күн баткыча тартылат. Күнүгө дублдар кайтала-

нат, күндө той, биз үчүн чыныгы майрам болгон. Той чындап болбосо дагы, музыка, шампандар чыныгы эле. Актерлор да, кинотоптогулар да баары жап-жаш, тап-татынакай, баары өз орду менен, баары керектүү, баары чын дилден иштегендер болчу.

**Атам романтикага өтө жакын болчу.** Атам жаратылышты, табиятты, сулуулукту абдан сүйчү. Бошой калса эле, үй-бүлөсүн алып, досторун, кесиптештерин чакырып, тоого чыгууну уюштура салчу. Бул фильмди тарткан кезде атам жаш эле. Фильмде ошол жаш режиссердун жан-дүйнөсүнүн лирикалык жагы толугу менен ачылып, романтикага, кыялга бай ички дүйнөсү чагылдырылган. «Кызыл алма» өзү кичинекей эле аңгеме да. Ал кезде Чыңгыз Айтматовду кезек менен улам бирөө тартып, «базары жүрүп турган» убак. Ошо кезде, Чыңгыз Айтматов атама «Сен деле тартып көрбөйсүңбү?» деп сунуш кылыптыр. Кичинекей аңгемени тартыш чоң мейкиндикти берет да режиссерго. Кандай фантазияласаң да жакшы кетет. Кыялыңды, болгон романтикалык ой-дүйнө, ички мүмкүнчүлүгүңдү ачып алсаң болот. **Мен эпизоддорго да тартылган жокмун.** Тою болуп аткан жаш кыздын ролуна кичүү сиңдим Алиманы тартайын деп ойлогон, бирок ал дал келбей калды. Оператордун кызы Анара Маткадырованы тартты. Азыр ал Москвада жашайт. Профессор, илимдин доктору. Алима атамдай дипломат болду, Түркияда. Мен «Төлөмүш Океев» атындагы фондду жетектеп атам. Быйыл он сегизинчи декабрда атамдын өлгөнүнө он төрт жыл болот.

Таттыбүбүнү, ошо кездеги «мода» боюнча баары «Таня» дешчү. Абдан олуттуу, салмактуу жүрчү. Чокморов анда бир топ жашта эле. Каармандын жаш кезин ойногондо, ага Япониядан атайы узун парик заказ кылышкан, жаш көрсөтүш үчүн. Ал кезде, мындайды биздикилер билишчү эмес. Таттыбүбү экөө ат үстүндө жорго минип баратканын тартканда, аларга бир курс ат үстүндө камерага бери карап жүрүү ыкмасын үйрөтүштү. Муну режиссер өзү ойлоп таап тартты. Гүлсара Ажыбекова Сүймөнкул Чокморов менен күйөөсү-аялы болуп,





мамилелерин териштирген кадрда, көл жээктеп баскан эпизод бар, ошо жерде актриса тап-такыр ыйлай албай кыйналды. Улам бир дубль тартышып, жарабай калып, кайра токтошот. Күн өтүп, кеч кирип кетип, эртесине калат. Ошентип убаралана бергенде, атам жанына басып барып түшүндүрүп атып, күтүүсүздөн жаакка берип калды. Ызаланган актриса шолоктоп ыйлап жиберди. Ал ыйлаар менен атам «Баштадык!» деген команда берип тартып кирди. Тартып бүткөн соң кечирим сурады. Актриса да түшүнүп, таарынбады. Бир жолу, кечинде пансионатка кайтаар мезгил болду. Карасак, бизди пансионатка жеткирчү шоопур бутуна туралбайт. Эмне кыларды билбей туруп калдык. Чокморов абдан сылыксыпаа адам эле «Мен айдап көрөйүнбү?» деди. Кинодо эле кичине айдап тартылып, билчү эмес. Баары айла жок, болуптур дешти. Жол жаман, өңгүл-дөңгүл. Ал акырындан кыбыратып этият айдап, эптеп жеткирди. Ошондон кийин айдап көнүп кетти, үйрөнүп.

Мен бул фильмди Францияга, Германияга алпарып көрсөттүм. Алардын көздөрү бакырайып, аябай таң калышты. «Ошо, 75-жылдары ушундай жакшы жашачу турбайсыңарбы? Ушундай жарашыктуу, модалуу кийинчү белеңер?» деп. Парадды көргөндө тимеле кусалык пайда болот, ошо кезге. Эң сонун убак өтүп кетиптир. Жакында Каракол до болгон «Оймо» фестивалында фильмди элге койсом, музыкасына элдин баары чыгып бийлешти. **Музыкасын Шандор Каллош укмуш жазган.** Шандор Каллош мыкты композитор. Ал атамды абдан жакшы көрчү. Эски бир англия акынынын ырын таап ошого обон чыгарып, жаздырып келген. Той болгон жерде, кемеде Жамал Сейдакматова чындан эле өзү ырдап аткандай туюлат. Ал кинотоп менен көл үстүндө бир ай жүрүп, кино тартылып бүткүчө Кыргызстанга, анда жашаган кыргыздардын табигый, жөнөкөй жашоога, анда жашаган кыргыздардын табигый, жөнөкөй жашоосуна ушунчалык берилип, жакшы көрүп калыптыр. Атамдан ушу кыргыз жеринде калып, тоодо чабан болуп жашагысы келерин айтып жалынып сураныптыр. Атам болгон кадырын

салып атып, ага Бөкөнбаевдеги Ленин колхозунун башкармасы Тойчубаев дегенден, тоодо кой багып жашаганга руксат алып берет. Ал кой бөлдүрүп алып тоодо жашап, жакшы чыгармаларды жаратайын деп ойлосо керек. Анын кой жайып коюп, өзү кыялданып башка иш менен алек экенин көргөн, чыгармачыл адамдын жан-дүйнөсүн түшүнбөгөн тегерегиндеги кээ бир түркөй адамдар ага башкача мамиле жасай башташат. Композитордун койлорду өзү кайтарып, чоочундарды, ууру-бөрүнү жолотпогон итине көз артышып итин сатып алууну каалашат. Сатпай койсо, уурдаганга аракеттенишет. Уурдай албай калганда ууландырганга чейин барышат. Абдан көңүлү калган композитор-«чабан» жарым жылга жетпей, атам менен коштошконго жарабай, таарынган бойдон ал жерден качып кетиптир. Аны аябай таарынтышыптыр. Ал азыр Москвада жашайт. Өткөн жылы «Төлөмүш Океев фонду» атамдын фильмдеринин музыкалары боюнча «Музыкалык кече-концерт» уюштуралы десек, музыканттар ойноп аткарганга ноталарын таппай калдык. Баарын өрттөп салышыптыр.

***

**Менин атамдын балалык чагы согуш учуруна туш келген. Бала чагынан согуш деген оор жоготуу экенин, ачарчылыкты, жокчулукту алып келе турганын билген. Андан тышкары атам ата-эненин мээримине муктаж болуп чоңоюуптур. Атам курактуулар «Биз-согуштун балдарыбыз» деп аташып коюшчу экен. Мен көргөн кыйынчылыктарды көрүшпөсүн деген ниет менен атам өз үйүн курганга аракет жасап, бизге аталык мээримдин камкордугуна бөлөп турууга аракет кылса керек. Апам бизди тарбиялады. Биз кичинебизден атамдын кадырбарктуу адам экенин билип өстүк. Атам бизди сөз менен эмес,өзүнүн жакшы жана үлгүлүү иштери менен бизге өрнөк боло алды.**

***

Мектепте окуп жаткан кезибизде атам биздин окуубузга, мектептеги коомдук иштерибизге кызыгып турчу. Андан тышкары классыбызда ким эң жакшы, ким жаман окуганына да кызыгып сурап турчу. Мектепте ата-энелер чогулушу болуп иним экөөбүздүкү бир учурга туш келип калат. Ошондо атам ким окууну «эң жакшы» баада окуса мен ошого барамын, кимиси жаман окуса сен ошонун чогулушуна барасың деп айткан. Ошондуктан мен сабактарымды «эң жакшы» баада окуганга аракет жасачумун. Атам менин ата-энелер чогулушума барып жүрдү. Атам бизди жакшы сөздөрү менен мактап турчу. Кээде гана мактачу. Чет мамлекеттерге барып келгенде ар бирибизге белектерди алып келип майрамдык шаңга бөлөп жиберчү. Атамды дайыма жашоонун бир башкача шаңдуу майрамы коштоп жүрчү. Ал бизди кубанычка бөлөп, биз менен жаратылышка суктанып эс алганды жакшы көрчү. Атам кыргыз жерин, кыргыз элин жанынан артык кадырлап сүйчү. Атам бизге курчап турган айлана чөйрөнүн сулуулугун көрө билүүнү үйрөткөн. Күндүн чыгышын жана кантип батканын карап суктанууну үйрөткөн. Атамдын арабызда болгону биз үчүн өтө маанилүү эле. Ал анткени биз үчүн баардыгыбызга тегиз чачырап тийген күнүбүз болчу. Ал барда телегейибиз тегиз сезилчү...

**Кыргыз эл артисти Токтогул сыйлыгынын ээси, таланттуу оператор Нуртай Борбиев:**

# «Ак илбирстин тукуму» Берлинди багындырган



*Кино индустриясында кыргыз керемети аталган «Ак илбирстин тукуму» тасмасы көрүүчүлөрдүн кызыгуусун бүгүнкү күнгө чейин арттырып келет. Операторсуз кино тартылбайт. Аталган тас-*

*манын тартылышы туурасында мыкты оператор, актер жана режиссер, Кыргыз эл артисти* Токтогул сыйлыгынын ээси, таланттуу оператор *Нуртай Борбиев агабыз мындайча баяндап берди.*

«Кожожаш» киносу 1983-жылы тартылган. Кинодо оңойолтоң кадр тандоо болбойт. Чыгармачыл адамда изденүү болуш керек. Бир чети кино тартканыма өзүмдү бактылуу деп эсептейм, себеби, режиссер Төлөмүш Океев мени мурда эле билчү. Режиссерлор деле ким менен иштешүү керектигин издешет эмеспи. Ал мени үйүнө алып барып, чай үстүндө «Кожожаш» менен «Карагул ботом» кенже эпосторун бириктирип, кино тартайын деген ниетин сунуштап калды. «Кожожаш жөнөкөй эле бүгүн бар эртең жок тасмалардын бири эмес. Бул эл оозунда кылым-







дан бери айтылып келе жаткан чыгарма. Эгерде уят болбой тургандай кылып тартсак, анда мен өзүмдү чыгармачылыгымдагы эң бир жетишкендигим катары баалайм» деп ойлоп, тартууга макул болдум. Ошентип «Ак илбирстин тукуму» тасмасын тарта баштадык.

«Ак илбирстин тукуму» Кыргызстандын төрт жеринде тартылган.Тасма атактуу Хан-Теңири чокусунда тартылды. Караколдон Хан- Теңириге чейин тик учак менен 40 мүнөттө жетесиң. Жөө басса үч күндүк жол. Ал жакка барганда да, тоого чыга алган альпинисттерди баштап баруу керек. Аталган чокунун бийиктиги 6, 995 метр. Деңиз деңгээлинен 5 миң метр жогору. Биз албетте чокусуна жете алган жокпуз, бирок, андан бир аз төмөнүрөөк жагында болдук. Ал жерде муздун үстүндө он беш күндөй туруп калдык. Күн абдан суук. Жаңы барганда ар онон беш мүнөттүн ичинде «дүңң» деген үн угулуп жаткан эле. Көрсө, муз бири-бирине урунуп, «дүңң» деген үн угулуп жатканы ошондон экен. Анан алар акырындап сынып, эрип, суу болуп агып келет тура. Андан кийин Казакстандын Моюн-Кум талаасына бөкөндөрдү тартуу үчүн бардык. Ал жакка февраль-март айларда барганбыз, сөөктөн чучукка өтө турган суук. Жигиттерибиздин муруттары да муз болуп тоңуп калган эле. Биз баргандан кийин бөкөндөргө 300 метрдей алыс аралыкта жайгашып, жардамчы операторлорум менен тарта баштадык. Алар бизди көрүп калса, акырын жылып качып жөнөйт. Мен болсо бөкөндөр көрбөсүн деп аппараттар менен кыймылдабай гана олтурам. Моюн-Кумда бир ай жүрдүк. «Ак илбирстин тукумун» Кыргызстандын төрт жеринен тарттык. Андан кийин Ала-Арча капчыгайында, Ат-Башыда бир- эки айдай жүрүп калдык. Мундузбайдын айылын, тойлорду жана ойроттор менен салгылашкан жери бар эле аны тартабыз деп Ат-Башыда эки ай жүрдүк. Негизинен тасманы тартканга бир жарым жылдай убакыт кетти. Моюн-Кумдан келгенден кийин ооруп калдым. Муз үстүндө жүргөнүм жана Казакстандын талаасындагы суук зыянын тийгизбей койбоптур. Анан бир күнү Төлөмүшкө: «досторуң бар го, эптеп бир сауна таап берсең боло» деп айттым. Ал макул бо-

луп, бир саунага бардык. Андан келгенден кийин бир ай ооруп үйдө жаттым. Көл-шал болуп абдан тердедим. Колум мурдума жетпей абдан кыйналган учурум болгон.

***

**Өзүмдү мактагым келбейт.Чындыкты айтсам** мен тарткан кадрлар болбосо, мыкты кино болот беле, болбойт беле ким билет? Тартууга ылайыктуу жер тандап жатканда Төлөмүш экөөбүздүн ортобузда талаш-тартыш жаралган. Кожожаш болсо тоонун арасында жашаган мергенчи. Андан тышкары дагы бир учур Кожожаш менен Касендин тоодо кетип бара жаткан жери бар эмеспи. Аларды «бери жактан эле тарта бер» деп Төлөмүш болбойт.Ал мени кыйналбасын деп аяганын сездим. А мен тээтиги аскалардын фонунда көчкүнүн келе жатканын да кошо тарткым келди. Эгер андай тартпасам мыкты эффект жаралбайт болчу. Анан тырышып, айтканыман кайтпай туруп алып тарттым. Тасмада абдан бороон болуп жаткан жери бар. Дагы бир айта кетчү нерсе ошол бороондор жасалмасыз болчу. Мурда бороонду атайын канат-куйругу жок учактын моторун иштетип карды учурт-чубуз. Мында чыныгы бороон болуп жатканына карабай мыкты тасманы тартууга аракет жасадым. Жыйынтыгында мыкты тасма аталып, бет ачаары Германиянын Берлин шаарында болду. Анда «Ак илбирстин тукуму» «Күмүш аюу» номинациясына ээ болуп бизди сыймыктандырган. Экинчиси, Москвада өткөрүлдү. Оператордук билимим жок болуп туруп эле, ушундай зор ийгиликке жетиштим.

Кинону өтө кыйынчылык менен тарттык. Бир жолу мындай окуя болду. Төлөмүш Океев «кайберендерди тартыш керек, кийин убакыт болбой калат» деп калды. Анан тоо кийиктерин тартуу үчүн Кегети деген жерден дагы өйдөрөөк токойдун арасына бардык. Анда май айы эле. Кадимкидей эле бир чатыр тиктик. Бир маалда 50-60тай кайберенди көрдүк. Алар турган жер өтө бийик экен. Аларга жакын барабыз деп күйүгүп, демибиз кыстыгып араң жеттик. Жетип эле аппаратты койгучакты жыт сезип тура башташты. Ошол учурда





кайберендер качып бара жаткан жерин шашып тартып калууга үлгүрдүк. Аларды тартып, кайра кайтып келе жатсак, жол боюндагы суу жээгинде бир кайберен турат. Сур эчки экен. Ага акырын жакындадык. Ал же качпайт, ошол жерде эле турат. Көрсө, кене каптап, денесин жеп коюптур. Ошондуктан ал жүдөп, башы айланып араң турган экен. Анан «Кудай мындай бербеспи» деп ары жагынан да, бери жагынан да сүйүнүп тартып жатам. Ошондо да качып койбоду. Анан кийин аны унаабыздын багажына салып койдук. Кийин үйүмө келгенде аны да кошо ала келдим.

Кайберендерди тартабыз деп жүрүп, кызыктуу окуяларга туш болдук. Атайын биз жалдаган мергенчилер кайберенден онду атышкан экен. Туюк Ала-Арча деген капчыгайдан болчу. Теке абдан оор жана мүйүздүү болот эмеспи. Аны беш-алтоолоп араң он-он беш метрдей жерге чейин көтөрүп барып, анан ылдый көздөй кулатышкан. Мен ошолорду тарттым. Текенин салмагы 150 килограммдай эле. Өлгөн кайберендердин этин таштап салмак белек? Аны союп, этин мергенчилерге берип, калганын аябай ачка элек, казанга салып бышырдык. Бирок биз менен барган балдардын бирөөсү ичип, мас болуп калган эле, ал байкоосуздан сорпого солярканы куюп салган экен. Бышкандан кийин эти да, сорпосу да керосин жыттанат. Ошентип кайберендин этин жей албай калганбыз. Бир жолу дагы бир кызык окуя болгон. Менин жанымда тасманын директору да бар эле. Адаттагыдай эле кайберендердин артынан кетип бара жатканбыз. Колубузда оор аппараттар бар. Тоонун абасы демибизди кыстыктырып араң жол жүрүп келе жатсак, бир жерде эки-үч ат байланып турган экен. Анын жанында кайтарып, бир жаш жигит туруптур. Жакын барып, «бизди баланча жерге аттарың менен жеткизип кой» деп сурансак, кашайып болбойт. Ошондо абдан жиним келип, «сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?» десем «мергенчилик кылып жүрөм» деди. «Силерге теке атууга ким уруксат берди, лицензияңар барбы?» деп опузалап, телевидениеге чыгарам деп, пленкасы чыгарылган камера менен калп эле тар-

та баштадым. Ал жигит ары качат, бери качат, болбой эле тарта бердим. Анан бир учурда бир аксакал келип калды. Ал киши совхоздун директору экен көрсө. Обкомдун экинчи катчысын коноктоо үчүн теке атып жүргөнүн айтып калды. Ошол жерден эле уруксаты жок текени атууга болбой тургандыгын айтып, аны да коркута баштадым. Анан эле ошол аксакал киши жанагы жигитти опузалап урушуп кирди. Ошентип алар бизди жетээр жерибизге чейин аты менен жеткирип келишти.

***

**«Тарткан тасмам начар болуп калды деп» маанайым түшкөн учурду эч унутпаймын.** Салмагы 20-30 килограммдай болгон оор камераларды көтөрүп, сууктан калкалап, көтөрүп жүрүү оңой эмес. Ал учурда тасманы тартып бүткөндөн кийин пленканы түз эле Ленинградга жөнөтчүбүз. Алар карап көрүшүп, печатталгандан кийин бизге жөнөтүшөт. Биз ошондо гана кандай тартылгандыгын көрө алабыз. Анан бир күнү эле Ленинграддан келген пленканы сүрөтчүлөр менен бирге карап жатсак, анын кээ бир жерлери күңүрт чыгып, начар болуп калган экен. Аны көрүп эле маанайым түштү. Көрсө, пленканын күңүрттөнүп калган жерин акырын тешип коюш керек экен. Анан ал жараксыз болуп, киного жарабай калат да, ал жерин алып таштаса болот экен. Ошентип кээ бир жараксыз жерлерин алып салып, мыкты тасманы жараттык. Биздин аракетибиздин текке кетпегени ушундан эле байкалат. Бир күнү тасма туурасында билген окшойт атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматов колумду кармап «сен мыкты оператор турбайсыңбы?» деп мактаган эле. Ошол мактоо сөзү мени чыгармачылыгымдын өсүшүнө түрткү болгон.





# Өчпөс чолпон жылдыз



Сабира Күмүшалиева кыргыз жана советтик, театр жана кино актрисасы. Ал кыргыз театр жана кино искусствосун профессионалдуу деңгээлге жеткирген инсандардын бири болуп саналат.

Ал 1917-жылы 17-мартта Чүй облустунун Төкөлдөш айылында туулган, 2007-жылы 15-сентябрда 90 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. 90 жаштык өмүрүнүн 73 жылын киного жана сахнага арнаган. Борбордогу мектепти аяктагандан кийин, Фрунзе педтехникумуна тапшырып, аны ийгиликтүү бүтүргөн соң, 1932-1934-жылдары башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген. 1934-жылы Кыргыз драма театрына актрисалыкка кабыл алынып, алгачкы жолу Касымаалы Жантөшевдин «Карачач» пьесасында башкы каарман Карачачтын ролун ойногон. Алгач 1930-жылдарда коюлган К. Жантөшевдин “Карачач” спектаклинде Карачачтын, Ж. Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасында Ситайхонун, М. Токобаевдин “Кайгылуу Какейинде” Зууранын ролун аткарган “Тар капчыгай”, “Курманбек”, “Жаңыл мырза”, “Борбаш”, “Каныбек”, “Бийик жерде”, “Биринчи мугалим”, “Атанын тагдыры”, “Манастын уулу Семетей”, “Күйөө жолдош”, “Жарыктык карыларым”, “Эртең жаңы жыл” жана башка спектаклдерде негизги каармандарды ойноо менен Кыргыз академиялык драма театрынын өсүшүнө чоң салым кошкон.

Актриса жалпысынан 150дөн ашык роль жаратып, күйөрмандардын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун таба алды.

Өзү кинодогу ролдору менен театрдагы ролдорун эч качан бөлгөн эмес, баарын бирдей көрчү экен. Тасмаларда негизинен эпизоддук ролдорду жаратканы менен, өзүнчө бир кайталангыс талант менен ойноп, ал ролдорго башкача боек сүртүп берер эле. "Жамиля" тасмасында (Ирина Поплавская, 1969-ж) ушакчынын ролу, "Отко таазим" тасмасында (Төлөмүш Океев, 1972-ж) Уркуянын апасынын ролу, "Ак кеме" тасмасында (Болот Шамшиев, 1975-ж) Карыздын ролу, "Эл арасында" тасмасында (Болот Шамшиев, 1978-ж) Сайкалдын ролу буга чоң далил. Аны менен катар эле казак боордошторДун дагы «Адам-бугу», «Боордошум», «Уул тууган», «Согуш учурундагы балдар» жана башка тасмаларында мыкты, кайталангыс ролдорду жарата алган. 1957-жылы театр искусство жаатында мыкты эмгек сиңиргендиги үчүн Сабира Күмүшалиева "СССРдин эмгек сиңирген артисти" андан кийин «Кыргыз Эл артисти» наамын алган. Мына ушундай Өкмөттүк жогорку сыйлыктар анын чыгармачылыгына эргүү берип, күчүнө күч кошкон. Ушундан кийин Сабира Күмүшалиеванын өнөрү өркүндөп, актрисалык чеберчилиги артып, театрга болгон кызыгуусу күч алып бүтүндөй жан дүйнөсү менен искусстводо сүңгүп кирип, өзүнүн 75 жылдык жашоосун театр, киного арнап, кыргыз жана казак фильмдеринде, элдин эсинен кеткис не бир сонун спектаклдерде жүздөн ашык ролдорду жаратып, өзүнө түбөлүк урагыс эстелик тургузуу менен бирге кыргыз маданиятынын өнөр деңгээлин Ала-Тоодой бийиктикке көтөргөн.



***

Сабира Күмүшалиева атайын актёрлук билим албаса да табигый жөндөмү, тубаса таланты менен кичинекей эпизоддук образдарды жаркыратып ачып бергендиктен "кичинекей ролдордун чоң актрисасы" деген ары





жөнөкөй, ары таамай баага татыган. Ал кичинекей эле эпизоддон чоң роль жаратып койчу экен. Муну айтылуу режиссер Болот Шамшиевдин «Ак кеме» тасмасындагы Керез аттуу кемпирдин ролун аткаруудагы чеберчилигинен улам билсек болот. Ал аталган тасмада тажаал, ачуусу чукул, чапчаң, өзүмчүл адамдын кулк-мүнөзүн, образын түзгөн. Ушул образ аркылуу тасманын өңүн ачып, деңгээлин көтөргөн. 1957-жылы режиссерлор Э. Шенгелая менен А. Сахаровдор тартышкан "Муз жүрөк жөнүндө баян" кино тасмасында аткарган ролдон тартып, көпчүлүккө кеңири маалым "Токтогул", "Ак кеме", "Уркуя", "Фудзиямада кадыр түн", "Эрте жаздагы турналар", "Караш-караш", "Бөрү зындан", "Бакайдын жайыты", "Ак куулар конгон айдың көл", "Арман", "Атадан калган туяк", "Куш өмүр" жана башка кинолордо ар кыл мүнөздөгү кайталангыс образдарды жараткан. Сабира эженин жаратылыш берген кыймыл аракети актрисалык чеберчилиги башка актрисалардан айырмаланып турат. Жараткан ролдору бирибирине эч окшобойт. «Ак кеме» тасмасы 1976-жылы тартылып, IX Бүткүл союздук кинофестивалдын баш байгесине ээ болгон.

***

Эң сүйүктүү майрамы – 8-март эл аралык аялдардын майрамы болгон. Себеби ал жазды, гүлдөрдү аябай жакшы көрчү экен. Үйүндө кышы-жайы дебей дайыма жыпар жыты аңкыган жаңы гүлдөр турчу.

Анын чыдамсыздык менен күткөн майрамдары: 1-март - жаздын келиши, 8-март - Аялдардын эл аралык күнү, 19-март - өзүнүн туулган күнү, 21-март - Нооруз, 27-март - Театр күнү. Мына ушул даталуу күндөрдү Сабира чыдамсыздык менен күтүп, жаздын узак болушун самачу экен. Анын үстүнө анын аткарган кинодогу, театрдагы кейипкерлери да жаздын күнүндөгү аба ырайы сыяктуу эле. Сабира Күмүшалиева театрдабы, кинотасмадабы, ар кыл мүнөздөгү образдарды кайталангыс деңгээлде жараткан. Казак боордоштордун «Адам-бугу»- Боордошум», «Уул тууган», «Согуш

учурундагы балдар» жана башка көптөгөн тасмаларында да ролдорду мыкты ойноп, эки элдин достугунда да данакер болгон болсо, кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында көптөгөн ролдорго жан киргизип көрөрмандарынын жүрөгүнөн орун алып, сүйүүсүнө, урматтоосуна ээ болгон. Күмүшалиева көптөгөн сахналык ролдорду жаратып, таланттуу театр артисти катары таанылган. Күмүшалиеванын артисттик дарамети комедиялык жана катаал мүнөздүү образдардан көрүнгөн. Аларга: Фан-и (Цао Юй «Тайфун»), Мастан (А.Көбөгөнов, «Болот менен Тынар»), Майсалбүбү (Т. Абдымомунов, «Тар капчыгай»), Оңолкан (Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»), Шербет (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу») ж.б. кирет Р. Шүкүрбековдун "Күлүсүнүнөн" Күлүсүндүн, "Жашыл токойдон" Жалжалдын, "Жапалак Жатпасовдо" Серептин, А. Көбөгөновдун "Болот менен Тынарда" Мастандын ролдорун өтө чеберчилик менен аткарган.

Дүйнөлүк жана орус классикалык "Отеллодо" Бьянка, "Он экинчи түндө" Мария, "Күнөөсүз күнөөкөрлөрдө" Галчиха, "Жаш гвардияда" Любовь Шевцова, "Павлик Морозовдо" Алёша, "Бернарда Альбодо" Хасефа, "Егорь Булычевде" Зобунова, "Тайфунда" Фань И, "Акылдан азапта" Княгиня, "Айлакер сулууда" Ортенсия, "Уурдалган өмүрдө" Кэй сыяктуу ири ролдорду аткаруу менен классика дүйнөсүнө да аралашкан.



***

Сабира апа 85 жашка чыгып, торколуу тоюн белгилейт. Бул тойго бийликтин өкүлдөрү Апас Жумагулов, Күлүйпа Кондучалова, президенттик аппараттын өкүлдөрү катышып отурган. Күмүшалиева жашоодо да, театрда да күтүүсүздөн эле бир нерселерди ойлоп таба койчу экен. Ошол кечеде да сахнага чыгып, анын талантына таазим кылып келген элдин баарын сыдыра карап чыгып, күтүүсүздөн «Бул жерде менин элим отурат, күйөрмандарым отурасыңар, силерге бир эркелеп алсам болобу?» деп калат. Эл эмнени айтат болду экен деп кулак түрүп калат. «Өзүмдөн жаш кесиптештерим, сиздин сөзүңүздү угат, сиз айтсаңыз» деп мени сахнага чыгарышты. «Муратбек Рыскулов сыяктуу залкар адамдар иштеген театрдын атынан, театрдын жамаатынын, өзүмдүн атымдан, ушул кыргыз драма театрына «улуттук» деген наам ыйгарып берүүңүздөрдү сурансам болобу, менимче, «улуттук» деген атка татыктуу эле болсок керек «деп суранганда, элдин баары туруп кол чаап жиберишкен экен.







**Сабира Күмүшалиева апа тууралуу анын кызы Нуржамал Рыскулова төмөкүлөрдү баяндап эскерет:**

Атам Муратбек Рыскулов каза болгон жылдары тартип ушунчалык каттуу болчу. Импорт кийимдерди жөнөкөй адамдар ала алчу эмес. Ошол кезде апам Сабира Күмүшалиева Бельгиядан келген пальтолорго ашык болуп жүргөн. Күйөөсү өлгөн Күмүшалиеванын көңүлүн бир көтөрүп коелу дегенби, айтор, соода министрлигинен чалышып, «Силерге бир пальто даярдап койдук. ЦУМдан алып кеткиле» дейт. "Жолдон апам «Ушулар мени пальто алып атат деп

милицияга карматкан аткан жокпу» деп чочулай баштады. «Койчу апа, министрликтен чалып атышса» деп жооткотуп койдум. ЦУМга жете бергенде колумдан мыкчый кармап, «Нуржамал, мына көрдүңбү, булар бирдеме кылган атат» деп дүкөндүн эшигин кайтарып турган милицияны көрсөттү. «Алар ушинтип кайтарышат» деп араң түшүндүрүп, лифтке түшсөк, дагы бир милиция кирди. Анда да колумду дагы бир мыкчыды. Ошентип пальтону кийип көрдү, алдык. Сатуучу баштыкка салып берип атса, «Нуржамал, баштыкты сен кармачы, ээ» деп шыбырап атпайбы, кайран апам. Антпесе деле мен көтөрмөкмүн да. Мен пальтону көтөрүп үйгө кеттим, апам «Ак кемеге» тартылганы сьемкага кетти. Жаңы эле үйгө кирсем, эшик чырылдап калды. «Ким?» десем, «милиция» дейт. Корккონумду айтпагыла. Ачсам, формачан орус киши турат. Кирди дагы, аркы-беркини сурап туруп «я к Муке» десе болобу? Мен анда жашмын да, «Вы что незнаете? Муке умер» деп салдым. Тиги киши бозоруп, тамга жабышты да, ылдый жыгылып барататат, чуркап суу алып келатсам, телефон чырылдайт. Алсам, апам экен «азыр, бияк-ка милиция келиптир…» деп эле сөзүмдүн аягына чыгалекте «бер пальтону, акчасын да алба, ушуну көрмөкмүн, кийбей эле койдум ошол пальтосун» деп кыйкыра баштады. Анда ары жактан «Көрдүңөрбү, бул кемпир пальто уурдаптыр» деп Орозбек Кутманалиевдин тамашалай сүйлөгөнү угулду. Суу ичип, өзүнө келгенден кийин тиги адам эмнеге келгенин айтып берди. Көрсө, атамдын баягы мылтыгын каттоодон өткөрүп коёюн деп келиптир да, байкуш. Ал кеткенден кийин апама түшүндүрсөм, шаңдуу үн менен «Ай көрдүңбү, пальто уурдалган жок. Мен эртең жаңы пальто кийип келем» деп мактанып атат.

Эл артисттеринин үй-бүлөсүн чоңдор көрүнө турган ооруканалар карачу. Бир күнү менин тишим ооруп калат. "Апам орусчаны жакшы билбейт да, анысын шек алдырбайын деп үй кызматкерлерине «Варя, Оля, сегодня Нуржамал поведем больница. Красиво оденьте, мы пойдем высокопостав-





ленный больница» деп атпайбы. Тигилер мени укмуш кийинте баштапшты. Ак туфли, жашыл колготки, көк юбка, кызыл бешмант, башыма кызыл үкү топу кийгизишти. Анда да бир эле канат тагылган. Элестетип көргүлө, өзүмчө эле светофор болуп, врачка бардык. Мен төрт жарымда болчумун. Врач жакшы кабыл алып, апамдан менин жашымды сураса, орусча жакшы сүйлөгөнүн билдиргиси келип «ей половина пятого» деп жооп берип атпайбы.Бир жолу ооруканага барса, "калга анализ тапшырып келиңиз" деп жөнөтөт. Үйгө келип, моюнунун артында чоң калды "сыгып бергилечи" деп суранат, "Ой, эмнеге, калды сыккан коркунучтуу да" десем, "ой, доктур кал тапшырып кел дебедиби?" деп бир күлдүргөн. Дагы бир күнү келинин "ургаачы тооктун этин алып келип, шорпо кайнатып бергиле" деп жумшайт. Орусча сүйлөп өскөн кыз аны түшүнбөй, чыгып башкалардан сурайт "ургаачы тоок деген эмне?" деп. Мен апама кирип "Апа, ургаачы тоок деген эмне?" деп сурасам, "Эми силерге орусча кантип түшүндүрсөм? Курицина дочка" деген.

Атам колун сурап, артынан жүргөн кезде апам согушка кетип, дайынсыз жоголгон күйөөсүн күтүп жүргөн экен. Ушул окуя чын-калпын билбейм, бирок өзүлөрүнөн уккам. Кесиптештери менен май майрамдарынын биринде шаар четине эс алып чыгышыптыр. Атам апамды шар аккан суунун жээгине чакырып, дагы колун сурайт. Апам каршы болгондо, колунан тартып сууга салаңдата кармап туруп «же сен мага турмушка чыгасың, же мен сени ушул сууга салып ием» дептир. Апам коркконунан "макул" деп коюп, бошоткондо «мен баары бир күйөөмдү күтөм» деп туруп качып жөнөптүр. Атам кармап келип, кайра сууга салам дегенде апам макулдугун берип, экөө бактылуу өмүр сүрүштү.

***

Көп жылдан кийин Сабира апамын биринчи күйөөсү согуштан кайтып келген. Аялынын жаңы турмушун көрүп, өзү да башкага үйлөнгөн. Атам Муратбек Рыскуловдун кең пей-

илдигин ушундан байкаңыз, Сабира апам алып жүргөн биринчи күйөөсүнүн фамилиясын өзгөртпөй калтырышын сураныптыр. «Кой Сакиш, Күмүшалиев биринчи күйөөң, ал жаман адам эмес. Согушта сейилдеп жүргөн жок, паспортко жазылып калган фамилиянды өзгөртпө» деген экен.

Апам атамды дайыма өзүнөн өйдө койчу. Бир жолу үйдү ремонттоп калышат. Иштеп аткан жумушчуларга чыгып "Бул жерин мындай кылгыла, тигил жерин мындай кылгыла" деп баштайт апам. "Нуржамал эже мындай кылгыла деген" дешсе, "Нуржамал билбейт, мына мен билем! Мен деген Муратбек Рыскуловдун аялымын!" дейт. Болбосо, "Мен Эл артистимин" десе деле жарашат да…

***

Апам эки уулунан айрылганда да азапты көтөрдү. Эки бирдей уулунан айрылган эненин күйүтүн сүрөттөп айтуу оор. Бирок апамдын эрки күчтүү экен бизге көз жашын көрсөтпөгөнгө аракет кылды. Анткен менен түн ичинде майкесин жыттап, сүрөтүн карап, шолоктоп ыйлап атканын байкап койчумун. Гүлшара Дуулатова экөө курбулар эле. Анын көзү өткөндөн кийин «Токсонго келип калдым, мени эмне кудай албайт?» деп ыйламсырап калчу. Бир күнү «Нуржамал, мен билдим эмнеге ушул убакка чейин жашап атам. Азыр эле гезиттен журналисттер келип кетти. Көзү өткөн курбуларымды айтып бердим. Көрсө, кудай жаш муунга көзү өткөн залкарлар жөнүндө айтып берсин деп бул дүйнөдө калтырып аткан турбайбы» деп кайра өзүнүн көңүлүн көтөрчү.

***

Карылыгы жетип, өмүрүнүн акыркы жылдары үйдө отуруп калган мезгилде дагы апам куурчактай жасанып, шиштакасын кийип отурчу. Жанындагы сумкесинде сандыктын ачкычы, жүз аарчы, француз атыры менен 100 сом акча болор эле. Үйүнө врачтар келип "Сизге шиштака кийгенге болбойт, жапыз бут кийим кийишиңиз керек" дешсе, "Макул, кагылайын, алып кел башкасын" деп алардын көзүнчө кийимиш болуп туруп, алар кеткенден кийин кайра шиштакасын





кийип алчу. "Ой апа, сизге болбойт дебедиби?" десем, "Доктур жаш да, ал кайдан билмек эле? Мен эл көзүнө дайыма ушундай көрүнүшүм керек" деп койчу. Анан дагы ал отурган бөлмөсүнө дайыма дасторконду жайнатып койчу. Батасын алабыз деп келген адамдардын баарын кабыл алар эле. "Өзүңүз ооруп атсаңыз…" деген балдарын укпай, "Мен элдик адаммын, киргиз!" деп буйрук бере сүйлөп койчу. Атам Муратбек Рыскулов далай тасмалардагы кейипкерлердин образын мыкты аткарган чыгаан, тубаса актёр болгон. Эки корифей бирин-бири урматтап, сыйлап, барктап, колдоп турушчу. Атамдын сырдуу касиети укмуш эле, терс каармандын жаратып жатканда да, анын адамдык жан дүйнөсүнүн жакшы жагын да жарата билчү. Анын Ата Журт үчүн болгон сый-урматы, сүйүүсү өзгөчө эле. Жерин, элин эч нерсеге теңечү эмес. Анан да үй-бүлөгө камкор, күйүмдүү жолдош, мээримдүү ата болгон деп апам да өз эскерүүлөрүндө көп ирет, кеп кылып айтып жүрдү. Менин атамдын адамдын талантын, эмгегин сыйлай, баалай билгендигин мындан билиңиз, «Бечара Сакиш, мен деп жүрүп, менин көлөкөмдө калдыңго…» - деп кейигени азырга чейин эл арасында айтылып келет.

***

Сабира Күмүшалиева Муратбек Рыскулов атындагы эл аралык жана Казак Республикасынын «Алтын Көпүрө», Төлөгөн Айбергенов жана Ленин комсомол сыйлыктарынын лауреаты болгон. Актрисанын кыргыз театр жана кино өнөрүнө сиңирген эмгеги жогору бааланып, "СССРдин эмгек сиңирген артисти", "Кыргыз ССРинин эл артисти" (1967), "Ак шумкар" ордени, "Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры" (2000) деген ардактуу наам жана "Кутман эне" Эл аралык сыйлык (1998) ыйгарылган. Кыргыз маданиятына жасаган ак эмгеги жогору бааланып Кыргыз Эл Баатыры наамын алган. Эң негизгиси Сабира апа бул жалган жашоодо татыктуу, таза өмүр сүрүп, Ала-Тоодой бийик эмгек жасап, эл арасында жакшы пикир калтырып кете алды. Адамдын жашоодогу

максатынын маңызы ушул экенин, турмуш өз мөөрүн басып далилдеп койгон. Сабира Күмүшалиеванын жашап өткөн өмүрү,басып өткөн эмгек жолу артындагы урпактарга үлгү. Эмгекчил, тырышчаак, жашоого сергек караган сезимтаал, акылман аялзаты болсун дешип Сабира Күмүшалиеванын кинодо, театрда жараткан образдарына таасирленишип кыздарынын аттарын "Сабира" деп коюшкандар бар, азыркы күндө арабызда Сабира аттуу айымдар көп. Кыргыз Эл Баатыры Сабира Күмүшалиеванын жаркын элеси кыргыз кино, театр сүйүүчүлөрүнүн эсинде түбөлүккө сакталат жана өчпөс чолпон жылдызы болуп жаркырап түбөлүккө тура берет.

Сабира Күмүшалиева 2007-жылы 15-сентябрда 91 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

# Кыргыз киносу Бакен Кыдыкеева менен башталат



*Кыргыз театрынын тарыхында өз таланты менен өлбөс-өчпөс из калтырып кеткен залкарларыбыздын бири СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси* Бакен Кыдыкееваны унутууга эч акыбыз жок, анткени анын ысмы менен элибиздин улуттук маданиятынын көптөгөн башталыштары, окуялары тыгыз байланышып турат.

Бакен Кыдыкеева советтик жана







кыргыз театр кино актрисасы. Ал 1923-жылы 20-октябрда Төкөлдөш айылында (учурда Бишкек шаары) туулган. Орто мектепти 7-класска чейин окуп, окуусун 1936-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргызстан жаш көрүүчүлөр театрында (учурда Б.Кыдыкеева атындагы жаштар жана жаш көрүүчүлөр мамлекеттик театры) уланткан Бакен Кыдыкееванын атасы, анын театралдык окуусуна каршы болгондугуна байланыштуу, ал 14 жашында театрды таштоого мажбур болот. Театрга келип, кетүүгө арыз жазаар күнү, театрдын режиссеру А. Самарин-Волжский Бакен Кыдыкееванын эмне жумуш менен келгенин ойго албай, Лопе де Веганын «Овечий источник» спектаклине башкы каарман Лауренсиянын ролун берет. Бакен Кыдыкеева, арыз жазуу үчүн келгенин айта албай ролдон баш тартпай аны алат. Атасынын каарынан коркуп, бир нече күн үйүнө келген эмес. Спектаклдын үчүнчү күнүндө Бакен Кыдыкеева үйүнө келгенде, эшик алдында гезит окуп жаткан атасын көрөт. Атасы Бакен Кыдыкееванын жанына басып келип - «Бакен, бул жерде жазылып жүрөт: Бакен Кыдыкеева «Овечий источник» спектаклында башкы каармандын ролун мыкты аткарды» - деп, бул сенсинби?» Бакен Кыдыкеева корккондугунан башын ийкегенде, атасы чекесинен сүйүп, анын эң биринчи күйөрманы болуп калат.1941-1944-жылдары Пржевальск жана Нарын

шаарынын областтык театрларынын актрисасы, 1944-жылдан баштап Кыргыз академиялык драма театрынын актрисасы болуп эмгектенет. Бакен Кыдыкеева өз таланты менен кыргыз сахнасын багынтып, кино жаатында да ролдорду аткарган. Анын чыгармачылык биографиясында жүздөн ашык театр жана кино  ролдору бар. Аны «алгачкы» деп аташкан, анткени Бакен Кыдыкеева алгачкылардан болуп  шекспирдеги айымдардын ролдорун жана башка дүйнөлүк пьесалардын авторлорунун чыгармаларын  кыргыз сахнасына алып чыккан. Ал биринчилерден болуп, алгачкы улуттук толук метраждуу «Салтанат» деп аталган кинотасмасында баш каармандын ролун аткарган. Чыңгыз Төрөкуловичтин алгачкы «Бетме-бет» спекталинде биринчилерден болуп Сейденин ролун аткарган.

Бакен Кыдыкеева бир гана Кыргызстанда эмес, аны кошуна өзбек, казак киностудиялары байма-бай чакырып турушкан. Кыргыз ССР кинематографистер Бирикмесинин мүчөсү. 1970-жылы СССР эл артисти наамын алган. Үч жолу турмушка чыккан. 33 жашында кызы кырсыктан каза болгон, эки уулу бар. Алардын бири апасынын жолуна түшүп музыка жаатында эмгектенет.

***

**Бакен Кыдыкеева** он төрт жашынан тартып театр өнөрүнө аралашып, кийин жалпы улуттук масштабдагы улуу актрисага айланды. Мындай дөөлөткө  жалпы улуттук масштабдагы улуу инсандын кадыр баркына ээ болгон өнөр ээлери кыргыз элинде өтө сейрек. Ошол сейрек инсандардын бири **Бакен Кыдыкеева**.



**Бакен Кыдыкееванын** талантынын өзгөчөлүгү  эпикалык айкөлдүгү, даанышмандыгы дароо баамга түшө турган касиет. Улуу актрисанын европалык репертуардан тартып, орус драматургиясы, кыргыз пьесаларында жараткан ар кыл образдарын бириктирип турган ички жалпылык  алардын рухий дүйнөлөрүнүн айкөлдүгү. Сабырдуулук  айкөлдүктүн башаты. Сабырдуулук даанышмандыктын белгиси. Кыязы "**Бакен, Бакен**" атыгып, эл оозунан түшпөй, кыргыздардын жүрөгүнө өтө сүймөнчүлүктүү болгонунун эң башкы сыры да актрисанын ушул касиети. Дегинкиси, театр адистеринин, калемгерлердин  мүнөздөмөсү менен "эл кызы" атка көчкөн улуу актриса  кыргыз театры үчүн кайталангыс, уникалдуу инсан. Бакен Кыдыкеева сахналык жашоосунда да, жеке турмушунда  да чыгармачылык деген  ыйык сезимге аяр мамиле кылган, алпештеп таза сактаган, ошого берилген, аны эч качан сатпаган адам. Тагдырдын кандай гана соккулары болбосун кабагым кашым дебестен, солк этпей көтөрө билген, эрки күчтүү аялзаты.

**Бакен Кыдыкееванын** ысымы менен кыргыздын улуттук маданиятынын көптөгөн тарыхый башталыштары, окуялары тыгыз байланышып турат-деп кыргыз маданиятынын умай энеси Күлүйпа Кондучалова бекеринен айтпаса керек.

Кыргыздын улуттук алгачкы толук метраждуу көркөм кинону да  **Бакен Кыдыкеева** менен  байланышкан. "Салтанат" чыны менен эле "кыргыз керемети" деп аталган улуттук кинонун чыныгы салтанаты болуп калды. Бул кино-улуттук көркөм маданияттын символуна айланды. "Төкөлдөштүн төрт кызы" деп атагы кеткен Сабира Күмүшалиева, Сайра Кийизбаева, Даркүл Күйүкова эжелеринин эң кенжеси, тирүү легендага айланганы Бакен Кыдыкеева болуп эсептелет.

***

Улуттук көркөм маданияттагы баасы жөнүндө улам жаңы көз караш жаралып турарында эч кандай шек жок. Бакен Кыдыкеева жараткан образдар кылымдарга чейин ташка тамга баскандай болуп сакталып калат. Кыскасы, **Бакен Кыдыкее-**

**ванын** таланты улуттук тарыхта өз баасын алды. Таттыбүбү театрга жаңы келгенде өзү «шефтикке» алып (ал кезде жаңы келген артисттерди тажрыйбалуу актерлор көзөмөлдөп турушчу экен), ошондон тартып Таттыбүбүнү өлгөнгө чейин коргоп келген жалгыз адам – Бакен эже болгон дешет. Таттыбүбү өлгөндө да жүрөгү сыздап, «Таттыбүбү бизге берилген жаратылыштын баа жеткис, татынакай белеги эле. Ал биздин сахнага кокусунан учуп келип калган кереметтүү аккуу болчу. Биз аны баркына жетип, баалай албагандан соң, арабыздан көздөн кайым болуп учуп кетти. Биз болсо анын талантын баалабай келатабыз» – деп айтканы бар. Ушул аркылуу ал өзү жөнүндө да айтып алганын байкабаса керек…

Учурунда сахнада, кинотасмаларда мыкты ролдорду жараткан Кыдыкеева театрга келгенде чымындын учканы да угулуп турчу деп эскеришет замандаштары. Театрдагы ызы-чуу, башаламандыкты жактырчу эмес. Театр – бул маданияттын храмы деп мамиле жасачу. Таланты ташкындап сыртынан телегейи тегиз көрүнгөнү менен, Кыдыкееванын сахна артындагы жашоосу оор эле болгон. Аны театрдан эки жолу чыгарышкан. Театрдын артисттери аны таланты менен жолубузду тосот дештиби, айтор 1960-жылдары театрдан чыгарып, Б.Кыдыкеева кинодо жүрүп, кайра ошол кездеги министрдин буйругу менен театрга кабыл алынган. Кийин да күлүү-күчтүү кезинде эле аны пенсияга узатып коюшкан.

«Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, ал акыркы жылдары эч кимге кереги жок адамдай көчөдө калганын замандаштары айтып келишет. Залкар таланттын трагедиялуу тагдырына жеке турмушунун бир нукка салынбаганы себеп болсо керек. Аны жаш кезинде сүйүп тийген жигити чыгармачылыгын түшүнбөй койгондуктан, үй-бүлөдөн театрды өйдө көрүп баса берген. Андан кийин экинчи сүйүүгө кабылып, театр режиссеру Ажыгабыл деген адамга турмушка чыгат. Көп өтпөй жолдошу жол кырсыгына кабылып каза таап, актрисаны күйүткө салып кете берет. Андан соң дагы бир адамга





турмушка чыгып, аны менен оту күйүшпөй ажырашып кетет. Жолдошу менен баягы эле көралбас айрым кесиптештеринин кесепетинен ажырашып тынганы аз келгенсип, актриса театрдан да чыгарылат. Театрсыз жашоосун элестете албаган талант башка эч жерде иштебей, бир топ жыл иши жок жүргөн. Түйшүктүү тагдырын жүзүнө чыгарбай канча аракет кылганы менен тагдыр түрткөн тайгак жолго тайгаланып оо дүйнөгө кете берди… Бакен эженин көзү өткөндөн кийин да анын атын чыгарбоого аракет кылгандар болгон. Анын ысымын театрга ыйгарттыргысы келбегендердин айынан көп убакыт берилбей жүрдү. Бакен Кыдыкееванын көз жумганына он жыл болгондон кийин гана жаштар театрына анын ысымы ыйгарылган.

***

Таланты өзгөчө, тагдыры татаал Бакен эженин өлүмү да трагедиялуу болгон 1993-жылы жаңы жылдын алдында жалпы дүйнө элдери сыяктуу эле кыргызстандыктар да жаңы жылдан жакшылыкты, тынчтыкты, молчулукту, токчулукту тилек кылып, майрамга кызуу даярдык көрүп жатышты.Убагында **"Борбор Азия кыздарынын бермети"** деген атакка татыктуу болгон, айтылуу актриса Бакен Кыдыкеева да 30-декабрда Республикалык жаштар театрында кесиптештерин, шакирттерин жаңы жылы менен куттуктап, жүрөктөн чыккан каалоо тилектерин айтып отурду.

Ошол күнү аталган **театрдын белгилүү актеру Марат Жанталиев** төмөндөгүчө эскерет:

- *1993-жылдын 30-декабрында жаңы жылдын алдында биздин театрга маяна берди. Мен бухгалтерияга кирсем Бакен эже ошол жерде отурган экен. Колунда шампан куюлган бокал. Биз укпаган, сахнадан, экрандан көрбөгөн укумуштуудай керемет ырлары бар экен. Ырларын окуп, сонун обондорго кошуп созолонтуп ырдап, ажары бөтөнчө ачылып турду.*

Ошол кезде дагы бир таланттуу эл артисти, театр жана кино өнөрүндө кайталангыс образдарды жараткан **айтылуу**

**Алиман Жангорозова каза болуп**, анын сөөгү 31-декабрда кыргыз драма театрынан чыгарылмак. *Бакен эже таксиге түшүп баратканда мен "эже, эртең Алиман Жангорозованын тажыясына келесизби?",-деп сурадым. Анан ал "мен сөзсүз келем. Алиман менин энем. Энеме кантип келбейин",-деди. Анан эртеси 31-декабрда Кыргыз драм театрына келип Бакен эжени карасам көрүнгөн жок. Алиман Жангорозованын сөөгүн жерге жашырып келип, элден Бакен эжени сурасам эч кимиси аны көрбөгөнүн айтышты. Мен эжени ооруп калган экен деп ойлодум.*

***



**18 күн моргдо жаткан** Бакен Кыдыкееванын жакындан билген адамдардын айтымында, ошол каргашалуу 30-декабрда кар жаап, суук болуп турган. Караңгы кирип калган маалда **Дзержинский бульвары менен Жибек жолунун кесилишиндеги жолдон өтүп бараткан Бакен эжени машине коюп кетет.** Тегеректеги эл дароо чогула калып, тез жардам чакырып, Кыдыкееваны ооруканага алып кетишет.

Аны коюп кеткен унаанын ээси "Бакен Кыдыкеева өзү келип урунду" деген көрсөтмө берип кутулган деген кеп бар. Анткени бул окуянын артынан сая түшүп кунун кубалаган уулдары, кызыккан кесиптештери болгон эмес. **Коомчулук да улуу актрисанын өлүмүнө кайдыгер карап кол шилтеп койгон экен.**

Ал учурду театр изилдөөчү, Кыдыкеева тууралуу эки китептин автору **Абас Сырымбетов алигүнчө**





**жүрөктү өйүтүп** келген окуя катары эскерип, "тарыхта таланттуу адамдардын тагдыры кейиштүү болот тура" деп оор үшкүрүү менен мындайча эскерет.

*- Бакен эже авария болуп, акыреги сынып үч сааттан кийин каза болгон экен. Анын бети таанылбай калгандыктан моргдо 18 күн жаткан. Анын сөөгүн жууп жатканда медсестра кыз таанып калып бизге кабарлап, сөөгүн жерге бердик. Мына ушунун бардыгы тең биздин өкмөт үчүн, коомчулук үчүн терең ойлоно турган маселе. Мындай тагдырга жалаң эле Бакен эже эмес, башка залкар таланттардын тагдыры да ушуга окшоп кеткендери бар.*

*Мисалы Орусия менен Казакстанда таланттуу, атактуу адамдарды өкмөт өзүнүн камкордугуна алып, саламаттыгынан баштап материалдык бардык маселесин чечип келишет. Бизде эмне үчүн өкмөт саналуу таланттарды камкордугуна ала албайт. Муну ойлоно турган мезгил келди.*

## "Жашында көрүп мээнетти, карыганда көрбөй дөөлөттү"



1990-жылдын баш чагында Бакен Кыдыкеева жаш курагы келип калды, оорулуу делип 68 жаш курагында Улуттук кыргыз драма театрынан **жумуштан чыгарылган.** Убагында аны көрүүгө зар болгон адамдарга, үзөңгүлөш жүргөн кесиптештерине кереги жок, кароосуз калган актрисаны белгилүү режиссер,

**маркум Алмаз Сарлыкбеков жаштар теарына жумушка алган.**

Талантты жогору баалагандардын баамында, жүз жылда бир жаралуучу Бакен Кыдыкеевадай улуу актриса ошол убактагы мамлекеттеги, коомдогу башаламандыктын, кайдыгерликтин курмандыгы болду.

Бакен Кыдыкеева сахнада, тасмаларда ойногон ролдору аркылуу адамдардан жакшылыгын аябаган, мээрман, жароокер аялзатынын образын, кулк-мүнөзүн, бийик сапаттарын түзүп кетти.

# "Саманчынын жолу" тасмасы жана Бакен Кыдыкеева



Учурда кыргыз эли кыргыз деген улутту дүйнөнүн калың катмарына жеткирген кайталангыс уулу Чыңгыз Айтматовдун көзү өтсө да артында түбөлүктүү, муундан-муунга жашачу өчпөс чыгармалары калды. Анын чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдердин саны да бир топ. Алардын бири – 1966-жылы "Кыргызфильм" киностудиясы тарабынан тартылган "Саманчынын жолу" тасмасы. Бул тасмада Толгонайдын ролун аткаруу менен Бакен Кыдыкеева эжебиз чыгармачылыктын бийиктигин багындырган. тасманын түбөлүктүү өмүр сүрүшүнө зор салымын кошкон. Кыргыз Эл артисти Бакен Кыдыкеева Толгонайдын образынан кийин СССРдин Эл артисти наамына жана Бүткүл Союздук фестивалда "Аялзаттын образын эң мыкты жараткан" деген наамга ээ болгон.







Режиссёру – Геннадий Базаров

Сценарийин жазгандар – Чыңгыз Айтматов, Игорь Таланкин

Оператору – Валерий Виленский

Ролдордо: Толгонай – Бакен Кыдыкеева, Толгонайдын жаш кези – Таттыбүбү Турсунбаева, Касым – Болот Бейшеналиев, Алиман – Раушан Сармурзина, Субанкул – Насыр Кытаев, Майсалбек – Руслан Эшмамбетов, Жайнак – Токтогул Какчекеев

Чыгарманын түп нускасы сыяктуу эле фильмдин негизги окуялары катары Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдары сүрөттөлөт. Согуштагы жоготуулар, кан какшаткан күйүт, ачарчылык, ошондой эле тынымсыз эмгектенүү, зарыга күттүргөн үмүт Толгонай эненин эскерүүсүндө баяндалат. Фильмдеги баяндоо адамдар ортосундагы кагылышуу-

дан улам кичинекей Толгонайдын ата-энесинен айрылып калган күнүнөн башталат. Ошондогу чачын сербейткен кара кыз бой жеткенде суйкайган сулуу кыз болуп чыга келет. Иштеп ишке, күлүп күлкүгө тойбой турган жаш кыз келечекте өзүнүн түбөлүктүү жары боло турган адамы Субанкулга жолугат. Ошондогу Субанкул менен Толгонайдын тунук, таптаза сүйүүсүн эч ким булгай алмак эмес. Бир нече асыл үмүт, аруу тилектер менен баш кошкон эки жаш Касым, Майсалбек, Жайнак аттуу үч уулдуу болушат. Балдардын туну болгон Касым арзыганы Алиманга баш кошот. Бирок, экөөнүн жай турмушу согуш жылдарына туш келет. Ошентип, капыстан кол салган душмандардын огунан Ата Мекенин коргоо үчүн бир үйдөн бир эмес, төрт эркек тең кан майданга аттанат. Толгонай келини экөө ыйлап-сыктап кала беришет. Кайраттуу Толгонай мүңкүрөп отуруп калбастан, "согуштагы жигиттерге" деп айылдан буудай чогултуп согушка жиберип, талаада эгин айдап эркектин да жумушун аткарат. Ошондой күндөрдүн биринде Субанкул менен Касымдан бирдей кара кагаз келип, Толгонай да, Алиман да бир убакта жесир калышат. Курган эненин күйүтү ушуну менен гана токтоп калса гана?! Ал Майсалбегинен да, Жайнагынан да ажырайт. Медер тутуп жүргөн келини акыры төрөттөн каза болот. Ушунча күйүттү тарткан эне акыры өз небереси болбосо да Алимандын баласынын аман-эсен жанында жүргөнүнө топук кылып кала берет.

Расмий документтер боюнча, Бакен Кызыкеева 1994-жылдын 15-январында көз жумган.

## "Саманчынын жолу" тасмасы - залкар режиссёр Генадий Базаровдун алгачкы эмгеги

"Саманчынын жолу" тасмасы – ошол учурдагы болгону 24 жаштагы кино тартуу ишине бир кадам жасап көрө элек Геннадий Базаровдун биринчи эмгеги экенине айрымдар ишенбесе керек. Чындыгында, бул кинону тартуу ВГИК-ти жаңыдан аяктап жаткан студенттин дипломдук ишине берилген тапшырма болгон. Ошол кезде эле бүткүл Советтер Союзуна аты чыгып калган жазуучу кино тартууну Чыңгыз Айтматов өзү сунуштаган. Ушунчалык жоопкерчиликтүү бул ишти баштоо жаш режиссёр үчүн чоң сыймык болгону менен ошол эле учурда коркунуч алып келген. Кино тартууга киришкен режиссёр тасманы тартып баштаганда эле өзүн жоготуп салган. Анткени, тасмага тартылчу актёрлордун баары ошол кездеги атактуулар болгон. Жаш жигиттин абалын байкаган Бакен Кыдыкеева Базаровду колунан кармап четке сүйрөп чыгып: "Сен режиссёрсуң, команда бергиниң, биз сенин айтканыңды кылабыз",- деп айткандан кийин гана режиссёр ишке киришкен. Ошентип, жаш режиссёр эң биринчи тарткан тасмасы – "Саманчынын жолу" менен дипломдук ишин "5" деген баага коргогон. Чыгармачылык жолун жаштыгына карабай мазмундуу да, көркөмдүү да тасма жаратуу менен баштаган белгилүү кинорежиссёр Геннадий Базаров "Саманчынын жолу" тасмасынан кийин да бир топ фильмдерди жараткан.

## Бакен эжени аз жерден поезд тебелеп кете жаздаган



**Азыркы учурдун залкар кинорежиссёру Геннадий Базаров бизге төмөнкүлөрдү баяндап берди:**

– "Саманчынын жолу" фильмин тартуу учурунда жоопкерчиликти, ишенимди аткара албай каламбы деген коркунучтун ба-

ары артта калды. Азыр бул фильмди көргөнүмдө мен-де сыймыктануу болбой койбойт. Жаш болсом да мындай тасма тартуу мен үчүн абдан оңой болду десем болот. Анткени, ошондо эле бир топ тажырыйбалары бар, талanттуу актёрлор менен иштешүү ишти абдан жеңилдетти.

Алимандын ролун Казакстандагы окуу жайлардын биринде окуган Раушан Сармурзина аттуу студент кыз ойногон. Бул кызда эч кандай актёрлук тажрыйбасы да, билими да жок болгону менен кастингге келген бир нече кыздын арасынан өз жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, киного тартылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. 60 жаштан ашкан Сармурзина учурда Казакстанда жашайт. Химия илимдеринин академиги. Кино Кочкордон, борбордон, Казакстандан тартылган. Айылды атайын издеп жүрүп Кочкордон тапканбыз. Анткени, бизге согуш жылдарын элестеткен, көрүнүшү начар кыштак керек эле. Ал эми Майсалбектин поезд менен келип, энесине жолукпай кеткен жерин 40 градус суукта Казакстандын станциясында тартканбыз. Майсалбектин "баратам" деген каты келгенден кийин Толгонайдын аны тоскону барган жеринде Бакен эжени аз жерден поезд тебелеп кете жаздаган. Ошондогу менин жүрөгүмдүн түшкөнүн сурабаңыз. Мен азыр тартмак эмесмин. Анткени, ошондогу эл согуштун каардуу жылдарына туш болгон, согуш эмне экенин билип калган эл болчу. Алар мени көп кыйнашпай, өткөн турмушту кайрадан элестетип, согуш жылдарын кайрадан баштарынан өткөрө ойноп беришкен. Ошон үчүн кино да элдин жүрөгүнө жетээрлик болду деп ойлойм. Мен азыркы жаштарга ошондогу чапандарды кийгизип, "согуш жылдарын ойногула" деп кыйнай албайм.

## Бакен эже элдин кызы

Кинодогу Жайнактын ролун аткарган Токтогул Какчеев азыр кыргыз элине төбөсү көрүнүп калган саясатчылардын бири. Ал Бакен эже тууралуу минтип эскерет.

- Мен анда "Кыргызфильм" киностудиясында киномеханик







болуп иштечүмүн. 1962-жылдары Геннадий Базаров баштаган чыгармачылык топ кино тартуу үчүн атайын курам түзө баштады. "Мага жардамчы болосуң, анан киного тартам",- деп режиссёр өзү чакырып алган. Айткандай эле режиссёрдун жардамчысы да болуп, Жайнактын ролун да аткарып калдым. Кинонун башындагы эпизоддордун бирин Көлдүн Кажысай шаарчасында тартып жатканыбызда Бакен эженин туулган күнү болуп, кафелердин биринде өткөрүп калдык. Бир убакта Бакен эже стакандардын бирин сындырып алды. Аңгыча чаңкылдаган официант кыз келип, "бул деген кымбат стакан, бирөө 25 рубль турат!"- деди эле, "арзан эле турбайбы" деп эже дагы 10 стаканды сындырып салды. Анан 11 стакандын акчасын санап берди. Кафенин жетекчиси тиги кыздын бизге жасаган мамилесинен улам "жумуштан кетирем" деп жинденип чыкканда, Бакен эже өзү алып калган. "Алимандын төрөөр алдындагы чаңырганы чыныгы чаңырык болсун" деп борбордогу үч-төрт төрөт үйүн бир нече күн аңдыдык. Азыркы Бейшеналиева менен Москва көчөлөрүнүн кесилишиндеги №2-төрөт үйү ошондо эле бар болчу. Бир күнү ошол төрөт үйүндө 14 жаштагы бир келин биринчи баласын төрөп калды. Барып анын төрөт учурунда чаңырганын

жаздырып келгенбиз. Бул эмгегибизди көркөм кеңешке көрсөтсөк: "Жан сыздаткан оор чаңырык болуп калыптыр, жарабайт, жеңилирээк кылгыла",- деп чыгышкан. Жини келген Бакен эже ордунан туруп: "Аял турмушта төрөгөндө ошентип эле чаңырат, адамдын ичинен адам чыгыш деген оңой бекен?!"- деп баарын сүйлөтпөй койгон. Ал эми Касым менен Субанкулдун өлгөнүн угузганда Толгонай менен Алимандын чуру-чуу түшүп ыйлап калган жери бар эмеспи. Ошол эпизодду он чакты жолу кайра-кайра тарткан элек. Алимандын ролун жараткан актриса болсо: "Кайра-кайра ыйлай албайм",- деп көгөрүп туруп алды. Болжол менен бешинчи-алтынчы дубль болсо керек эле, сьёмка башталып, Алиман чуркап келгенде режиссёр аны жаактан ары эки чаап, чындап эле элдин көзүнчө ашата сөгүп салды. Ошондо Алиман ыза болгонунан эле катуу ыйлап жиберген. Ал эпизоддон ошентип араң өткөнбүз. Бакен эже болсо кайсы образга болбосун ичине жан дүйнөсү менен сүңгүп кирип, ыйлачу жеринен дароо ыйлап жиберчү. Бакен эжедей талант жок. Ал зор талант. Москвада, андан кийин Америкада, анан Германияда аскердик билимимди өркүндөтүп, ошол боюнча аскер кызматкери катары өлкөмө кызмат өтөп келдим.

"Мага аскер кызматкеринин ролун беришсе" деп ичимден кыялданып калам.





# Сүймөнкул Чокморов залкар талант



Сүймөнкул Чокморовдун чыгармачылык таланты эки багытта өнүккөн. Сүрөт тартуу жанрында көп эмгектенүү менен, кино жаатында да көптөгөн фильмдерде чыныгы актёрдун жүзүн көрсөткөн. Анын «Караш караш» кинофильминдеги биринчи аткарган ролу аны чыгармачылыктын түйшүктүү жолун кенен ачып берген. Ошондой эле андан кийинки ар бир ролдору да белгилүүлүктү алып келген.

Сүрөтчү катары Сүймөнкул Чокморов пейзаждарды, натюрморттторду тарткан, бирок портрет искуствосуна өзгөчө кызыгуу менен караган. Анын моделдери негизинен чыгар-





мачыл адамдар болгон. Сүймөнкул белгилүү Манасчы Саякбай Каралаевдин сүрөтүн, бир эмес, эки жолу тартып, динамикалуу, таланттуу акындын образын ийгиликтүү жараткан (С. Каралаев. Портрет - 1971-жыл, экинчиси - 1974-жылы). Ошондой эле актер Жумадыловдун (1971-жыл), Кыргыз ССРинин эл артисти Жанкорозованын да сүрөттөрүн жараткан (1973-жыл). Өзгөчө көңүл жана жылуулук менен «Апа» (1967-жыл) жана «Менин балам» (1972-жыл) образдары сүрөтчүнүн колунан жаралган.

Чокморовдун чыгармачылыгындагы эң маанилүүсү, бул чет өлкөлөрдөгү атактуу кино ишмерлери менен кезигүүсү болгон. Япон жергесиндеги кино-искусствонун чеберлери менен болгон кезигүүсүндө, япон кинорежиссеру Акира Куросава жана актер Тосиро Мифуненин, итальялык актриса Моника Виттинин сүрөттөрүн тарткан.

Сүймөнкул Чокморов 1939-жылдын 9-ноябрында Кыргыз ССРинин Чүй өрөөнүндөгү Аламедин районунун Чоң-Таш айылында туулган. Сүрөтчү жана киноактер, СССРдин





эл артисти (1981). Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү (1990). ВЛКСМ жана Кыргыз ССРинин мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыгынын лауреаты. Төрт жолку кинематографист биримдигинин «Эң мыкты эркек ролу үчүн» дипломунун ээси (1969, 1972, 1974, 1978). Кинематографисттер жана сүрөтчүлөр биримдигинин мүчөсү болгон. Эки жолку Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Депутаты болуп шайланган. 1953-1958-жылдары Фрунзе көркөм окуу жайын окуп аяктаган, 1964-жылы Ленинград И. Е. Репин атындагы сүрөт, скульптура жана архитектура институтунун сүрөт бөлүмүн бүтүргөн. Сүймөнкул Чокморов 1992-жылдын 26-сентябрында 20 жыл бою күрөшүп келген ал кездеги сейрек «Поликистоз» аттуу катуу оорудан кийин көз жумган. Көрсө Сүймөнкул төрөлгөндө эле бир бөйрөгү жок төрөлүптүр, ал эми экинчи бөйрөгүнүн ордуна майда бир нече бөйрөктөр иштечү экен. Өзү жөнүндө: «Бала кезимде мен абдан каттуу оорудум, 3-класста окуп жүргөндө сыркоолоп калдым, ал эми 4-класска көчкөндө ушунча каттуу ооруп, өмүрүм ушу менен бүтөт го деген ойлор келди, төшөктөн тура албай калдым. Ар бир кыймыл мага адам чыдагыс азаптарды алып келчү»,-деп айткан экен. Манаска тете жүк көтөрө билген кыргыздын мыкты уулу экендигин жасаган иштери менен далилдей алды. Анын оору менен кантип алпурушкандыгынын өзү эле зор эрдик.

Чокморовдун жашап өткөн өмүрү жаштарды чыдамкайлыкка, кыйынчылыктар менен күрөшө билүүгө үйрөтөт. Ал кишинин бир гана арманы - Манастын ролун аткарсам деген тилеги ишке ашкан жок.

***

Бүгүнкү күндө Сүймөнкулдун артында 400дөй живопис эмгектери жана 20 фильмде тартылып эң мыкты жараткан образдары калды. Анын негизги сүрөт чыгармалары Кыргыз Мамлекеттик искусство жана сүрөт музейинде сакталып турат. Бишкек шаарынын бир көчөсүнө Сүймөнкул Чокмо-

ровдун ысмы берилген. 2005-жылы Чокморовго арналган почта маркасы чыгарылган ошондой эле 2009-жылы 5000сомдук акча купюрасында С. Чокморовдун элеси түшүрүлгөн.

***

# Сүймөнкул Чокморов тууралуу пикирлер

**Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...**
Ал ак чачтар кара болчу көмүрдөй,
Жаркын талант чайпалбай да төгүлбөй.
Элестелип бүт дүйнөгө таркады,
Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй.

Турмуш деген зор деңиздей
Толкундары албууттанып көбүргөн,
Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй,
Бүт ааламга Чокморовдой көрүнгөн



«Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" деп китеп жазган жазуучу жана белгилүү журналист, Кыргызстандын маданиятына эмгек сиңирген ишмер **Абдиламит Матисаков** Сүймөнкул Чокморов тууралуу **төмөндөгүдөй эскерет:**

- Ал кезде Чокморов кыргыз асманында жаркырап, таланты жаркып, тартылган кинолору бүтүндөй Союзга,





дүйнөлүк масштабда жакшы бааланып жаткан учуру болчу. Анын Бишкектин көчөлөрүн аралап басканын көргөндөр, ал менен ушунчалык сыймыктанышчу. Ошол кезде мен "Советтик Кыргызстанда" иштеп жүрчүмүн. Бир жылдай жанында жүрүп анын актёрлук, сүрөтчүлүк, жалпы эле адамгерчилик портретин жазганга аракет кылдым. Ал окурмандардын баасын алды. Ал киши өзү дагы "мен жөнүндөгү эмгегиң дурус экен" деген пикирин айткан. Сүкөмө Кудай оң колу менен актёрлук, сол колу менен сүрөтчүлүк талантты берген экен. Ал кишинин ооматы келе турган мезгил болгон. Мен ал киши менен ийиндеш болуп, колтукташып бир тууган агам катары жанында жүрдүм. Ал жан чыдагыс, адам көтөрө алгыс ооруга чалдыкканда керебетинин жанында болдум. Анын акыркы деми калганга чейинки абалы көз алдымда. Ошонун бардыгын кагазга түшүргөнгө аракет кылдым.

**Өзбекстандын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, кинорежиссёр Али Хамраев:**

# Сүймөнкул экөөбүз бир туугандай элек

**«Жетинчи ок» шедеврин жараткан кинорежиссёр Али Хамраев кино жана** Сүймөнкул Чокморов тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди:

- **«Жетинчи ок» фильминде башкы образга алынып калышына биринчи кезекте Сүймөнкулдун келбети ролго тура келиши болду. «Аны биринчи жолу «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» фильминен көрүп, чыныгы эркектик келбетти, сейрек кездешүүчү талантты байкадым, ошондон кийин башкы ролго чакырдым «Жетинчи ок»** киносун карап отуруш мен үчүн оор. Башкы ролду ойногон Сүймөнкул Чокморов, Болот Бейшеналиев, сценарийин жазган Фридрих Горенштейн азыр жок. Бир кездеги жоро-жолдошторду эскерип, улутунуп алам. Ошол эле учурда

сүйүндүргөнү – алар экранда өмүр бою жашашат.

Американык мыкты каскадёрлорду алып келмекмин. Фильмди тартып жатканда менде 3 гана каскадёр бар болчу, алар деле жыргатышкан эмес, дайыма мас абалда жүрүшчү. Бардык мушташтарды өзүм койгом. Анда менин жалындаган жаш курагым, жаңычылдык киргизгим келип, изденүүдөн чарчачу эмесмин. **Чокморов трюктарды өзү аткарчу**, ал дублёрдун аткарганына ыраазы болчу эмес. Бардык трюктарды өзү аткарган. Жадакалса Сүймөнкул минип киного тартылган аты да ага көнүп алган, дайыма жанында жүгөнсүз жүрө берчү. Кино тартылып бүткүчө Сүймөнкул экөөбүз эски үйдө чогуу жашадык. Короодо жылдыздардын алдында бир топко сүйлөшүп, анан уктачубуз. Эртең менен сууга түшүп келип, ысык тандыр нан менен чай ичип алып сьёмкага жөнөчүбүз. Сьёмкада кичинекей уулу Бактыгул да чогуу



жүрдү. Сүймөнкул экөөбүз бир туугандай элек. Ал катуу ооруп калганда мен Италиядан ар кандай дары-дармек салып жиберип турдум. Анын бул жарыктан эрте кетиши мен үчүн орду толгус жоготуу болду. Анткени ал менин далай фильмдеримде башкы ролду ойношу керек эле. Сүрөтчү катары да мыкты талант болчу.





## «Жетинчи ок» тасмасы жөнүндө кыскача баян

**Жанры** – Боевик, вестерн

**Режиссёру** – Али Хамраев

**Сценарийин жазгандар** – Андрей Кончаловский, Фридрих Горенштейн

**Оператору** – Александр Пан

**Тарткан өлкө** – СССР, «Өзбекфильм» киностудиясы

**Тартылган жылы** – 1972-жыл

**Ролдордо** – Сүймөнкул Чокморов, Дилором Камбарова, Хамза Умаров, Нурмухан Жантурин, Талгат Нигматулин, Болот Бейшеналиев жана башкалар.



Советтик доор келиши менен Орто Азияда басмачылар менен кармаш катуу күч алган. Кинорежиссёр Али Хамраевдин кыргыздын кайталангыс таланттуу уулу Сүймөнкул Чокморов башкы ролду ойногон «Жетинчи ок» тасмасы мына ошол жылдарга барып такалат. Райондун борборунан келген отряддын командири, милиция кызматкери Максумов кол алдындагылардын баарынын басмачы Хайрулла тарапка өтүп кетишкенин көрөт. Отряд жайгашкан жерге келсе, жалгыз гана Хашимов калган. Аңгыча паранжы жамынган Айгүл аттуу жаш кыз жакында Хайруллага аял болоорун, аны беш-алты адам келип алып кетээрин, куткарып калуусун өтүнүп Максумовго келет. Кыз кеткен соң командир тапанчасына алты ок салып, жетинчисин Хайруллага багыштап фуражкасынын ичине катып алат. Андан соң отрядын куткаруу максатында Хайрулланын колуна түшүп берет. Отрядына кайрылып, басмачылардын күнү

жакында бүтөөрүн айтса, ага ишенбегендер командирин баса калып тепкилешет. Ошентип Максумов достору Исмаил, Хашимовдун жардамы менен душмандарын талкалап качып чыгат. Биринчи аялы менен качып бара жаткан Хайрулланы командир чын эле катып койгон жетинчи огу менен жайлайт. Эң өкүнүчтүүсү, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек Айгүлгө да ок жаңылат.

Фильм Тажикстандын Исфара шаарында тартылган.Тасмага казак, тажик, өзбек, түркмөн, кыргыз актёрлору катышкан.Сүймөнкул Чокморов «Жетинчи ок» тасмасына чейин 1969-1970-жылдары Али Хамраевдин «Өзгөчө комиссар» фильминде башкы ролду ойногон. Айгүлдүн ролун аткарган Дилором Камбарова «Жетинчи ок» тасмасынан кийин атактуу болуп кеткен. Фильм акыркы жылдары Мексика, Голландия, Түркия, Норвегия, Польша, Францияда да көрсөтүлдү. Тасманы Орусия телеканалдары тез-тез көрсөткөнү менен, Өзбекстанда таптакыр тыюу салынган. Анткени жергиликтүү эл «коммунисттердин колуна мылтык карматып, биздин мыктыларды атышкан» дешет. Өзбекстанда басмачылардын башчысы Хайрулланын эстелиги бар.

## Сыйлыктары:

Орто Азиадагы жана Казахстандагы VIII-кинематографисттер кароо-сынагынын «Караш караш» кинофильминде эң жакшы эркек ролун аткаргандыгы үчүн диплом. (1969-жыл Алма-Ата шаары)
«Актёрдук эмгеги үчүн» бүткүл союздук кинофестивал номинациясынын лауреаты (1972-жыл)
«Биринчи актёрдук эмгеги үчүн» бүткүл союздук кинофестивал номинациясынын лауреаты (1974-жыл)
«Актердук эмгек үчүн сыйлыктар» бүткүл союздук кинофестивал номинациясынын лауреаты (1978-жыл)
Кыргыз ССРинин Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты (1980-жыл, «Улан» фильминде катышкандыгы үчүн).





# Табийгат тартуулаган өнөр



**Даркүл Күйүкова** театр сахнасында дүйнөлүк, орус жана кыргыз классикалык драматургиясы боюнча коюлган спектаклдерде ондогон кейипкерлерди, өзгөчө энелердин образын жогорку чеберчиликте аткарып, кыргыз театр өнөрүндө улуттук мүнөздөгү кайталангыс театр мектебин түптөп кеткендердин бири. Советтер Союзунда эң мыкты беш актёр болсо ошолордун бирөө Даркүл Күйүкова деген атакка татыктуу болуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутат да болуп шайланган. Ал кыргыз киносунда "Биринчи мугалим", "Ак кеме", "Аптап", "Аталар өрөөнү" кинотасмаларында бири-бирине окшобогон образдарды түзгөн. Кыргыз эли **Даркүл Күйүкованы** образ жаратуунун чебери катары баалашат. Ал кандайдыр бир ролду алганда бөлмөдө сөз жаттап эле отуруп калбай, ошол кейипкердин кыял-жоругун, мүнөзүн, кыймыл аракетин эл арасынан издеп, образдын үстүнөн изденүү менен талбай эмгектенчү. Кыргыз драма театрында бир бригаданы жетектеп алып, 4-5 айлап алыскы айылдарга гастролдо жүргөндө башкарма же райком болобу, карапайым малчы, дыйкан же механизатор болобу баары менен бирдей мамиле кылып, СССРдин артистимин деп бой көтөрчү эмес.



Театр адистеринин айтымында, **Даркүл Күйүкова** табийгатынан актрисалык өнөргө жаралгандай, ички сезими күчтүү, театралдык трагедиялык пландагы актриса болгон. Анын жылдызы Кубанычбек Маликов менен Аманкул Куттубаевдин "Жаңыл" эпикалык драмасында **Жаңыл мырзанын** образын жараткандан кийин жанган. Театр өнөрүн иликтөөчү жана сынчы Абас Сырымбетов эже тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди:

- Жаңыл мырзанын образын жараткан актрисалар Даркүл Күйүкованын деңгээлине жеткен жок. *Анын атылып чыгып элге белгилүү болгону - Жаңыл мырзанын ролу. Мына ошол Жаңыл мырзанын образын андан кийин канчалаган актрисаларыбыз аткарды. Бирок Даркүл Күйүкованын деңгээлине эч ким жеткире алган жок. Ал Жаңыл мырзанын баатырлыгын, патриоттугун, анын ички дараметин ачып бергенге өзгөчө көңүл бурган. Анын жанагы Түлкү баатыр журтун камап келгенде ант берген жери өзгөчө чыккан. Элди чакырып алып айтат эмеспи: «Мен жеримден чырпык кыйдырсам, Жаңыл болбой өлөйүн", - деп. Мына ушул сөздөрдү ушунчалык күч кубат менен айткан. Бул жерден актрисанын ийкемдүү кыймыл аракети, темпераментинин күчтүүлүгү, образды жан дүйнөсү аркылуу жаратып жатканы өзүнчө эле бир керемет эле.*



**Даркүл Күйүкова** башка актрисалардан айырмаланып кыргыз аялдарынын ар кыл образын түзүүдө зор чеберчилигин көрсөткөн. Анын Бексултан Жакиевдин "Атанын тагдыры" драмасындагы **Оңолкандын образы** албуут, ач көз, кыялы чапчаң, орой аял болсо, Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" спектаклиндеги **Толгонай** боорукер, кайраттуу, ары эмгекчил, мээримдүү эне болуп чыга келген. Андан сырткары "Курманбекте" Айганыштын, "Сарынжиде" Акчайымдын, "Тар капчыгайда" Майсалбүбүнүн жана башка ондогон кейипкерлердин кайталангыс образдары улуу актриса Даркүл Күйкованын талантына таандык. Режиссер **Медербек Назарлиев** сахналаштырган "**Саманчынын жолу"** спектаклинин бет ачары 1966-жылы Орус драма театрынын сахнасында өткөрүлүп, кыргыз драма театрынын репертуарында он жылдан ашуун жүрүп, миң ирет коюлган.





Улуу актрисанын кызы, эмгек сиңирген артист **Райма Абдубачаева** ал спектаклдин бет ачары тууралуу буларды эскерди:

-*"Саманчынын жолу" спектаклинин бет ачарына ыраматылык Чыңгыз Айтматов келип, өзү кабыл алган. Спектакль бүткөндөн кийин терең ыраазылыгын билдирип, апамдын ойногон ролуна абдан жогору баа берген. Ошондо Кыргызстанда спектаклдердин бет ачары мындай болгон эмес. Залдагы жык-жыйма эл туруп алып он мүнөт кол чаап, көшөгөнү он жолу кайра-кайра ачтырышкан. Мен ошондон кийин бир дагы спектаклден көргөн жокмун, көрүүчүлөрдүн ошондой ысык мамилесин.* Апам чыгармачылык менен алпурушканы менен үй-бүлөдө мээримдүү, боорукер, күйүмдүү, жароокер, чынчыл эне болгон, алты баласынын (төрт уул, эки кыз) баарын бирдей көрүп, тарбиялап, жогорку билимдүү кылып өстүрдү. Мен апам менен сыймыктанам.

***

Бир жылдан кийин "Саманчынын жолу" спектакли Москвада көрсөтүлүп, театр ишмерлеринин, көрөрмандардын зор баасын алып, **Даркүл Күйүковага СССРдин эл артисти** наамы берилет. Кийинчерээк режиссер **Бообек Ибраев** койгон немецтин белгилүү драматургу **Бертольт Брехтин "Өлөрман эне жана анын балдары"** спектаклинде **Даркүл Күйүкова** - Эне-



нин образын жаратып, ал образ немец элинин атактуу актрисасы, Брехтин жубайы Елена Вейгелдин жараткан образы жана талантына окшош деген жогору баасын алып, СССРдин **“Эл достугу”** орденине татыктуу болгон.

Улуу актриса өмүрүнүн акыркы күндөрү ден-соолугу начарлап, оорунун азабын чексе дагы кайратынан жазбай, үй-бүлөсүн, кыргыз элин, жашоону, кесибин сүйүп өттү.

**Образ жаратуунун чебери Даркүл Күйүкованын акыркы арманы сахнага кайра чыга албай калганы** *болду. Ал өмүрүнүн акыркы күндөрү мурдагы ролдорундагы монологдорду айтып, оору менен күрөштү. Көзү жумулганча театрды оозунан түшүрбөй, элдин амандыгын тилеп, монолгдорун кайталап айтты. Айла жок, ооруу акыры алып тынды.*

**Даркүл Күйүкова** документи боюнча 1919-жылы 29-октябрда Ворошилов районуна караштуу Төкөлдөш айылында туулган деп жазылып жүрөт. Анын өзүнүн туулган так жылы 1921-жылдын 29-октябры экен.

Ал узакка созулган оорунун кесепетинен 1997-жылы каза болуп, сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган. Анын ысымын бир көчөгө коюу, эстелигин тургузуу тууралуу өкмөт атайын токтом кабыл алганы менен ал ишке ашпай калган. Кийинчерээк мурдагы премьер-министр Апас Жумагуловдун жеке кийлигишүүсү менен Ала-Арча көрүстөнүндөгү бейитине эстелик тургузулуп, Арча-Бешик жаңы конушундагы бир көчөгө ысымы берилген.





# Жомокко айланган өмүр

**Таттыбүбү Турсунбаева** жөнүндө сөз болгондо айчырайлуу сахна жылдызынын табигый сулуулугу, сырткы өңтүс келбетине жуурулушкан таланты, ички дүйнөсү баладай таза ишенчээктиги, адамгерчилиги, анан да Ак мөөрдүн элесин берген аккуунун тарегдияга жык толгон аялдык тагдыры армандуу айтылат.



Ак булутту аралап ай баратат,  
Аккуу болуп көлдөгү жай баратат.  
Аталбайсың Ак кууну оңой менен,  
Жет албайсың айга да жел ой менен...

-деп ырдаган Таттыбүбү Турсунбаева өз өмүр таржымалын ырга салып, көлдөгү ак кууну өзү сыяктуу сулууга салыштырып ырдаган. Таттыбүбү Турсунбаева - 1944-жылдын 12-июлунда Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Чаек айылында төрөлгөн. Чоң атасы Турсунбай жаңы көз

жарган ымыркайга Таттыбүбү деген ат коёт. Бул ысым кыргыз киносунда, кыргыз маданиятында кандайдыр касиеттүү сулуулукту даңазалап турат. Анын жаркын элеси ар бир театр сүйүүчүнүн жүрөгүндө жалындап, кыргыз театрынын сахна жылдызы Таттыбүбү Турсунбаева деген ысымды эстетип турганы турган. Көрсө Таттыбүбүнүн атын койгон чоң атасы Турсунбай аты чыккан комузчу экен. Атасы Мырзаалы Токтогул Сатылгановдун шакирти болуптур. Ал эми апасы Калыйбүбү Таттыбүбүдөй ажайып сулуу болгон дешет жакындан жакшы билгендер. Мындай айтканда чоң таланттуу үй-бүлөдөн төгөрөгү төп келген Таттыбүбүдөй өнөр адамынын төрөлүшү жөн эмес. Таттыбүбүнүн балалык доору бактылуу өтүптүр. Көз тийгендей Таттыбүбүнүн балалык доору ченемсиз бактылуу болгону менен зор таланттын аялдык бактысы ченелүү болуптур. Балким турмуштун мыйзам ченеми ушундайдыр. Таттыбүбү атак-даңкка эрте жетип, 16







жаш курагында элге таанылган.

***

Оо, теги кыйындын кадырына ким жетти? Көроалбастык кыргыз элинин турмушундагы арылбас шору, арылбас арманы! Ошентип, күнүмдүк турмуштун агымы ичи таза талантка бирде балын, бирде уусун ичирип отуруп, асмандан жанган жылдыз сымаал Таттыбүбүнүн өз көркү өзүнө душман болуптур. Арийне аялзатынын сулуулугу ички, сырткы дүйнөсү, жароокер жайдары сапаттары айкалышып, табигый чырайына төп келиши менен Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан ушул театр болгон. Андыктан театр аркылуу "ай десе айдай, күн десе күндөй" деп сүрөттөлгөн аял сулуулугу байыркы жомоктордон тартып, классикалык чыгармаларга чейин даңазаланып келген.

Театр ишмерлери: "Таттыбүбүнүн чыгышы менен кыргыз театрына жаңы жылдыз келген" деп айтып келишет. Театрда Басулуу каармандарды кыйла жылдар бою аткарып келген Бакен Кыдыкееванын улгая баштаган учурунда Таттыбүбүнүн чыга келиши токтоло калган чыгармачылыкты кайрадан жандандыргандай болгон. Таттыбүбү ролдорду аткарганда, башкалардай экилентип же бир өзгөчө көркөмдөбөстөн, жөнөкөй, турмуштагыдай ойночу экен. "Ошондон улам, жагымдуу тембри, ачык дикциясы, улуттук акценти, аткаруу манерасы, жүрүм-туруму жүрөккө жетимдүү эле" деп жазган **"Адам болсон, артист болсоң Таттыбүбүдөй бол"** деген эскерүүсүндө драматург, маркум Токтоболот Абдымомунов.

Кыргыз театрынын тарыхында 60-70-жылдары элдин көбү театрга Таттыбүбүнү көрүш үчүн келээр эле деп айтылат. Таттыбүбү жараткан Жульетта, Дездемона, Зулайка, Ак мөөр, Уркуя сыяктуу образдар Таттыбүбү менен тагдырлаш, Таттыбүбү бул каармандардын катарында өзү да кайталангыс каарман болуп турмушта жашап калгандай таасир калтырат. Талант менен сулуулугу жуурулушуп аткарган рол-

дору Тбилисиде өткөн Бүткүл союздук конкурста менмин деген дүйнөлүк талантты баалагандардын колу менен "Советтик гражданин эрдиги" деген дипломго татыган. Бул окуя Таттыбүбүнүн чыгармачылыгындагы, дегеле өмүрүндөгү эң олуттуу окуя болуп калган.

Сулуулукту, талантты аянбай берген жараткан ага аялдык бакытты жана өмүрдү да аянбай бергенде деген арман ар бир кыргыздын, сахна жылдызын сүйгөн көрөрмандын арманы болуп кала берет. Балким сулуулардын тагдыры ушундайдыр. Анткени Таттыбүбү кыргыздын кылымдардан легендага айланган сулуулардын жомогундай болуп кыргыз элинин жүрөгүндө, театр сүйүүчүлөрдүн эсинде жапжаш бойдон жашап калат.

***

Кыргыз эл артисти **Келдибек Ниязов төмөнкүчө эскерет**: -Күнүмдүк турмуштун агымы ичи таза талантка бирде балын, бирде уусун ичирип отуруп, асмандан жанган жылдыз сымал Таттыбүбүнүн өз көркү өзүнө душман болуптур. Арийне аялзатынын сулуулугу-ички, сырткы дүйнөсү, жароокер жайдары сапаттары айкалышып, табигый чырайына төп келиши менен бааланган. Сулуу аялдан аруулук аңкып турса, кимди болсо да өзүнө тартып, көз жоосун арбап турат. Андай сапат Таттыбүбү эжеде бар болчу. *Бир чоң концертке Таттыбүбү эже экөөбүз алып баруучу болуп калыпбыз. Мен анда жашмын. Артисттердин кийим чечкен жерине кире калсам эле, бетмаңдай турган сулуу көзүмө урунса эшикти жаба салыпмын сүрдөгөнүмдөн.*

*"Кел-келегой! Чечинип, кийине бер. Минтип уялсаң кантип артист болосуң?- деп, жапайыга окшоп турган мага карай, колдорун жаңсап сүйлөп жатпайбы. Ич көйнөкчөн күзгүгө каранып, жасанып жатыптыр да жарыктык десе. Шумдуктуу, андай сулууну мен башка көрбөдүм. Мойнунун узундугу, сүйлөгөндө кашкайган тиши, колдору, каш-*





*көзү, койчу сүрөтчү тарткан бир сулууну тирүү көрдүм да. Бир күнү парктан жолугуп калдык. Сүрдөгөнүмдү айтпа. "Баякүнкү концерттен кийин Асанкан Жумакматов менен көркөм жетекчи экөө урушуп, ( каткырып) "тим эле муштакөркөм жетекчи экөө урушуп, ( каткырып) "тим эле мушташып жатышыптыр" концерттен кийин ошондой окуя болот" деп ууртундагы уячалары укмуш сулуулук тартуулап турду, ыраматылык десе...* Таттыбүбүдөй сулуулар көбүнчө театр өнөрүндө кездешкен. Театр сулуу аялдын артыкчылыгын, анын таасын талантын талап кылган. Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан ушул театр болгон. Андыктан театр аркылуу "ай десе айдай, күн десе күндөй" деп сүрөттөлгөн аял сулуулугу байыркы жомоктордон тартып, классикалык чыгармаларга чейин даңазаланып келген. **Театрда дүйнөлүк жана советтик классикасынан У.Шекспир, Лопе де Вега, Г.Лорка, М.Карим жана Е.Шварцтын чыгармалары боюнча сахнага 30 дан ашуун эстен кеткис образдарды алып чыккан: Жульетта («Ромео жана Жульетта»), Амелия («Бернарда Альбанын үйү»), Фелисьяна («Бий мугалими»), Асел («Делбирим»), Анвар («Фудзиямадагы кадыр түн») жана башкалар. Ошону менен бирге кинодо да жаркын элестерди жараткан.**

***

Таттыбүбү атактын артынан жүгүрбөгөн, атак анын артынан жүгүргөн. Ал атагын, өзүндөгү мүмкүнчүлүктү башкалардан ажыратып караганда, агасы Нуркан Турсунбаев дайыма: «кичине арамза болгондо көралбастыктын жеми болбой көп жашап, кыргыз эли үчүн көп иш аткармак,-деп арман кылат. Маркумдун театрдагы көрүнүктүү эмгеги "Кызыл жоолук жалжалым" пьесасындагы Аселдин ролу болгон. Ошону менен катар 60-70 жылдары Таттыбүбү деген экрандагы ысым бүт кыргыз элинин сыймыгына айланып, кыргыздын театр дүйнөсү дүңгүрөгөн. Сулуулугу , таланты Таттыбүбүнү башкы ролдордун биринин артынан бирин жаратууга жетелеп, башкы ролдор жалаң Таттыбүбүнүкү болуп, ал катышат де-

ген пьесаларга эл кезекке туруп калышчу экен. "Кыргыз кереметі" деген кыргыз кино дүйнөсүн дүйнөлүк аренага таанытқандардын бири ушул Таттыбүбү Турсунбаева болгон. "Ак мөөр", «Уркуя», «Кызыл алма», «Атадан калган туяк», «Саманчынын жолу", «Сүйүү жаңырыгы» кинолору аркылуу Таттыбүбү татына, кыргыздын кайталангыс сулуу периси болуп жашап калды. Ошондон "Таланттын байлыгы болбойт, тагдыры болот" демекчи сулуулукту, талантты аянбай берген жараткан ага аялдык бакытты жана өмүрдү да аянбай бергенде деген арман ар бир кыргыздын, сахна жылдызын сүйгөн көрөрмандын арманы болуп кала берди.

***

Ал "Ак мөөр" тасмасына тартылгандан кийин Ленин дик сыйлык берилет деп турганда берилбей калышы, "Уркуя" тасмасында да Токтогул сыйлыгына режиссёр, оператор ээ болуп, "Уркуяны" Уркуя кылган Таттыбүбүнүн унутта калышы, "Манастын уулу Семетейде" Каныкейдин ролу Таттыбүбүгө даярдалып жатып, берилбей калган мамиле табитинен үлбүрөк назик таланттын жан дүйнөсүн жабыркатып, кала берсе бул дүйнөнү таза караган сулууга жарыкчылык чөйрөсү ээнин кейитип, иренжүү менен каратып, акыры зор таланттын улуу тагдырын талкалаган.

Аттиң ай, ошол кездеги өз коомунун адамдары, кесиптештери кыйналган кезде жөлөп-таяп, аяй билип, кечирип, өстүрүп жүрүп отурушса Таттыбүбү эженин тагдыры башкача болот беле? Теңир Таттыбүбүгө гана өзгөчө сыйкырлуу кооз үндү, келишимдүү бой-мүчөнү, айдай сулуу жүздү, талантту өнөрдү кыдыр даарып тартуулап, өмүрүн кыска кылып койгон экен. Таттыбүбүнүн өмүрү кыска болгону менен ал өлбөс болуп жаралып калды. Анын өлбөстүгү – кыргыз аялзатынын жүзү ушундай болот турбайбы дедиртип, дүйнө жүзүн таңгалдырганы.

Таттыбүбүнүн өлбөстүгү – кыргыз айжаркын аялынын сулуулугунун символун кыргыз искусствосунда калтырып кет-





кендиги. Ал ойногон каармандардын образдары бири-биринен айырмаланып турат, ар кандай мүнөздөрдү изденүү менен жараткан. Чыгармачылыкта көп кырдуу талантка сулуулугу шыкак берип, өнөр секисине эрте жеткенге шарт түзгөн. Демек андай адам өзү да башкалардан ошондой мамилени күтүп, жаркылдаган, жагымдуу, карамдуу мамилеге муктаж болуп турары чындык. Таттыбүбүнүн трагедиялуу тагдыры кыргыз коомунда көралбастыктын чоң тамгасы менен айтылып да, жазылып да калды. Кылымдар өтүп кыргыз театрынын тарыхындагы сулуунун тагдыры барып-барып армандуу жомок сыяктуу болуп, сахна жылдызы бул жарыкчылыкта алалбай кеткен баасы кылымдар өтсө да аты өчпөстөн, өмүрү легендага айланган өмүр болуп кала берет.

***

Таттыбүбү «Гүлкайыр» деген ырды аткарып, 1-орунду ээлеген. Агасы Нуркан экөө ээрчишип жүрүп Таттыбүбү үчүн жазылган кыска метраждуу «Салиманын ыры» деген фильмге тартылышкан. Таттыбүбүнүн ырчылык өнөрүнө элибиз 1963-жылы радиого жаздырылган «Ай баратат» аттуу ырды укканда күбө болгон.

Анын"Кызыл алма", «Уркуя», «Ак Мөөр» көркөм тасмаларында аялзатынын ажайып сулуулугун даңазалаган, кыргыз элине бир келген ажайып сулуу экендигин убагында эч ким билбесе керек. Таттыбүбүнүн өлгөнү – бир арман, сулуулугу – бир арман болуп атпайбы. Таттыбүбү өлгөн түнү кар аралаш мөндүр жаап, эртеси асман чайыттай ачылып кеткен дешет. Асманда ак чардактар пайда болуп,





айланып учуп, кыйкуулап, анан кайдадыр канат кагып кетишкен, бир укмуштай кыйкуулашып, адамдар Таттыбүбүнү эмес, жер үстүндөгү Сулуулукту жер астына биротоло көмүп жаткандай болгон дешет. 1966-жылы окууну бүтүп келгенден кийин Кыргыз драма театрында иштей баштаган. Ал ар бир ролго ар башка образ берчү. Мына ушундай сапаты менен улуу актриса атыккан. Сахнада 100дөн ашык роль жараткан. Ал эми экран үчүн жараткан көрүнүктүү ролдору Ак Мөөрдүн жана Уркуянын ролдору болуп калды.

Балким Таттыбүбүдөй сулуу ары кыйын талантты барктай алган, сыйлай алган бир эркек тагдырына туш келгенде кандай болот эле дейсиң? Сулуунун сулуудай түйшүктүү жүгүн көтөргөн эркек ар бир тагдырга буюра бербейт эмеспи. Анын сыңарындай киноактёр Болот Бейшеналиев менен Таттыбүбү Турсунбаева экөө Ак мөөр менен Болоттун ролун сахнада эмес турмушта жаратканын чындап сезип «аттиң ай» дейсиң. Эки зор таланттардын эки башка тагдыры, би-





рикпеген өмүр жолдору өзүнчө бир сырдуу, табышмактуу...

Жаш кезинен жакын болгон Болот Бейшеналиев, Таттыбүбүнүн колун сураган экен. Эмнегедир Таттыбүбү макул болбогон деген кептер бар. Балким бул экөө биригип калса бири-биринин кадырына жетет беле деген кеп "аттиң" деп айтылып келет.



Ошого карабай актёр аны өмүрүнүн акырына чейин сүйүп өткөн. А Таттыбүбү болсо Имаш Эшимбековго турмушка чыгат. Аны менен да студенттик жылдарында таанышкан. Асел, Канат аттуу балалуу болушуп, экөө он жылдай бирге өмүр сүрүшөт.

Таттыбүбүнүн трагедиясы – анын баладай ишенчээктиги болгон. Ушунусунун айынан кесиптештери тарабынан көп запкы жеген. Чыгармачылыгынын гүлдөп турган маалында, 37 жаш курагында ал бул дүйнө менен күтүлбөгөн жерден кош айтышат. Улуу талантты жоготкон убак 1982-жыл болчу.

Өлүмүнүн себеби ошол эле көрө албастык, бут тосуулар болгон. Кандай болгондо да ушак-айыңдар, көралбастыктар кезинде Таттыбүбүгө таасир берип, жан дүйнөсүн жаралаган. Таттыбүбү Турсунбаеванын тагдыры өтө катаал келип, ал мезгилинен эрте кеткен өлүмү менен бүткөн. Бирок так себеби ушул күнгө чейин аныкталбай, анын өлүмү табышмак бойдон калып келет.

***

Таттыбүбү Турсунбаеванын жаркыраган элеси элдин эсинде жаш бойдон калды. Таттыбүбү 72 жашка чыкмак. Тирүү болсо канчалаган тарыхый образдар жаралмак. Ошентсе да элдин эсинен күнү бүгүнкүдөй чыкпаган актрисанын өмүрү жомокко айланып кала берет. Ак Мөөрдүн образын жараткан улуу талант Таттыбүбү Турсунбаеванын эстелиги 2014-жылдын 30-апрелинде Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын жанына тургузулду. 70 жылдык маарекесине арналган айкелдин автору - скульптор Тайыр Медеров. Анын айтымында, айкелге Таттыбүбү Турсунбаеванын «Ак Мөөр», «Кызыл алма», «Уркуя» фильмдеринде жараткан образдары жуурулушуп түшүрүлгөн.

***







Бир тууганы Нуркан Турсунбаев арманын дене боюна сыйдырып көтөрүп, Таттыбүбүнүн атын өчүрбөшкө аракет жасап келет. Таттыбүбү атындагы коомдук фонддун жетекчиси Жыпар Турсунбаева эже дагы болгон дараметин жумшап Таттыбүбү Турсунбаеванын жолун улап мыкты таланттуу кыздар чыкса деген аруу тилекте жүрөт.Ошентсе да элдин эсинен күнү бүгүнкүдөй чыкпаган актрисанын өмүрү легендага айланды. Ал аз жашаганы менен талант катары ары сулуу, адамгерчилиги бийик айым, улуу актриса эл оозунда кылымдар бою өчпөй жашап кала берет. Таттыбүбү саз жашады десек болот. Балким адам болуп төрөлүп, адам болуп өлүү ушул Таттыбүбү сыяктуу ички дүйнөсү назик таза сулууларга буюргандыр дегендей ой келет.

**Кызы Асел Эшимбекова:** - Мен ушул күнгө чейин апамдай сулуу аялды көрө элекмин. Жадакалса кызы болуп турупагa окшошбойм. Мындай сулуу айымдар 100 жылда бир төрөлөт болуш керек,- деп апасына таазим кылды. Кыргыз жергесинде чыгармачылыкты жогору баалаган коомчулуктун өкүлдөрү катышкан улуу актрисанын күндөрү болуп өттү. Таттыбүбү атындагы коомдук фондду тарабынан ар жыл сайын Таттыбү Турсунбаева атындагы сыйлык кыргыздын чыгармачыл мыкты кыздарына ыйгарылып турмакчы болуп чечилди.

Залкар акын **Жолон Мамытов** Таттыбүбүнүн тагдырын арман кылып эскерип жазган ыры менен эскерүүмдү аяктагым келди :

Суктандырып бул сулуулук, ойчулдук,
Баарын шилеп, көкүрөккө толтурдук.
Бизге энчиге берилгендей ушул көрк
Канча оюнда жагалданып отурдук.

Ай чырайлуу жумур дене Жоконда
Кыргызымда бир жаралган экен да.
Бир эркелеп бул турмуштун шаңына
Эл-күзгүгө бир каранган экен да!

Отуң алоо жүрөктөрдө жагылган
Элиң эсен оюнуңа агылган.
Сезимдерде кайталанып тураарсың
Улуу тоодон бир жарк эткен чагылган.

Рух-суусунду сендей талант-өзөндөн
Таттык,
Бастык жаркын талант көчөндөн
Биз таңдандык тал чыбыктай боюңа,
Дүйүм журттун сулуулугун көтөргөн

Көргөн көрөр узун өмүр пайдасын
Бирок айтчы сен өлбөстүк кайдасың
Зор сахнанда ойнотконуң ойноткон
Ажал талант убакыттын кармашын

Ай чырайлуу жумур дене Жаконда
Кыргызымда бир жаралган экен да
Бир эркелеп бул турмуштун шаңына
Эл күзгүгө бир каранган экен да

Жаш тагдырга биз кайдыгер караппыз,
Сулуулукту туш тушунан талаппыз.
Сыймыгыбыз колдон учуп кеткенче,
Сыйыбызды, сөзүбүздү аяппыз.





Ойлой калсам зээним кейийт азыр да,
Оо, биз деги качан жеттик кадырга?
Ак денесин “Ала-Арчага” койбостон
Аттап-буттап алып кеттик адырга...

## Ак Мөөр



Калк арасында уламышка айланган Ак Мөөр менен Болоттун арзуусу тууарасындагы баян режиссёр Мелис Убукеевдин колунан тасма болуп жаралган. Ак Мөөр тарыхта жашап, бирок анын тагдыры тасмадагы өмүргө коошпогонун тарыхчылар айтып келишет.

*Кыргыз киноискусствосунун тарыхында театр менен кино кынтыксыз айкалышып, өзгөчө бир эпикалык поэзия стилин жараткан бирден-бир жалгыз көркөм фильм. Албы гачкы улуттук режиссерубуз, залкар устат Мелис Убукеев бул гениалдуу көркөм тасмасын зор эксперимент катары караган. Улуттук кино классиканын үлгүсүнө айланган бул кайталангыс сыйкырдуу, сырдуу тасма ар бир муундагы кино көрүүчүлөрдү өзүнө чексиз арбап келет.*

Режиссёру – Мелис Убукеев
Оператору – Владимир Котов
Тарткан киностудиясы – Кыргызтелефильм
Тартылган жылы – 1969-жыл
Ачылышы – 1970-жыл, 14-май
Актёрлору – Таттыбүбү Турсунбаева, Болот Бейшеналиев, Муратбек Рыскулов, Советбек Жумадылов жана башкалар.

Тарыхка кызыгып, кыргыздын басып өткөн жолун мыкты билген Мелис Убукеев Таттыбүбү Турсунбаеваны көрүп, анын сулуулугунан Ак Мөөрдү элестетип, аталган тасманы тарткысы келген дешет. Фильм режиссёрдун дипломдук иши болгондуктан, тасмага атайын каражат бөлүнгөн эмес. Ошол себептен павильондун ичи менен чектелип калган. Бирок актёрлордун күчтүүлүгүнөн фильм көркүнө чыккан. Жаратылыштын коздугуна айкалышып тартылганда, балким, мындан да мыкты чыкмак. Фильмдин кыскача мазмунуна токтолсок. Жантай хан жигиттери менен Нарындын Соң-Көл жайлоосуна жөнөп калат. Жолдон кыздардын сууга түшүп жатканына күбө болот, бары кача бергенде, бир гана кыз суу ичинде калат. Ошондо Жантайдын жигити Баяке «жан талаша чуркаган кыздарга карабай, суу ичинде калды. Акыл-эстүү, ыймандуу жан көрүнөт, жуучу түшө кетели» деген. Ак Мөөрдүн Болот аттуу ашыгы менен бекиткен сөзү бар эле. Андан ары Жантайдын Мөөрдү сүйгөнү Болоттон тартып алып үйлөнүшү, Жантай каза болгон соң артынан эле Мөөрдүн Баяке колдуу болуп көз жумушу сүрөттөлөт.

***

Ак Мөөрдү изилдөөчү Теңизбек Төлөмүшевдин айтымында, Ак Мөөр, Жантай, Болот үчөө тең XIX кылымда жашап өткөн инсандар. Тасмада Жантай жетимиштен ашса, Ак Мөөр 15те болуп, ортодогу айырмачылык бир топ жашты түзгөн. Бирок тарыхта Жантай хан каруусу күчкө толуп, акылы айга жетип турган маалында 53 жашта, Ак Мөөр 15 жашта болгону айтылат. Жантай Карабек уулу 1794-жылы туулуп, 1868-жылы 74 жашында каза болгон. Ал Ак Мөөр менен жыйырма жылга чукул жашаган. Ак Мөөр 1869-жылы 35 жашында Жантайдын ашы өткөндөн кийин каза болуп, сөөгү Кемин районундагы Жол-Булак айылына коюлган.





Жантайдын көзү өтүп, ашка келгендердин аягы суюлганда Ак Мөөр өз өргөөсүндө каза болгон дешет тарыхчылар. «Уу берип өлтүрүштү» деген маалыматтардын тарашына Мөөрдүн оору-сыркоодон алыс жүрүп эле каза болгону түрткү болсо керек. Жантайдын Табарик, Туруке, Курма, Баалы, Сейилкан деген беш аялы болгон. Баалы менен Сейилкан бир тууган эже-синди. Мөөр хандын алтынчы аялы болгон.

***

Мелис Убукеев Ак Мөөрдү өзүнөн кем калбаган сынында тартуу үчүн издеп отуруп, Таттыбүбүнү ушул ролго чакырган. Фильмдин стилин да бир башкача, жалаң декорацияларды коюу менен калыпка салган. Тартуу мезгили да түнкү убакка белгиленип, жалаң гана декорациялардын фонунда жүргүзүлгөн. Театралдык эпика ыкмасына салып, поэтикалык көркөм фильм жараткан. Ага немец классиги, драматург, «эпикалык поэзиянын сахна чебери» Бертольд Брехтти абдан жакшы көргөндүгү өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Фильмге ошо кездеги залкар артисттердин бүтүндөй бир муну катышкан. Кийин кинорежиссерлор тарабынан мындай фильм башка жаралган жок. Андыктан, кайталангыс бир жаралган мыкты эксперименттин үлгүсү катары тарыхта калды.

Ак Мөөрдүн кабары көзү барда эле кыйырды аралап, аңыз болуп айтылып, укмуштуудай уламышка айланыптыр. Кийинки доорлордо көп ырчылар обонго салып, аспапчылар күү чыгарган экен. Дастанчылар дастан айтып, эл оозунда бул салт заманга ылайык, жазмакерлерге да кезек берген.

Эл акыны – Сүйүнбай Эралиев поэма арнап, Эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков кара сөз жазган.

***

XIX кылымдын башында Кочкор, Жумгал, Нарын элдери Соң-Көл жайытын талашып, бат-бат жаңжалдашчу экен. Аны чечкени, Жантай хандын тобу Чоро айлына бет алат. Көлгө түшүп жаткан кыз-келиндерге чукулунан бет келип, алар жамырап качканда, бир гана кыз суу ичинде алыстап сүзүп, аккуудай мойну койкоюп, олоң чачтарын жамына тескери карап отуруп калат. Жантай хандын жигити Саза баатыр (фильмде Баяке) Жантайга кайрылып: «Баатыр, жолдуу экенсиз. Соң-Көлдүн аккуусу мында тура. Айылга меймančылабай, жуучу түшө баралы» дейт. Саза-Баякенин буйругу менен бир жигити суу кечип жакын барып, аты-жөнүн, айлын сурап кайтат. Тарыхта Баяке – түштүктө Кара-Дарыянын жээгинде Кара-Сууда жашаган Нускай деген эр көкүрөк адамдын Аргымбай деген уулунан.

***

Ак Мөөр менен Таттыбүбүнүн окшош жактары бар. Эки инсандын тең сулуулугу эл оозунда айтылып калды.Аты тарыхта калган эки сулуу тең саяк уруусунан чыккан. Ак Мөөрдүн да, Таттыбүбүнүн да өлүмү бүгүнкү күнгө чейин табышмак. Кандай болгон күндө да эки тагдыр тең трагедия менен аяктап жатат. Ак Мөөр да, Таттыбүбү да күлгүндөй 35 жаштан ашкан соң көз жумган. Экөө тең төрт эркектин арасындагы жалгыз кыз болгон.





# Кыргыз элинин алгачкы опера ырчысы



**Сайра Кийизбаева** - кыргыз элинин залкар опера ырчысы. Үнү лирика-драмалык сопрано. СССРдин эл артисти, профессор. Бир нече жолу Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болгон.

Азыркы Бишкек шаарынын Төкөлдөш аймагында 1917-жылы 7-ноябрда туулган. 1947-1949-жылдары Москва консерваториясында окуган. Сайра Кийизбаева чыгармачылык жолун 1936-жылы Кыргыз музыкалуу драма театрына солист болуп кирүүдөн баштаган. 1937-жылы В.Власов менен В.Ференин «Алтын кыз» музыкалык драмасында Ажардын ролун ойногон. Жупуну вокалдык партия Кийизбаевага өзүн ырчы катарында көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген жок, бирок Ажардын образы анын артисттик мүмкүнчүлүктөрүнө өзүнчө бир сыноо болду. Ошого карабастан, ал каарманынын жандуу сезимин ишенимдүү берүүгө жетишет. Мына ушундан улам анын таланты эле анык-талбастан, окуудагы ийгилиги да ишенимдүү аныкталган.

1938-жылдын күз айларында музыкалык драма театры кыргыздын биринчи операсы «Айчүрөктү» даярдоого киришет. Кийизбаева болсо башкы партияны даярдайт. Бул спектаклде Сайра Кийизбаева Айчүрөктүн укмуштуудай поэтикалуу жана көп кырдуу образын жаратууга жетише алган. Жаш ырчы сахнада курбулары менен болгон назик кыялдануусун да, Семетей менен жолугушуу дагы лирикалык жыргалын да, душмандын мандайында турганда зор токтоолуулукту да,

лукту да, Чыңкожо менен сүйлөшүүдө аялдык кылыктануунуда ишенимдүү бере алган. Ырчы өзүн өтө эле токтоо кармаганы менен андан Айчүрөктүн бүтүндөй мүнөзү байкалган. Сырткы көрүнүшүндө эмоция болбогон, элдин улуттук мүнөзү да сезилген. Мына отуз жылдан бери «Айчүрөк» операсы кыргыз опера жана балет театрынын репертуарынан түшпөй келет. Жаш ырчы 1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз маданиятынын он күндүгүндө В.Власов, А.Малдыбаев жана В.Ференин «Айчүрөк» операсында Айчүрөктүн ролун чоң ийгилик менен аткарат.1953-жылы кыргыз опера ырчыларынан биринчи болуп Москванын Чоң театрында Пуччинин «Чио-Чио-Сан» операсында Баттерфляй айымдын партиясын орус тилинде аткарат. Бул эң маанилүү экзамен болгондуктан, москвалык көрүүчүлөрдү өзүнө багындырып, экзаменден укмуштуудай ийгилик менен өткөн.

Бишкектеги Мураталы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайда жана Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтунда чейрек кылымдан ашык сабак берген. А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрын да жетектеген.

1936-жыл. Октябрь айы. Ордо калаа Бишкекте эл чыгармачылыгынын республикалык олимпиадасы Кыргыз драма театрынын залында салтанаттуу ачылат. Олимпиаданын эң негизги максаты келе жаткан эл ичиндеги шайырларды жаңыдан түптөлүп жаткан улуттук профессионалдык музыкасына, театралдык өнөрүнө, келечеги кең жаш таланттарды тартуу, окутуу. Өнөр кенчи болгон калк арасындагы шайырлардын өсүшүнө камкордук









көрүүгө арналган. Тунгуч олимпиадага Кыргызстандын бүтүндөй чар тарабынан 500дөн ашык ар кыл муундагы, түрдүү кесиптердеги "мен ырчы, комузчу, төкмө акын, кыл кыякчы, темир ооз комузчу, чоорчу, сурнайчы" дегендин баардыгы катышат. Эл шайырларынын бул чоң жыйыны бир жумага созулат. Кароонун үчүнчү күнүндө борбор шаарга жакалай жайгашкан Төкөлдөш айылында жашаган педагогикалык техникумдун чап жаак, сулууча келген келбеттүү, ичке белдүү, ак жуумал Сайра аттуу студенти сахнага чыга келди да, Эсенаалы Кушчуевдин айтылуу "Ой тобосу" менен Абдылас Малдыбаевдин ошол кездеги угуучулардын арасында жаңыдан гана ырдала баштаган "Гүл турмуш" аттуу ырын фортепианонун коштоосунда ырдап чыгат.

Жаш ырчынын шаңкылдаган мукамдуу, тунук үнү, жадырап жайнаган жүзү угуучулар менен калыстар тобуна аябай жагат. Кароонун жыйынтыгында Сайра Кийизбаева биринчи сыйлыкка, жеңишке ээ болот. Калыстар тобунун чечими менен драма театрынын алдындагы студиядан окууга сунушталат. Бир эле мезгилде ага кыргыз драма театрында алгачкы жолу даярдалып жаткан В.А.Власов менен В.Г.Ференин "Алтын кыз" музыкалуу драмасындагы Ажардын, В.Власов, А.Малдыбаевдин, В.Ференин "Айчүрөк" операсындагы баш каарман Айчүрөктүн ролдорун сахнага алып чыгуу тапшырылат. Жаш шайыр сахналык тажрыйбасы жок болсо да жогоруда аталган каармандардын образын көрүүчүлөр күткөндөй

деңгээлде алып чыгат. Ошентип, Сайранын сахнадан түшоосу кесилет. Ал талыкпаган эмгектенүүнүн, тынымсыз изденүүнүн аркасында кыргыздын эле эмес, дүйнөлүк ысымдагы композиторлордун операларындагы башкы каармандарды биринен сала бирин аткарат. Кыргыз элинин бирденбир сүйүктүү ырчысына айланат.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жарым жылча кан



төгүлгөн фронтту аралап концерт берип, согуштан кийин Москва консерваториясынан музыкалык билимин өркүндөткөн. М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында окутуучу, Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда жеке ырдоо кафедрасынын башчысы жана профессору болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советине бир нече жолу депутат болуп шайланган. Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери жана медалдар менен сыйланган. 1988-жылы 71 жаш курагында бул дүйнөдөн көзү өткөн.

Сайра Кийизбаева кыргыздын дүйнөлүк ысымдагы улуу





композиторлордун классикалык операларындагы ондогон башкы каармандардын ролдорун аткарып, көрүүчүлөргө тартуулоо менен бирге ар кандай маңыздардагы, түрдүү аваздык боёктордогу, лирикалык, патриоттук, ырларды, романстарды да өтө чеберчиликте аткарган. Айрыкча ал А. Малдыбаевдин, М. Абдраевдин эл, жер, эмгек, махабат ж.б. темадагы ырларын кыргыздын профессионалдык ыр жанрынын алтын казынасында жашагандай устаттыкта аткарган. Кыргызда көзү өтүп кеткен таланттуу уул-кыздары жөнүндө кеп болуп жатат. Анын ичинде аттын кашкасындай болуп Сайра Кийизбаева да көрүнүп турат. Ал кыргыз опера искусствосунун жаратышкандардын эң биринчилерден болуп кирпичтерин кынашкандардын биринен. Кыргыздын опера искусствосун өнүктүрүүдө анын ээлеген орду чоң. Бул дагы арабызда жакында эле кетти. Жоомарт Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» аттуу музыкалуу драмасындагы чоң ролду аткарганынан баштап жакшы билебиз. Сайра эжебиз катышпаган бир дагы опералык спектакл жок. Кыргыздын аткаруучулук искусствосу жагынан жеке гана республикабызда эмес союз боюнча аты таанылып 50-60 жылдардын ичинде чыгармачылык талантында таазим этүүчүлөр өтө көп болду. Ошол жылдары Сайра Кийизбаевага анын талантына күбө болгондор бирден-бир мыкты аткаруучу деп баа беришкен.

Кийизбаева сахнага чыгып Айчүрөк менен Каныкейлерди аткарганда сахна толо түшчү. Аткаруучулардын мыктылыгы дал ошол. Көпчүлүк убактарда чоң ролду артисттер тейтелектетип майдалап жиберген учурлар өтө көп болот. Кыргыз опера искусствосунда ал катышпаган опера негизинен жок. *Алардын ичинен да өзгөчө эсте калгандары* «Айчүрөктөн», «Каныкейдин» ролдорун мыкты аткарган. Жеке эле кыргыз операларында эмес ошол жылдардын ичинде бир катар классикалык опералар коюлат. Алардан мисалга алсак, «Чио-Чио-Сан» операсын эле алалы. Анда Питерфлейдин ролун буга окшоп союз боюнча да эч ким аткарган жок деп айтсак да болот. Өз кезинде эң мыкты аткаруучулардын би-

ри деп алынган. Ошону үчүн жалпы эле Орто-Азия музыкалык искусствосунун атынан 1953-март айында Москвадагы чоң театрдын сахнасында ырдаган. Сайра эженин аткарган операларын угушкан угуучулардын жүрөктөрүнө жеткендиктен, алардын ар бири көзүнө жаш алып кетишкен. Ал жеке гана спектаклдерде ролдорду мыкты аткаруу менен чектелбестен, ошондой эле коомдук иштерге да көөбүрөк катышкан, коомдук ишмер да болгон. Сайра өзүнүн талантын педагогтук жакка да буруп, кыргыздын маданий кадрларынын өсүшүнө да зор өлчөмдө салым кошо алды. Ал профессор деген наамга жетип жаңы ачылган институтта иштеп жүрдү. Кыскартып айтканда кыргыз операсынын өсүп өнүгүшүнө Сайра Кийизбаеванын эмгеги бөтөнчө зор. СССРдин эл артисти, профессор, кыргыздын тунгуч профессионал опера ырчысы Сайра Кийизбаева тирүү болсо ушул тапта токсон сегизге чыкмак.

### СССРдин эл артисти Кайыргүл Сартбаева:

## Сайра эже акылман, айкөл адам эле

Москвадан консерваторияны бүтүп Сайра эже менен көзү өткөнгө чейин бирге иштешип, ал аткарган башкы ролдорду аткарып, ырдаган ырларды ырдап, таалим-тарбия алган Кайыргүл Сартбаева эже Сайра Кийизбаева эже тууралуу төмөнкүлөрдү баяндап берди:







- Сайра эже профессионалдык опера ырчыларынын баштоочусу, негиз салуучусу . Эженин адамгерчилиги өтө жогору болчу. Ал улууну улуудай, кичүүнү кичүүдөй урматтап сыйлоочу. Эженин колу ачык, төгүлүп чачылып жүргөн дасторкону өтө кенен, акылы терең айым болгон. Мен Москвадан консерваторияны 60-жылдардын башында бүтүп келип театрда иштеп калдым. Мага Сайра эже менен Калый агай чоң жардам берди. Консерваторияда окуп жүргөндө эле композиторлор В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин "Айчүрөк" операсынын баш каарманы Айчүрөктүн арияларын жаттап даярдап келген элем. Биринчи жолу сахнага Айчүрөктүн ролун аткарып чыктым. Ошондо Сайра эже классына алып барып, отургучуна отургузуп "мына бул күзгүгө канча жыл каранып, канча жыл таранып жүрдүм. Так ушул отургучка сен отурасың, так ушул күзгүгө сен каранасың, таранасың. Менин сага берген эстафетам",- деп элдин көзүнчө кол чаптырып, бөлмөсүнүн ачкычын тапшырган эле. Анан "Айчүрөк" операсынан Айчүрөктүн ролун аткарган эле. Мен ойлойм, Сайра эженин кийинки адисттик, мугалимдик тарбиясынын аркасында бүгүнкү күндө көптөгөн ырчылар эмгек сиңирген эл артисттеринен болушат. Алар азыркы күнгө чейин эженин ысымын өчүрбөй ырдаган ырларын ырдап даңктап келишүүдө. Сайра эже менен "Манас" операсын да бирге ырдадым. Эже Каныкейди, мен Канайымды, Кыдырбек Чодронов агай Манасты аткарды. "Манас", "Айчүрөк" опералары менен көптөгөн КМШ өлкөлөрүнө чыктык. Ошондо эже мага ыраазычылыгын айтып: "Үнүңө кубат берсин, азаматсың",- деп айткан алкоолору азыр да кулагымда жаңырып турат. Мындай сөздөр эң бир акылман, эң бир айкөл адамдын гана оозунан чыгат. Жакшы сөз айтыш үчүн да ага акыл, эс, күч керек. Мен ойлойм Сайра эжекем менен бирге иштешип, сахнага чыкканын, ар кандай концерттерде жүргөнүн, ошолордон таалим алып, кандай басканын, кандай көз караштарын, кандай отуруп тургандарын, жада калса дасторкондо отургандары баарын мен үйрөнүүгө аракет кылаар элем.

Кудай буюрса эжекемдин ордун басып, өзүнүн айткандарын аткарып келе жатам. Мен да билген билимимди шакирттериме берип кетсем деген аракеттерим бар.

# Кыргыздын акын кызы

ХХ кылымдын отузунчу-кыркынчы жылдарында, кыргыз



аялдарынын арасында ыр жазгандар чыга баштаган. Ошол учурда кыргыз жазма адабияты бутунан туруп, кадам шилтеп калган кез болгон деген аныктама берилип келет.

Нуркамал Жетикашкаева 1918-жылы Сокулук районундагы Жыламыш айылында туулган. 1941-жылы Москвадагы А.Луначарский атындагы театр искусствосу институтунун кыргыз студиясын Насыр Кытаев, Урумкан Исмаилва, Касымалы Бектенов, Өмүркул Жетикашкаев, Исмаилбек Абдубачаев, Мурадил Ибраев, Махмут Токтоналиев, Какен Урмамбетова, Рая Айдаралиева, Жамийла Калчаева, Бейшен Рысмендеев, Калийча Рысмендеева, Нафиса Курманалиева, Асан Саргалдаев, ж.б. менен бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик драма театрында артист, кийинчерээк кыргыз тил, адабият жана тарых институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. Нуркамалдын ырлары 1937-жылдан тартып басма сөздө жарыялана баштайт. Кыргыздын туңгуч жазма акын кыздарынын





бири Нуркамал Жетикашкаева менен Кыргыз драма театрынын биринчи режиссеру Өмүркул Жетикашкаевдин уулу Кадыркул Өмүркулов болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш чыкканда Өмүркул брону болсо да суранып кетет. Көп өтпөй Кронштадда1941-жылы курман болот. Наристесин бооруна кысып, жесир калган Нуркамал Жетикашкаева эжебиз кийин кыргыз адабиятында кайталангыс из калтырган жазуучу, кара сөздүн жоргосу, драматург, актер, режиссер, жазуучу Касымалы Жантөшевге турмушка чыгат. Нуркамал эже катуу оорудан 31 жашында бу дүйнөдөн кеткен. Жаш калган уулу, болочок киносценарист, жазуучу Кадыркул Өмүркулов он алты жашка чейин Жантөшев деп жазылып жүрөт. Касымалы Жантөшев кенедейинен аны өз уулундай жылуу мээримге бөлөп чоңойткон. К.Жантөшевдин таланттуу жазуучу катары да, адам катары да таза, бийик инсан болгону ушундан эле көрүнүп турат эмеспи.

Касымалы Жантөшев замандаштарынын эскерүүсүндө колу ачык, бапырандаган киши болгон. Кадыркулга өз ата сындай мээрим төгүп өстүргөн. Бул инсандын жашоосунда өзгөчө орду бар экенин Кадыркул Өмүркулов буга чейин бир нече интервьюларында айткан жайы бар. Жантөшевдин көзү өтүп кеткенден кийин анын калемине таандык "Каныбек" романын басмадан чыгарып, экрандаштырууга салым кошкон.

Кадыркул Өмүркуловдун өмүр баянынан өзүнчө бир кино жаратса болчудай. Ал бой тарткандан баштап өз киндигин өзү кескен. Жаштайынан заводдо иштеп, Москвадагы кинематографисттер институтунун сценарист факультетин алгачкылардан болуп окуп бүткөн. Институтту бүтүп жаткан-да кинорежиссер Төлөмүш Океевдин "Бакайдын жайыты" фильмине алгач киносценарийди жазышты. Эки таланттын мээнетинен жаралган фильм кыргызга атак-даңк, сыймык алып келген.

***

Нуркамал Жетикашкаеванын 1949-жылы «Жанган жалын»

поэмасы китеп болуп чыгат.1953-жылы ал дүйнөдөн кайткандан кийин ырлар жана поэмаларынын толук жыйнагы,1958-жылы орус тилинде «Я дочь Октября» деген ырлар жыйнагы чыккан.1946-жылдан СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. Н.Жетикашкаева «1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги каарман эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган. Нуркамал *эже* театр артисти, Эл чыгармачылыгы үйүнүн директору болуп иштеген. Бир нече ыр жыйнактарынын автору. 1952-жылы дүйнөдөн өткөн.

***

Адамдык тагдырлары түздөн-түз элине эркиндиктин баш багышы менен тең катар башталган Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Адышева, Нинакан Жүндүбаева, Жумакан Тынымсеитова деген асыл заттар аялдын ордун коломтонун жанынан, эри менен балдарынын кашынан көргөн элинин ичинен суурулуп чыгышкан. Алар күнүмдүк көр тирликтин деңгээлинен аздап көтөрүлүп, билим алып, быягы Пишпектин тар көчөлөрүн артка таштап, бири СССРдин жүрөгү болгон Москваны чабыттап (Н.Жетикашкаева), «акын» деген алгачкы наамга арзып, «Алыбек алына жараша» жигиттер менен ат салышышкан. Дүйнөлүк адабиятты мындай коёлу, орус адабиятында Ахматовалардын атагы өлкөнү дүңгүрөтүп, поэзияда чыныгы кесипкөйлүктүн чокуларын багынтып жаткан учурда биздин эжелерибиз болгон «талантын» кошок менен чыгарышчу экен. Ал тургай алгачкы профессионал акын Нуркамал Жетикашкаева эжебиз деле ырын окубай, ырдап айтчу экен. Ошондон улам кеч болсо да колуна калем алган акын кыздарына элибиз ыйбаа менен мамиле кылып, ийгилигин көкөлөтүп, кемчилигин кечирип келгенинин жөнү бар.

Обондотуп айтуу, бул балким, салттуу кыргыз ырларынын кулакка жедеп сиңип калгандыгынан, кыргыз дүйнөсүнүн али салттуу көркөм дүйнөдөн алыстай электигинен болуу керек. Ал учурдун ырлары сабатсыздык жоюлгандыгынан





улам кагазга түшүрүлгөнү гана болгону менен элдик оозеки чыгармачылыктын жолунда болгон. Ушул себептен, жогоруда ысымдары саналып өткөн акын эжелердин ырларына көз жүгүртсөк, алар, арийне, профессионалдык адабияттын үлгүлөрүнө караганда, көбүнесе мазмун, маңызы, ыргагы, тулкусу боюнча фольклорго жакындап турат.

***

Нуркамал эже кыргыздын келин-кыздарынан чыккан ка-
лем ээлеринин төлбашыларынын бири болгон. Анын чы-
гармалары да замандаш акындарынын чыгармаларындай
революциялык үгүт-насыят темаларына сугарылган. Со-
веттик патриотизм, адабияттагы партиялуулук Нуркамал
эженин чыгармаларында калыптанган, айкын принципте ту-
рат. Бул көрүнүш акын эженин ири ийгиликтери.Акындын чы-
гармалары коомдун өткөрүп турган кырдаалында ылайык-
талган татынакай адабияттагы көрүнүштөр» , – деп жазган
Кыргыз Эл акыны Аалы Токомбаев учурунда акын кыздын
чыгармачылыгын «Нуркамал» аттуу эстелик» катары баа-
лаган .«Биздин заман», «Октябрдын кызымын», «Ильич»,
«Биздин закон», «Лениндин туусуалдында», «Ырысы-
быз партия», «Сүйүнөм», «Өчпөс чырак», «Кантип жүрөк
кубанбайт»,«Коммунизм – биздин жол», «Өссүн өмүр жар-
кырап», «Ырысты көрдүм чалкыган», «Кубанам», «Мекен»,
«Элимде» аттуу ырларында акын жогорку ырындагы эле та-
алайын айтып бүтпөйт. Заманын «нур заман» деп мүнөздөп,
Компартияга, Ленинге кайра-кайра ыраазычылыгын агынан
төгүлө билдирип, бактысына сыйбай, «Октябрь берген тил
менен, Калемим ырдайт колумда», «Октябрь берген эрк ме-
нен, Күн санап алга барамын» – деп, Октябрь Революция-
сынын «пардалуу жүктүн бурчундагы, туткундагы аялдар-
га» берген жарыгын кубана кабылдап, бул таалайды айтууга
сөздүн гүлдөрүн тандайт. Үй-үйлөрдө Ильич шамы жанып,
колхоз айылында катар-катар көчө түшүп, түз жолдор салы-
нып, жаш бөбөктөр менен өспүрүмдөр мектепке катталып,

машиналар көчө аралап, ага эл сонуркап, эмгек кызуу кайнап турган доор шарданын Нуркамалдын ар бир ырынан көрүп, сезүүгө, туюуга болот. Совет доорунун жыргалчылыгын жанын сабап ырдай берип, акын жадагалса ааламдагы Ай менен Күндү, теребелдеги бак-дарактарды, ошол эле кыргыздын тоолорун, сан миң түрлүү гүлдөрдү, ажайып таңды, күн менен түндү дагы унутуп койгон сыяктуу. Бүткүл жан дүйнөсүндө ошол ырыстуу заманды берген Ленин менен партияга эбилип-төгүлгөнү, албетте, ал учурда калем кармаган бардык эле калем ээлеринин дүйнөсүнө таандык болгон. Нуркамал акындын чындап эле үнү алыска угулуп, өз мекенинен канат кагып учуп чыгып, алыскы Москванын кең көчөлөрүндө эргип, керемет шаарда билим алуусунун жыйынтыгы деп баса айтсак болот.

***

Чыгармалары басма сөздө жарыялана баштаган 1937-жылдары өлкөдө сталиндик репрессиянын арааны жүрүп, кыргыз акын-жазуучуларынын ичиндеги болгон көйгөйлүү ой чабыттар, санаалуу илептер биз сөз кылып жаткан акындын поэзиясында сезилбейт. Акындын ички жан дүйнөсүндө эч кандай карама-каршылык жок.Акындын ырларын карап олтуруп, адатта чыгармачылыкта болуучу тасир маселесин оңой аңдоого болот. Бул – мазмуну жаңы доорду чагылткан, бирок таризи (формасы) элдик ырлардын тулкусуна негизделген, жеңил, сезимге жугаарлык, фольклордон алган таасир. Таасир болбогон күндө дагы, тымызын ой-кыялды бийлеген, жан-дүйнөдө үзгүлтүксүз орун алган салттуулук. Нуркамал акын эжебиздин оюна ал учурда «бул ырымды дагы кандайча жазсам» – деп, форма издөө түйшүгү келбейт эле, анткени анын бүт аң-сезиминде кандай болбосун доордун ырын ырдап калуу максаты гана орун алган. Албетте, бул мыйзам ченемдүүлүк. Чыгармачылыктын байып, кеңейиши үчүн, албетте, белгилүү бир шарттар зарыл. Бул жагынан акындын Москвадагы Луначарский атындагы институтка тапшырып, артисттик өнөргө ээ болуп, чоң шаардын маданиятын алышы эң жөнөкөй алганда, чыгармачылыгындагы тематикалык өзгөрүүлөргө өбөлгө түзгөн. «Москвама», «Ленин шаарын көргөндө», «Гүлдөй бер» сыяктуу ырлары буга мисал.





Акындын Москвадагы театр окуу жайын бүткөн учуру 1941-жылга туш келет. Бул учурда Ата-Журттун башына оор мүшкүл түшүп, элдин азамат уулдарынын майданга аттанышы, кылым башындагы теңдик заман Нуркамалга кандай тасир этсе, Ата Мекендик согуш андан да күчтүү таасир калтырды. Көзүн ачкандан элинин тагдырын ырдап көнгөн акын, эл башына түшкөн мүшкүлдү жүрөгү менен терең кабылдаса, экинчи жагынан, майданга узаган өмүрлүк жары менен иниси Ырысбектин набыт болушу акын жүрөгүнө өтө катуу тийген. Катуу тийгендиги ушундан көрүнөт, атайын чоң калаадан окуп келген өнөрү менен Кыргыз драмтеатрында эмгектенсе дагы, өзүнчө образ түзүп, актриса катары көрүнө алган жок. Анткени, анын акындыгы жеңип кетти. Эл башына түшкөн оор кырдаал учурунда элдин демине дем кошо турган илептүү ырларды жазууну ал актрисалык милдетинен дагы жогору койду. Бул парзын эң жогорку бийиктикте аткара алды.

***

Акын Салтанат Орозобекова бир кезде “Кыргыз туусу” гезитине мындайча жазып калтырган экен : «Нуркамалдын ырларын окуп жатып бүтүндөй доордун летописин барактап олтургандай туясың. Көкүрөгүндө оту бар, жалыны бар акын гана доордун үнүн уга билет. Нуркамал ошол бийиктикте ги акын. Бирок, таберик болуп калган ыр дүйнөсүнөн бөлөк дагы көрүнбөгөн, өксүк дүйнөсү өзү менен кошо кеткендей туюлат. Нуркамалдын керт башындагы оор трагедиясынан улам ушул ойго келем… Адатта акын кайгыны, жалгыздыкты өз поэзиясынын кудурети менен жеңет эмеспи. Чоң тагдыр чоң поэзияны жараткандай, Нуркамалдын өмүр тагдырын коштогон ал ырлар кайда деген суроо саласың… Неси

болсо да Нуркамалдын бул табышмагы, өксүк ыры өзү менен кошо кеткендей. Акындык, аялдык жүрөгү канчалык назик болгону менен, анын ар-намыска бек, кайраттуу жан экенин ырларынан туясың. Аз, саз жазылган өмүр жөнүндөгү ырларынан ушул кайратты туясың». Ырасында эле, акын эжебиз жеке кайгысынан элдин мүдөө-тилегин жогору коюп, өзүн курмандыкка чалып, бүркүттөй ташка чабылып, заман салып кеткендей туюлат. Эл алдындагы озуйпа милдетин ак өтөгөн Нуркамал акын өзүнүн энелик бактысын жалпы совет бөбөктөрүнөн көрүп, ыр арнап, алардын келечегине, элдин тагдырына көбүрөөк тынчсызданган.



## БАЛАЛЫК

Көңүл камгак, мен эселек кезимде,
Көк шибердүү жемиш-дарак ичинде.
Гүлкайырдан идиш жасап, той берип,
Куурчак ойноп жүргөн күнүм эсимде.

Ошондогу дал өзүмдөй балапан,
Балдар ээрчийт эми артыма карасам.
Ошол оюн, ошол кыял, ошол жаш,
Оолак алыс калыптырсың капкачан.
Айлар, күндөр арбын-арбын саналып,
Алыстадың келбес болуп балалык.
Алтын өмүр кайра көрөр болсочу,
Балалыкты кайра баштан жаралып.





## САГЫНАМ

Сагынамын, сагынамын, сагынам,
Сагынарым сапар кеттиң жаныман.
Сагынганда, сагынганга баш кошуу –
Сагынгандын таалайдагы багынан.

Багынан да, багыңан да, багыман,
Балапан деп сүйгөнүңдү сагынам.
Каракчылар каршы келди, болбосо,
Карыш алыс калат белем жаныңан.

Жүрөк жалын, каным ысык, денем чок,
Алган жарым бардыгына тең орток.
Ойноп күлүп көрүшөрбүз дечү элем,
Тилек келип, эсен болсок, соо болсок.

Эстейм, эстейм, эчен шаттык күндөрдү,
Бирге өткөргөн айлуу жарык түндөрдү.
Элестетем, эч убакта унутпайм,
Эркелетип эрип жүрөк сүйгөндү.

Эчен басып салкын желге таңдагы,
Эркелеттиң, эркелеттим мен дагы,
Элиң үчүн курман болдуң эрлерче,
Эсимдесиң жүрөгүмдүн ардагы.

## ПОРТРЕТ

Секунд кагат, жүрөгүм да ошондой,
Желдей сызып алда кайда күлүк ой.
Мен олтурам, маңдайымда портрет,
Мени карайт үнсүз, сөзсүз козголбой.

Айнек турат бет алдында каланып,
Айтар сөзүн менден аяп тоскондой.

Ашыккансып алга умтулган денеси,
Алыс жерден мага колун созгондой.

Калтаарыбас кайраты бар жүрөктө,
Ар намыстуу, убадалуу мүнөздө
Көзү өткүр, өмүрү жаш, ою көп,
Качан, кайда түшкөн ушул сүрөткө?..

Төшүнө орден, жакасында үч кубик,
Күндөрдөнбү, жүргөндөгү күрөштө.
Мүмкүн мени эсине алып тургандыр,
Мына ушул көрүнүштүү мүнөттө...

## ЭСИМДЕ

Жашыл шибер, алма, өрүктүн ичинде,
Гүл өмүрдүн жаш балапан кезинде.
Далай-далай куурчагымды сындырган,
Сенин тентек кыялдарың эсимде.

Он жетинин, он сегиздин ичинде,
Институтта окуп жүргөн кезимде.
Селким секет, сени жалгыз күтөм деп,
Сен кат жазып мен алганым эсимде.

Жыйырма экинчи июнь күнү кечинде,
Эмгек эли эркин жаткан кезинде.
Канкор душман капысынан кол салып,
Калк чайпалып, жер күйгөнү эсимде.

Желдей учкан автобустун ичинде,
Сен кол булгап жөнөп кеткен кезиңде.
Жеңиш менен жериңе тез келгин деп,
Кошо басып калган күнүм эсимде.





Сен фронтто душман менен кармашып,
Садагасы, барсыңбы деп кат жазып.
Төрт жыл удаа жүргөн күндөр эсимде,
Санаганда сагынышкан өң азып.

Жеңиш бизде, жароокерим, сүйүн деп,
Сүйгөнүңдү тосуп чыккын бүгүн деп.
Тең шаттыкка баткан күнүм эсимде,
Сен өзүмдү пейли туура гүлүм деп.

Мына бүгүн жыргалдарга бөлөнүп,
Өзүбүздүн жемиш бакча көгөрүп.
Сулуу турмуш кемесинде барабыз,
Айкалышып айрылбаска түбөлүк.

Мына бүгүн экөөбүз тең кызматта,
Тилесе жаш жетпей койбойт максатка
Бирок, курбум, бүйрө болгун бул жерде,
Кызмат – кызмат, үйдө турмуш бир башка.

## СЕН ЭСИМДЕ ТУРГАНДА

Сен эсимде турганда,
Иш менен күн батырсам
Чарчаганым билинбейт.
Сен эсимде турганда,

Уктабай таңды аттырсам
Үргүлөп көзүм илинбейт.
Сен эсимде турганда,
Зор тилектин күчүнөн

Бүркөлбөйт асты кабагым.
Сен эсимде турганда,
От жүректүн өзүнөн
Ыр менен толот барагым.

# Бүбүсара - улуттук бийдин баштоочусу



**«Мен артист болуп калганым үчүн бактылуумун жана элиме өзүмдүн кичине эмгегим менен пайда алып келишим мага чоң кубаныч тартуулайт». Бүбүсара БЕЙШЕНАЛИЕВА.**

Залкар бийчи Бүбүсара Бейшеналиева 1926-жылдын 17-майында Аламүдүндүн Таштөбө айылында туулган. 1936-41-жылдары Ленинград хореографиялык окуу жайында окуган. 1948-49 жылдары ошол эле окуу жайдан өнөрдү өркүндөтүүчү классында белгилүү педагог А.В.Вагановадан таалим алган. Бүбүсара 1941-жылдан Кыргыз Улуттук А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында өмүрү өткөнчө 1973-жылдын 10-майына чейин иштейт. Тубаса шыкка бай бийчи композиторлор В.Фере менен В.Власовдун “Селкинчек”, “Анар”, “Асел”, К.Молдобасанов менен Г.Окуневдин “Куйручук” аттуу улуттук балеттеринин башкы каармандары Зайнуранын, Анардын, Айдайдын, Зейнептин, Аселдин партияларын аткарат.



Дүйнөлүк жана орус классикасынын П.Гертелдин “Курулай сактыктыгында” Лизанын, П.Чайковскийдин “Ак куу көлүндө” Одеттанын, Р.Глиердин “Кызгалдагында” Тао Хоанын, И.Штраустун “Чоң вальсында” Фанниндин,







Ф.Шопендин “Шопенианасында” Сильфиданын ж.б. ондогон партияларды угуучу-көрүүчүлөрдүн жан дүйнөлөрүндө түбөлүккө жашагандай чеберчиликте аткарган.

Кайталангыс таланты бар залкар бийчи СССР, Кыргыз ССР Жогорку Советине үч жолу депутат болуп шайланат. Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаттыгына татыктуу болот. Эмгек Кызыл Туу, “Ардак белгиси” ордендери, медалдар менен сыйланат. Көрүүчүлөр тарабынан эл кызы, биздин Бүбүсара, “Кыргыз бийинин туусу” деген атак-даңкка конгон айтылуу бийчи 1941-жылы Ленинграддагы хореографиялык окуу жайын бүтөөрү менен 1973-жылдын 10-майына чейин Кыргыз Улуттук А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында иштейт. Бул жылдардын аралыгында Бүбүсара коомчулукка өзүн улуттук бийдин баштоочусу, негиз салуучусу, жылдызы катары көрсөттү.

Ал ар бир каармандын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, Кудайым берген тубаса жаркын шыгынын кудурети менен көрүүчүлөрдүн жүрөгүндө жашай тургандай чеберчиликте жаадырай жайнай төгүлүп чачылып бийлечү. Бүбүсаранын келишкен турпатынан, кол, бут, өң кыймылдарынан, ымдоо, жаңдоолорунан бийлөөнүн кереметтүү ажары ачылып, чыныгы майрамга айланчу.

Бүбүсарада ар бир көрүүчүнү сыйкырчыдай шак өзүнө тартып алган кереметтүү жылдыздуулук менен аялзатында өтө сейрек кезигүүчү асыл сапаттар да мол эле. Ал үйдүн куту аталган таанымал композитор Акмат Аманбаевдин сүйүктүү жары болгон. Аны менен 1946-жылы Эрмек аттуу уулдуу болгон соң ортодогу түшүнбөстүктөрдөн улам ажырашып кетишет. Андан кийин тагдырдын тайкүлүк ташы чыгармачылыктан алыс адамдын жубайы болууга алып келет. Бирок, бул адам менен да өз кесибин, чыгармачылыкты өтө сүйгөндүктөн, аны менен да жашоосу узакка созулган эмес. Ошентип, бүт өмүрүн кыргыз искусствосуна арнап, кыргыздын таланттуу жаштарына жол көрсөткөн балерина улуу небересин көрүп, асылган оорунун азабынан 1973-жылы 47 жашында дүйнөдөн кайткан.

***

Бүбүсара эбиреп-жебиреп көп сүйлөбөгөн, бирөөлөрдү жамандап суу куйбаган, бой көтөрүп мактанбаган, ушак айтпаган, улууларды урматтап, кичүүлөрдү сыйлаган кичипейил акылы тунук, өтө адамкерчиликтүү мыкты айым болгон. Бүбүсараны үйүндө, көчөдө, театрда, сахнада кабагына кар жаадырбай жаадырап жайнап жүрүүчү. Бир сөз менен айтканда Бүбүсара бул жарык дүйнөгө бир келип, бир кеткен төрт тарабы төп келген кайталангыс асылзат.

Бүбүсара Бейшеналиева менен Кыргыз Улуттук А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрынын сахнасында 18 жыл бирге бийлеген Уран Сарбагышов мындайча эскергенин жакында бир кездеги "Кыргызстан Мадания-





ты" гезитинен окудум:
- Бүбүсара Бейшеналиева кыргыз элинин, бийинин жыл-
дызы. Ал Ленинграддагы хореографиялык окуу жайын
бүткөн. Бүбүсараны сөз менен сыпатап айткандан көз менен
көрүш керек. Эмне үчүн дегенде маркумдун турган турпатын,
сулуулугун, бийчилигин, адамдык сыпатын айтып отурса сөз
жетпейт. Сахнада эмес, үйдөн, көчөдөн көргөндө жалпы кел-
бети жалкоодой көрүнчү. Ал басканда жай, салмактуу басчу.
Ошондуктан билбегендер бийчи деп да ойлошчу эмес. Ал эми
Бүбүсара сахнага чыкканда али заматта көрүүчүлөрдү өзүнө
магниттей шак тартып алуучу. Ошону менен көрүүчүлөр
Бүбүсаранын бийлеген бийлеринен көздөрүн алышпай, дем-
дерин ичтерине алып, дымырап отуруп көрүшчү. Бүбүсара
жоош болчу. Дастаркону кенен, берекелүү эле. Мени кез-
кезде конокко чакырып калчу. Ошондо менден: - эртең сен
мени көтөрөсүң күлчөтай, лагман, күрүч жейсиңби, деп сурап
калчу. Айткан тамагымды ушунчалык ширелүү кылып жасап
берчү. Кээде мен жаштык кылып бейбаштанып машыгууга
келбей, же кечигип калсам аябай урушуп, таарынчу. Анан
кийинки күнү менден өчүн алыш үчүн лагманга тоюп келип –
эми, мени көтөрүп бийлеп көрчү – дечү. Мени ини катары аб-
дан жакшы көрчү. Мага насаатчы да болду. Көп жардам бер-
ди. - Абдан көп роль аткардык. Алардын айрымдарын атап
кетсем "Анар", "Чолпон", "Корсар", "Ромео менен Жульета",
"Лаурансия", "Ак куу көлү" ж.б. Бүбүсаранын эң акыркы бий-
леген балети "Асел" болду. Аны сахнага мен койдум. Башкы
роль Аселди ойногон үчүн Бүбүсара Токтогул атындагы сый-
лыкка татыктуу болду. Көп жолу өкмөттүк, майрамдык чоң
концерттерде бийледик. Менин оюмча, азырынча кыргыздан
Бүбүсарадай бийчи чыкпайт. Ал кыргыз элинин бактысына
бир келип, бир кеткен улуу бийчи деп эсептейм. Мен билген-
ден, сезгенден Бүбүсара "Чолпондон" Айдайдын, "Аселден"
Аселдин, "Анардан" Анардын, "Раймондодон" Раймондонун
ролдорун ушунчалык бүтүндөй жан дүйнөсү менен берилип
бийлөөчү. Ал көрүүчүлөргө ырахат тартуулоо менен өзү да



ырахат алуучу.

Улуу таланттын өзү арабызда жок болсо да анын жаркын элеси кыргыз элинин жүрөгүндө сакталат. Анын ысымы Искусство институтуна, улуттук валютага жана Бишкек шаарындагы көчөлөрдүн бирине ыйгарылган. Андан сырткары, балеринанын айкели Кыргыз Опера жана балет театрынын алдына орнотулган.

Бүбүсара чет элдик балет-спектаклдеринде Раймонда, Жульетта, Лауренсия, Одетта, Эсмеральда, Китри, Авроралардын ролдорун аткарган. Ал эми кыргыздын "Анар" балетинде Анардын, "Ала Тоодогу жазда" Сайранын, "Куйручукта" Зейнептин, "Аселде" Аселдин, "Чолпондо" Чолпон менен Айдайдын образдарын жараткан.



Атактуу балерина 1954-жылы Кыргыз ССРинин Эл артисти, 1970-жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси болгон. Андан сырткары, Эмгек Кызыл Туу ордени, "Ардак белгиси" медалы менен сыйланган.





# Кыргыз аялдарын алдыга сүрөгөн инсан



Рахат Ачылова философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери. Ал учурунда көп жылдар бою Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер институтунун ректору (азыркы Арабаев атындагы университет) болуп иштеген. 15тен ашык илимий эмгектердин, анын ичинде 3 монографиянын автору. Илимий эмгектери негизинен үй-бүлөнүн байыркы доордон азыркы күнгө чейинки өсүп-өнүгүүсүн, абалын, Кыргызстандагы аялдардын коомдогу ролун, маданиятын изилдөөгө багытталган.

Рахат Ачылова Жогорку Кеңештин 1995-2000-жылкы чакырылышынын депутаты болгон, "Ардак белгиси" ордени жана медалдар менен сыйланган жана философия илимдеринин доктору (1988), профессор (1989). Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери болгон.

Рахат Ачылова - 1963-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Ленинград Мамлекеттик университетинин аспирантурасын аяктагандан кийин (1966-жылдан) КМУда Социологиялык лабораториялык кафедрасынын башчысы. Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер институтунун ректору, Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университетинин профессору, Кыргызстан айыл чарба институтунун кафедра баш-





чысы болуп иштеп Кыргызстандын билим берүү тармагынын өсүшүнө зор эмгек жумшаган. 15тен ашык илимий эмгектердин, анын ичинде 3 монографиянын автору."Ардак Белгиси" ордени жана медалдар менен сыйланган.

**Р**ахат Ачылова - кыргыз аялдарын алдыга сүрөгөн, демократиялык баалуулуктарды жайылтууга жан үрөгөн аял ишмер катары белгилүү. Ал коммунисттик идеология күчүндө турган 80-жылдары алгачкы эл аралык конференция өткөрүп, аялдардын маселесин көтөрүп чыккан. *Ошол форумда айрым айымдарыбыз Коммунисттик партияга кызмат кылыш үчүн "биздин коомдо азыр аялдардын проблемасы жок" деп чыгышкан. Бирок азыр алар өздөрү аялдар проблемаларын көтөрүп жүрүшөт. Ал эми эже менен биргеликте беш-алты көрүнүктүү окумуштуу өз маалында биринчи жолу ЮНЕСКОнун жардамы менен "Ислам жана аялдар" деген темада форум өткөрүлгөн. Ага чейин деле аялдар темасына арналган майда-барат форумдар өтүп турчу. Бирок анчалык болгон эмес. Ошондо эже кыргыз, орус, англис тилдеринде сабаттуу сүйлөп, ал форум аркылуу аялдардын көптөгөн проблемаларын чечкен.* Рахат Ачылова өз





ишмердүүлүгүн илимий жактан да негиздей алган. Илимий эмгектери негизинен үй-бүлөнүн байыркы доордон азыркы күнгө чейинки өсүп-өнүгүүсүн, абалын, Кыргызстандагы аялдардын коомдогу ролун, маданиятын изилдөөгө арналган. Ал көп жылдар бою Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер институтунун (азыркы Арабаев атындагы университет) ректору болуп иштеген.

***

Философия илимдеринин доктору Рахат Ачылова 1995-2000-жылдары Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынына депутат болгон. Ондон ашык илимий эмгектин, 3 монографиянын автору. Ал 1941-жылы Баткен аймагындагы Көк-Таш айылында туулуп, 2015-жылдын 5-мартында 73 жаш курагында жүрөк оорусунан көз жумган. Артында белгилүү жазуучу жана сценарист **Эркин Борбиев** экөө тапкан бир уул, эки кызы жана неберелери, илимий эмгектери, акыл кеңештери жаштарга нуска болуп калды.

### Коомдук саясий ишмер Топчубек Тургуналиев:

## Эркек мүнөз айым

Көп жылдардан бери Рахат Ачылова менен кошуна жашаган саясий ишмер **Топчубек Тургуналиев төмөнкүлөрдү айтып берди:**

**-** Рахат Ачылова үй-бүлө институтунун бекемдиги тууралуу кагаз жүзүндө гана жазбай, өзү да бекем үй-бүлө күткөн ардактуу асыл жар, асыл эне, асыл айым болгон. *Рахат күйөөсү ооруп жүргөнүн элге билдирген жок. Эркин чынында акыркы жылдары кыйын абалда калган. Бирок Рахат кабагым-кашым дебей, күйөөсүн куштай кылып карады. Элге кошту. Бул башкаларга мисал болсун үчүн айтып жатам. Ал эми мүнөзү жагынан айта турган болсок ал жаркылдап, болгонун болгондой бетке айтып койгон ак жарык эле. «Манас» эпосунда айтылгандай эркектей мүнөзү бар болчу.*

## Кызы Бейшеналы Назик:
# Энебиз бизди руханий жакка, атабыз интеллектуалдык жакка тарбиялаган



Рахат эже тууралуу кызы Бейшеналы Назик биз менен болгон маегинде төмөнкүлөрдү айтып берди:

- Энем (бизди баткенчесинен эне деп айттырчу эле) 5-март күнү эртең менен жумушка кетердин алдында байкеме «Кудайга миң-мертебе ырахмат, балдарыма, жашоого ыраазымын» деп айтып, үйдөн чыгып кетиптир. Мындай сөздөрдү көп эле айтчу, ошондуктан байкем өзгөчө деле маани бербептир. Жумушта синдиси менен телефон аркылуу сүйлөшүп жатканда байланыш үзүлүп калыптыр… «Чуркап жүрүп мүдүрүлүп кете берсем» деп айта берчү. Аттиң, ошол сөзгө «90дон кийин» деп кошуп айтпайт беле… Атабыз кеткенден кийин артынан энебиз кетип, күн күркүрөп, чагылган түшкөндөй эле шок абалында турганыбызда, жакындарыбызга жана ошондой эле президент жана анын командасынын адамгерчилигине ыраазыбыз. Тез арада өкмөттүк топ түзүп, энебиздин эмгегин урматтап, кайрылбас жолго биз менен чогуу узатышты. Энебиз өмүр бою мугалимдик ишин үзгөн жок, 1966-жылдан баштап Улуттук университетте со-





циология лабораториясынын жетекчиси, кафедра башчысы болуп иштеп баштаган. Асанбек Табалдиев жана башка агай-эжейлери менен социология кафедрасынын ишин түптөгөнүн айтып берчү. Депутат кезинде дагы университеттен кеткен эмес. Ата-Түрк Ала-Тоо университетинин профессору болуп, "Ал жерде кабинетим тынч, китепканасы жакшы" деп илимий ишин улантып жүрдү.

Атабыз менен энебиздин жаны бир болчу. Акыркы жыл-
дары атам ооруп калганда, менин парзым деп, бир жакка
кетсе, үйгө кайткыча шашчу. Байке-жеңем ата-энебиз менен
чогуу жашап, жакшы караштьы, ошондо дагы "Жок дегенде
байымдын алдында кобурашып отурайын" деп жанынан кет-
киси келчү эмес. Атам да энеме назик мамиле жасачу. Совет
доорунда эле энемди эркелетип, Франция, Мексика сыяктуу
кооз, көркөм жерлерге эс алууга жөнөтчү. "Атаңар мени куур-
чактай кылып кийинтип алып жүрчү. Өзүм жадакалса кийим
тандаганды дагы билбейм" деп айтып калчу. Менин фран-
цуз жолдошум ата-энемден колумду сурап келгенде, энем
алдыда кездешчү кыйынчылыктарды илимий түрдө талкуу-
лап берген. Билгендей эле 1968-жылы жазган кандидаттык
диссертациясы "Межнациональные браки как социологиче-
ская проблема в СССР" деген аталышта эле. Жером менен
өзүнчө бир келишим түзгөнү эсимде:

- Жером, сен - 60 миллиондук улуу элдин өкүлүсүң. Ме-
нин кызым жана неберелерим менен сенин француз элиң
көбөйбөйт дагы, азайбайт. Бирок, бир-эки чыгаан француз-
дан биздин 5 миллиондон аз калкыбыз кадимкидей утушу
мүмкүн. Сүйлөшөлү, балдарыңды кыргыз кылабыз, мага де-
се, кыргыздын санжырасына моңолдор, кытайлар кошулган-
дан кийин, французадр кошулбай эмне, - деп тамаша-чынга
салып сүйлөшүшкөн. Аны Жером туура кабыл алып, балда-
рыбыздын Кыргызстанда өсүшүнө макул болгон.

Мен ата-энемдин жанында болоюн деп, Кыргызстанга үй-
бүлөм менен кайтып келгенмин. Балдарыбыздын ысымда-
ры кыргызча жана тилдери да кыргызча чыкты. Ата-энеси

ата-энемдин алдына түшүп, биздин үрп-адаттар менен мени алып кетишкен. Энем кан жаңырып, небереси кыргызга үйлөнсүн деген максатта аяштарыбыздын кызы төрөлгөндө, ага алтын сөйкө да салып койгон: "Эми бери жагы дос болуп калышат, ары жагын ким билет?" деп күлүп.

Азыр биздин кыздар чет өлкөлүктөргө көп эле турмушка чыгып жатат, жагабы-жакпайбы, буга тыюу салуу кыйын, ар кимдин турмушу өзүнчө эмеспи. Бирок энемдин акыл-насааты ушундай эле: "Баланы эне адам кылат, кыргыз кыз-келиндери барган жеринде балдарын кыргызча үйрөтүп, кыргыз кылса, ал балдар кийин чет өлкөлөрдө жакшы билим алып, чоңойгондо энесинин жерине жардам берсе сонун да" дечү. "Чет өлкөдө жашаган кыргыз үй-бүлөлөргө, чет жакка турмушка чыккан кыздардын балдарына Кыргызстанда жайкы "Ачылова атындагы мектеп уюштурсам, ата-энелер ишенип, балдарын жайкысын жиберет болушу керек" дечү. Ысык-Көлдө мугалим достору менен кыргыз тилин, тарыхын, Манас таануу, кыргыздын кол өнөрчүлүгүн, тамак жасоону үйрөтүүчү мектеп ачаар эле. Бул кыргызды сактоонун дагы бир амалы деп ишенчү. Баткенде дагы кыздар институтун ачуу ою бар эле. Атам энеме үйдө тамак дагы жасатчу эмес: "Рахаттай илимпоз бийкечке казан-аяк карматып коёюнбу" деп. Ошондо деле энем оромо, калама жасачу. Камыр тамакка караганда күрүч тамакты, өзгөчө ашты, куртаба сыяктуу жөнөкөй тамакты жактырып жасачу. Самаргүл эжем Индияга энемди докторлорго эки сыйра текшертип, ден-соолугу жакшы экен дешкен. Ал Ленинграддагы университетти Чыгыш өлкөлөрдүн тарыхы жана араб тили боюнча кызыл диплом менен бүтүрүп келгенден бери Тышкы иштер министрлигинде атташеден министрдин орун басарлыгына чейин жетип, азыркы учурда Индияда элчи. Байкем Адам көп жылдар бою мамлекеттик кызматта иштеп, азыр жеке ишкер. Жакында эле энемди Меккеге алып барып келген. Мен Франциядан университетти бүтүрүп, докторлук диссертациямды жактап, Кыргызстанга келип Улуттук стратегия иликтөө





институтунун директорунун орун басары жана Президенттин алдындагы мамлекеттик башкаруу академиясынын проректору болуп иштедим. Азыркы учурда БУУ системасында саясий маселелери боюнча кеңешчимин. Энебиздин китептерин бүтүрүп, жарыкка чыгаруу- азыркы учурда менин эң негизги милдетим.

***

Жолон Мамытов, Сүймөнкул Чокморов - атамдын жакын достору эле. Энем дагы достору менен кол үзбөй, мектеп, педучилише, университеттеги курбулары менен чай ичишип турчу. Энем акыркы күндөрү бир укмуш чөйрөдө, кандай адамдардын арасында жашадык деп, «Шаакылмандар чөйрөсүндө» деген эскерүүлөрүн жазып баштаптыр. Айтматов, Чокморов, Океев, Шамшиев, Миңжылкиев жана башкалар тууралуу жазмак экен. Бирок агасы Тургунбай Садыков тууралуу гана жазып бүтүрүптүр. Чыңгыз Айтматовду ата-энебиз гениалдуу жазуучу гана эмес, улуу инсан катары да терең сыйлашчу. Энем акыркы жолу Айтматов менен Брюсселдеги элчиликтен жолугушкан, ал киши улам атамды эле сурай бергени эсимде. Чет өлкөдөгү белгилүү адамдар менен дагы катышып турушчу: илгери Кайсын Кулиев, Людмила Гурченко, Акиро Куросава үйгө келип чай ичишсе, энем Мухаммед Юнус менен иштешти, чет өлкөлүк окумуштуулар менен катышып турчу, Астананын акими Тасмагамбетовдун диссертациясына оппонент болгон жана ушул сыяктуу көп адамдар менен жылуу мамилелери болгон. **Баткен энемдин жүрөгүнүн толтосунда эле**. Бир чет өлкөлүк окумуштуу келип, үйдө чай ичип атканда «Көп китепканаларды көрдүм, бирок ата-энеңдин китепканасы жалаң окулган китептерден түзүлүптүр, ар бир барак ачылып окулганы билинип турат» деп айткан. Энебиз бизди руханий жактан тарбиялаcа, атабыз интеллектуалдык жакка көбүрөөк көңүл бурчу. Атам үчүн китептер эң маанилүү эле, мисалы үчүн, эжем турмушка чыгып жатканда дүкөндөн 10 куту китеп сатып келип "Бул Самаргүлгө менден сеп" деген. Кыргыздар

"түндүк-түштүк эмес, улуу-кичүү эмес, бай-кедей эмес, китеп окуган жана окубаган адам деп экиге бөлүнөт" деп тамашалап айтчу. Энем түштүктөн, атабыз түндүктөн болгону менен, үйүбүздө атам "түштүк-түндүк" деген сөздөргө тыюу салчу. "Кыргызстандай керемет эл жок, жер жок" деп, өлкөбүздү Таластан Чаекке чейин, Баткенден Өзгөнгө чейин кыдыртчу. Чоң энебиз менен таенебиз гана тамаша түрүндө талашып, эки жактын түшүнүк-салттарын бизге сиңиришкен. Баткен - энемдин жүрөгү эле, Баткенге жаны ооручу, бирок ошондо дагы эч качан түндүк-түштүк деп бөлчү эмес. Энемдин тереңдигин, энемди таанып билген ар бир адам өзүнүн тереңдигине ылайыктуу баалап-бархташат болушу керек.

# Кино - менин жашоом



Динара Асанова «Кино – менин жашоом…»- деп өзү айткандай анын жашоосу киного айланды. тарткан кинолору элге руханий азык берип экинчи өмүр болуп жашап жатат. Ал кыска өмүрүн киного арнады. Анын деминен, болгон дараметинен, жүрөгүнүн кагышынан, канынын айлануусунан жаралган кинолору өзүнө тургузган эстелик болуп кала берди.

Динара Асанова 1942-жылы 24-октябрда(Фрунзе) Бишкек шаарында туулган. Орто мектепти бүтөөрү менен







1960-1962-жылдары «Кыргызфильм» эмгек жолун баштаган. Динара Асанованын чыгармачылык чыйыры "Кыргызфильм" киностудиясында режиссёрдун ассистенти болу менен башталган. Москвадан атайын мамлекеттик комиссия келип, кыргыздын таланттуу жаштарын тандап алышат. Динаранын ошол кездеги жаш жазуучу Чыңгыз Айтматовдун "Жамила" повести боюнча жазган режиссердук иштери комиссияга жагып, Москвадагы Бүткүл союздук кинематография институтуна (ВГИК) окууга кабыл алынат. 1968-жылы окууну аяктап жатканда дипломдук иши катары "Рудолфио" деген кыска метраждуу тасма тартат. Бул кинодо башкы каарман бойго жеткен кыз өзүнөн бир канча жаш улуу адамды жактырып калган аруу сезимдери, Рудольфтун ал кызга кичинекей эселек катары мамиле кылганы, экөөнүн ортосундагы муундар ортосундагы карама-каршылык чагылдырылат. **Жылдызы "Ленфильмде" жанган.** Айрым кыргыз киночуларынын айтымында, Динара Асанова окууну бүткөн 1968-жылы Бишкекке бир нече жаш режиссерлор, операторлор да окууну бүтүп келишип, кино тартууда көйгөйлөр пайда болот. Анткени ал мезгилде "Кыргызфильм" студиясында жылына эки көркөм фильм, беш документалдуу-хроникалык тасма тартылуучу экен. Ошого байланыштуу Динара бул жактан кино тартууга ага кезек кеч келерин түшүнүп, "Ленфильм" киностудиясына ишке орношот. Ал жерде 1975-жылы "Доңкулдактын башы оорубайт" (Не болит голова у дятла) деген толук метраждуу кино жаратып, анысы Румынияда өткөн фестивалда эл аралык сыйлыкка татыктуу болот.



Динара тууралуу анын замандашы Манас Мусаев буларга токтолду.

- *Мен Москвага иш сапары менен барып калдым. Ошондо Динарага жолуксам ал Румыниядагы кинофестивалдан жаңы эле келиптир. Жолугушуумда ал мага:"Румыниядан узатып жатканда купенин ичи толтура гүл болуп калды. Мындайды өмүрүмдө биринчи көрүшүм" деп зор кубануу менен айтты. Анын кинолору нукура турмуштан алынган окуяларды камтып, карапайым элдин, коргоосуз балдардын тагдырын чагылдырган.*

«Тянь-Шандык кыз», «Ар кимдин өз жолу бар» фильмдеринде тартылган. Москвадагы Бүткүл Союздук театралдык институттан Кыргызстанга келген атайын комиссиянын жактыруусу менен ВГИКке кабыл алынган. ВГИКтин режиссердук факультетин бүтүргөн. Дипломдук иши болгон В.Распутиндин чыгармасына жазылган "Рудольфио" көркөм тасмасы эң жакшы деген баага татыган. Бирок чыгармачылыктагы чыныгы мыкты эмгек катары саналган "Тоңкулдактын башы оорубайт" көркөм тасмасы менен тушоосун кескен.





***

1968-жылы ВГИКти бүткөндөн кийин Динара Асанова туулган жерге кайтып келет. Бирок бул жерден чыгармачылык изденүүгө шарт түзө албай, кайрадан Ленинградга сапар тартып "Ленфильм" киностудиясына ишке орношот. Ленинградга кетпесе Динара Асанованын таланты мынчалык ачылмак эмес. "Тоңкулдактын башы оорубайт", "Балдар", "Ажарлуу, кымбаттуу, сүйкүмдүү, жалгыз..." аттуу фильмдери советтик кинонун алтын фондусуна кирген. Динара Асанова – Ольга Машная, Елена Цыплакова, Марина Левтова, Елена Проклова өңдүү актрисалардын багын ачкан. *Ал дайыма чындыкты көргөзүүгө аракет кылчу. Өзү дагы аябай чынчыл, ак жүрөк андан тышкары адамдын жан дүйнөсүн кылдат изилдеген, изденүү жолунда жүргөн чыныгы патриот инсан болгон. Бирок ал кезде система такыр башкача эле. Жогору жакка жакпай, кээ бир сюжеттерин алдырып салган күндөр болгон. Ошого карабай тырышып иштеп жүрдү. Ким болсун анын ордунда чыдамак эмес. Азыр анын тасмасына түшкөндөрдүн көбү белгилүү актерлор. Сыртта туруп алып, кыргыздын атын дүйнөгө таанытуу эмне деген эрдик? Динара ошондой эрдикти жасады. Кыргыз кызынын бийиктигин далилдеп кетти.*





***

Динара Асанова өмүрүнүн акыркы жылдарында "Баарыңарды жакшы көрөм" деген китеп жазган. Анда "Кино - менин жашоом. Бул зор искусство жашоо-турмушумдун бардык тарабын ары сезимтаал, ары эмоционалдуу таасирлерге бөлөп, мени ыйлатып да, кайгыртып да, кубантып да келет", - деп бекеринен жазып калтырбаса керек. Динара замандын өйдө-төмөнүн жүрөгү менен сезип адамдардын, алардын ичинен жаштардын тагдырына күйүп-бышкан тубаса кинематографист болгон. Ал адамзатынын көкүрөк сокурлугуна каршы туруп улууларды, ата салтын, балдарды сыйлабаган муз жүрөктөрдү жектеген. Ал күндөлүгүнүн биринде: «Менимче ким болуу маанилүү эмес, ишти кандай аткаруу маанилүү. Адам болуу демек, эч качан жүрөк жалынын муздатпоо», – деп жазыптыр.

***

Динара Асанова - РСФСРдин искусствосуна эмгек





сиңирген ишмер, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын жана Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болгон. Бул ысымды биздин кыргыз эли гана эмес, дүйнөдөгү миллиондогон кино сүйүүчүлөр эскеришет. Анткени ал тагдыр тартуулаган аз өмүрүндө таланттуу режиссер катары башкалардан айырмаланган ажайып мүнөздөрдүн, образдардын ачылышын жаратты. Өзүнүн каармандарынын чөйрөсүн, мезгилин, коомдун ички-тышкы байланышын айкалыштырып чагылдырып, ошонусу менен миллиондогон көрүүчүлөрдү адамзаттын улуулугун, кымбаттыгын ойлонууга сыйкырлап, өзүнө тартып турган керемет көркөм тасмаларды руханий байлык катары калтырып кетти.

***

Анын күндөлүгүн барактаганда мындай саптар учурайт: "Мен адамды сүйөм, мен табиятты сүйөм. Бирок, мен эч бир түшүнбөймүн, эмне себептен адам өзүн-өзү кыйнайт жана өзүнүн бул жарык дүйнөгө келген вазийпасын түшүнбөйт. Эмне себептен ал өзүнүн мажүрөөлүгү менен аёо сезимин чакырат? Мен аёо сезимин көргүм келбейт-бул адамды, анын табиятын кемсинтет." Динара Асанова мына ушундай ички дүйнөсү бийик, кадамы чечкиндүү, максаты ачык, таланттуу инсан болгон. Ал эч кимге ыксыз багынгысы келген эмес, ошонусу менен ал өзүнүн кайталангыс талантын, мүнөзүн мажүрөө адамдардан алда канча бийиктигин далилдеген. Кайсы бир себептер менен анын жылдызы "Кыргызфильмден" эмес,



Ленинграддан ачылган. Ал “Ленфильмде” “Таштанды”, “Жан дүйнөнүн ачкычы”, “Чыр-чатактын балдары” “Кайгы”, “Аялы чанып кетти”, “Сен эмнени тандап алат элең?”, “Асылым, кымбатым, сүйүктүүм, жалгызым…” . Ал болгону он гана көркөм тасма тарткан. Бирок анын даңазасы өз мезгилинде дүйнөлүк деңгээлде угулган. Өзгөчө анын атын чыгарган “Боз балдар” көркөм тасмасы үчүн СССР мамлекеттик сыйлыгы тапшырылган. Бул тасмада ролдорду жалаң өспүрүм балдардан тандап, залкар артисттерден кем эмес турмуштагыдай ойноткондугу менен ал режиссёрдук кесиптин өтө бийиктигин көрсөтө алган.

***

Динара Асанованын талантын россиялык белгилүү ишмерлер да жогору баалашкан. Искусство чебери В.Приемыхов мындай дейт:” Мындай режиссер, сценарист үчүн бир эле мезгилде иштөө кыйын дагы, жеңил дагы. Динара кесиби боюнча эле эмес, ал жан дүйнөсү менен режиссер. Ошондуктан жеңил жазылган эпизоддор күчтүү чыгып, ал эми ийгиликке жетет деп кыйналыш менен жазган эпизоддор байкалбай калышы мүмкүн. Динара менен иштөө тобокелге барып, ага болгону ишенүү гана керек.” Ал эми оператору Ю.Векслер:”Аны менен иштеш оңой. Фильмдин катышуучуларына толук эркиндик берүү иллюзиясын түзөт дагы ар бирине педагогикалык жол таап, толук ишенимге (балдарга да) ээ. Бул өтө кыйын нерсе”, – деген. Ал Е.Васильева, А.Петренко, Е.Соловей, Федосеева-Шукшина, Е.Цыплакова, М.Левтова сыяктуу белгилүү артисттер менен мыкты иштешкен. Кинорежиссер **С. Шернияз: -** Динара Асанова жеке эле советтик эмес, дүйнөлүк кино тарыхына кирди. *“Безери балдарды” биринчи жолу Орусиядан көргөм.*

*Ушунчалык сыймыктангам. Аны менен питерликтер али күнчө сыймыктанышат “биздин кино” дешип. Бирок канткен күндө да Динара Асанова жараткан тасмалардын ар биринде кыргыздын кулк-мүнөзү жашай берет. Улуу муун*





*менен жаш муун ортосундагы келишпестикти берип жатса да, акыр-аягында улуу муунга болгон сый жеңип атат.*

Кинорежиссёр Г. Базаровдун өткөндү мындайча эскерет: “Динаранын биздин “Кыргызфильмге” келип иштей турган тилеги бар эле. Акыркы мезгилде ошентип жүргөн. Биз Динара экөөбүз көп сырдашчубуз. Анткени бала чактан биргe өскөнбүз. Шаардан барып Чаекте бир класста окуп, бирге бүттүк. “Кыргызфильм” студиясында режиссердун ассистенти болуп иштеп жүрдү. ВГИКке менден эки жыл кийин тапшырган эле. Ал окууну бүткөндө кайрадан Ленинградга кетээрин айтты. Бул жерде эле калбайсыңбы дедим. Так ошондо Сүймөнкул Чокморов, Төлөмүш Океев болуп турганбыз. Мага кошулуп алар да бизге кошулуп иштөөнү сунушкылышты. Динара өзүнүн шарты ошого туура келип жатканын айтып, болгон жок”.

Журналист Шеримбек Кумаев Динара Асанова жөнүндө мындайча эскерет: - Кыргыздын таланттуу кызы мекенинен сыртта, “Ленфильм” киностудиясында иштеп жүрсө да анын чыгармачылыгын сыйлап, ленинграддык киночулар өз кызындай мамиле жасашкан. *Мен 90-жылдары ЛГУда окуп жүргөндө дипломдук ишимди Динара Асанованын кино чыгармачылыгы тууралуу жаздым. Ошондо “Ленфильмге” барып, аны менен үзөңгүлөш чогуу иштешкен, бирге жүргөн адамдары менен жолугуштум. Алардын баары Динаранын эмгекичилдигин, адамгерчилигин баалашып, өзгөчө адам катары баа беришти. “Ленфильмде” аны абдан сыйлашып, жылына эскерип турушарын айтышкан.*

Шеримбек Кумаев Динара Асанованын жолдошу Николай менен жолугушканы барганда үйүндө Динара тарткан сүрөттөр илинип турганын белгиледи. Анын айтымында, Динара кинодон бош убактыларында сүрөт тартып, живописterин үйүнө илип же белекке берип, көңүлү көтөрүңкү убакта ырдаганды абдан жакшы көрчү экен.

***

Динара Асанованын Кыргызстанга барып, Чыңгыз Айтматовдун бир чыгармасын кино кылып тартууну пландаштырып жүргөн, бирок ал максатка жетпей калган. Динара каза болгондон кийин ошол кездеги кинематография биримдигинин жетекчиси Чыңгыз Айтматовдун кийлигишүүсү менен Бишкектин бир көчөсүнө анын ысымын ыйгаруу тууралуу өкмөттүн чечими чыгат. Бирок өткөн кылымдын 90-жылдары бийлик тарабынан ал ишке ашырылбай жатканда, Ленинградда окуп жүргөн Шеримбек Кумаев ошол жактагы жүздөн ашуун кыргыздын колу коюлган катты Фрунзе шаардык кеңешине тапшырып, алардын өтүнүчүнөн улам бул иш чарага көңүл бурулуп, көп өтпөй киностудия жайгашкан Лесная көчөсүнө Динара Асанованын аты берилген.

"Кайгы", "Аялым кетти", "Эч кимге кереги жок", "Ардагым менин жалгызым", деген толук метраждуу тасмаларды тартат. Ал Ленин комсомолунун сыйлыгын алып, Россия федерациясынын эмгек сиңирген ишмери наамына татыктуу болот.

1985-жылы 4-апрелде Динара Асанова "Бейтааныш" кинофильмин Мурманскиде тартып жүргөн учурда күтүүсүздөн каза болуп, сөөгү Бишкектеги Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

Кыргыздын чыгаан режиссер кызы тууралуу 1986-жылы "Жолдош Динара Асанова"( режиссер Ричард Дентон, Би-Би-Си), 1987-жылы "Бардыгыңарды жакшы көрөм" (режиссеру Игорь Алимпиев), 1988-жылы "Динара"( режиссер Виктор Титов), 2003-жылы "Динара Асанова" (режиссерлер Марина Чудина менен Екатерина Харламова, "Ленфильм") документалдуу тасмалар тартылган.

Таланттуу кинорежиссер Динара Асанова өмүрдүн 42 гана күлгүн жашын жашады. Ал кыска өмүрүндө "Ленфильмде" ээ болгон атак-даңкы канчалык айтылса дагы, ал кыргыздын кызы деп таанылганы элибиз үчүн чоң сыймык!





# Мазмуну

Залкарлар-жалпыга таандык ....................................3-бет
Чыңгыз Айтматов – түбөлүк тирүү....................................4-бет
"Кыямат" романы – ааламаттан сактоочу добулбас....................................11-бет
Роза Айтматова: Чыңгыз агам жөнүндө эскерүү жазсам деп жүрөм....................................16-бет
Жолборс ЖОРОБЕКОВ, *Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институтунун профессору, саясий илимдеринин доктору:*
Жүрөктө калган кара так.................................... 24-бет
Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов жөнүндө пикирлер....................................29-бет
Чыңгыз Айтматов жана мен (Новелла).................................... 51-бет
Улуттук кино өнөрүнүн классиги....................................63-бет
Өчпөс чолпон жылдыз.................................... 79-бет
Кыргыз киносу Бакен Кыдыкеева менен башталган....................................88-бет
"Саманчынын жолу" тасмасы жана Бакен Кыдыкеева ....................................96-бет
Сүймөнкул Чокморов залкар талант....................................103-бет
Табийгат тартуулаган өнөр ....................................111-бет
Жомокко айланган өмүр....................................115-бет
Ак Мөөр....................................127-бет
Кыргыз элинин тунгуч опера ырчысы....................................131-бет
Кыргыздын акын кызы ....................................138-бет
Бүбүсара - улуттук бийдин баштоочусу....................................148-бет
Кыргыз аялдарын алдыга сүрөгөн инсан....................................153-бет
Кино - менин жашоом....................................160-бет

Нускасы 500
Редактору Динара СУБАНКУЛОВА

Китептеги сүрөттөр жана айрым маалыматтар жеке архивтерден жана интернет булактарынан алынды

Бишкек шаары
2016 -жыл



Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 1/16.
10,75 физ. басма табак. Нускасы 500. Заказ №75.

«Фаст принт» басмасы,
Үсөнбаев көчөсү, 190,
Тел.: 0312 54-84-86

БДС



Дилдара БУЛАРКИЕВА